**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышкан саясий партиялар үчүн усулдук материалдардын жана ченемдик укуктук актылардын**

# ЖЫЙНАГЫ

Бишкек 2020

## Мазмуну

I. Саясий партиялар үчүн усулдук сунуштар .................................................................... 4

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жумушчу топтору жөнүндө маалымат ........................................................... 22

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын маалыматтык ресурстары.................................................................................... 23

### II. Ченемдик-укуктук актылар:

1. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 26-июнундагы № 110 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына саясий партиялар берген документтердин тизмеги жана формалары ...................................... 32

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 26-июнундагы № 111 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо саясий партиялардын өкүлдөрүнүн статусу жөнүндө” Жобо ......................................................................................... 50

3. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 26-юнундагы № 112 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө” Жобо ........................................................................................................ 58

4. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 26-июнундагы № 118 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобо ................................................................ 76

5. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2015-жылдын 28-июлундагы № 92 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча катталган саясий партиялардын ортосунда чүчүкулак өткөрүүнүн тартиби жөнүндө” нускама.................................................................... 93

6. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 7-июлундагы № 212 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттануууларын) шайлоо комиссиялары карап чыгышынын тартиби жөнүндө” Жобо ..................................................... 94

7. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралында № 36 токтому менен бекитилген “Депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен чыгуунун, шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин кезектүүлүгүнүн өзгөрүшүнүн, депутаттын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушунун жана бош калган мандатты ээлөөнүн тартиби тууралуу” Жобо ................. 101

## Саясий партиялар үчүн усулдук сунуштар

### Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү тартиби

*(«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 60-беренеси)*

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүүгө шайлоону дайындоо жөнүндө расмий чечим жарыяланган күндөн тартып 6 айдан кечиктирбестен белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон жана/же кайра каттоодон өткөн саясий партиялар **укуктуу**. Саясий партияларды мамлекеттик каттоо чөйрөсүндө функцияларды жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы катталган саясий партиялардын тизмесин түзөт жана шайлоону дайындоо жөнүндө чечим күчүнө кирген күндөн тартып 3 календардык күндөн кечиктирбестен ар бир саясий партиянын жетекчисин көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактарына тизменин жарыяланышын камсыздайт жана ушул эле мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына көрсөтүлгөн тизмени жөнөтөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо дайындалгандан кийин **5 календардык күндүн ичинде** шайлоого катышууну каалагандыгын билдирген саясий партиялар Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык саясий партиядан талап кылынган шайлоо документтерине кол тамга коюу укугуна ээ саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ысымын жана маалыматтарын көрсөтүү менен шайлоого катышуу жөнүндө жазуу жүзүндө **кабарлама** жөнөтүүгө тийиш. Саясий партиянын уставынын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү билдирүүгө тиркелип саясий партиянын жетекчиси кол коет жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек.

Саясий партия шайлоо документтеринде колдонулган кыска аталышын жана эмблемасын, алардын уставында камтылгын аталышы жана эмблемасы айырмаланган учурда, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы менен макулдашат. Саясий партиянын аталышын жана эмблемасын Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына тапшыргандан кийин, шайлоо процесси аяктаганга чейин өзгөртүүгө жол берилбейт.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы саясий партиянын шайлоо фондун түзүү максатында аталган кабарламаны жана атайын шайлоо эсебин ачуу үчүн маалымкатты алгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндө тастыкталышын саясий партияга токтоосуз берүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин **тизмелерин көрсөтүү** шайлоо дайындалган күндөн тартып башталат жана шайлоо күнүнө чейин **45 календардык күн** калганда аяктайт **(2020-жылдын 20-августуна чейин)**.

Талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө чечим саясий партиянын съездинде жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат.

Шайлоо өткөрүлгөн күнү 21 жашка жеткен, шайлоо укугуна ээ Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайлана алат.

Сот тарабынан жарамсыз деп таанылган же соттун өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө кириши боюнча эркиндигинен ажыратылган жерлерде кармалган жарандар шайлоо, шайлануу укугуна ээ эмес.

Тизме боюнча саясий партия көрсөткөн талапкерлердин жалпы саны 75тен аз эмес жана 200 талапкерден көп болбошу керек.

Талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия төмөндөгү өкүлчүлүктөрдү эске алууга милдеттүү:

- бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайызынан ашпоосун, мында саясий партиялардан көрсөтүлгөн аял жана эркек талапкерлердин тизмелериндеги кезектүүлүктүн айырмасы үч пайыздан ашпоого тийиш;

- 35 жаштан ашкан талапкерлердин 15 пайызынан кем болбоосун, мында алардын ичинен 5 талапкерден аз эмеси биринчи 65 талапкердин тизмесине киргизилүүгө тийиш;
- ар кандай этноско тиешелүү болгон талапкерлердин 15 пайызынан кем болбоосун, мында алардын ичинен 5 талапкерден аз эмеси биринчи 65 талапкердин тизмесине киргизилүүгө тийиш;
- ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын 2 талапкерден кем болбоосун, мында алардын бири биринчи 50 талапкердин тизмесине киргизилүүгө тийиш.

Саясий партия көрсөткөн жана саясий партиянын жетекчисинин кол тамгасы жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн талапкерлердин тизмеси Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына берилет.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына талапкерлердин тизмеси берилгенден кийин анын курамы жана ага талапкерлерди жайгаштыруунун тартиби талапкерлердин чыгып кетүүсүнөн кийин болгон өзгөртүүлөрдөн тышкары өзгөрүүсү мүмкүн эмес. Мындай болгон учурда чыгып кеткен талапкердин ордун “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 60-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарын эске алуу менен саясий партиянын башка мүчөсү ээлейт.

Талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партия өздөрүнүн шайлоо фонддорунун каражаттарынан Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын атайын фондуна мыйзамдар менен белгиленген эсептик көрсөткүчтүн элүү миң эсе өлчөмүндөгү (5 000 000 сом) шайлоо күрөөсүн коюшат.

### Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фонду

*(«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 41,62-беренелери)*

Саясий партиялар алардын талапкерлери көрсөтүлгөн учурдан тартып жана каттоо үчүн документтер берилгенге чейин шайлоо алдында **үгүт иштерин жүргүзүүнү каржылоо үчүн өздүк шайлоо фонддорун түзүшөт**.

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия шайлоо комиссиясы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 62-беренесинде каралган тартипте, саясий партиянын каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү катталгандан кийин, өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн 5 календардык күндүн ичинде шайлоо фондун түзөт.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына каттоо үчүн зарыл болгон документтерди берүү менен саясий партиялар Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына шайлоо фондунун өлчөмдөрү жана аларды түзүү булактары, ошондой эле каражаттарды чыгымдоо жөнүндө отчетторду беришет.

Шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эске алынуучу үгүттүк-маалыматтык мүнөздөгү материалдардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1. эсептик көрсөткүчтөн 15000 (1500000 сом) эседен ашуусу мүмкүн болбогон, талапкерлердин тизмесине киргизилген, талапкердин өз каражаттарынан;
2. эсептик көрсөткүчтөн 1000000 (100000000 сом ) эседен ашуусу мүмкүн болбогон, саясий партиянын өз каражаттарынан;
3. өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2000 (200000 сом эседен ашуусу мүмкүн болбогон, жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн;
4. өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 30000 (3000000 сом) эседен ашуусу мүмкүн болбогон, юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн.

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен чыгымдарынын чектелген суммасы эсептик көрсөткүчтөн 3000000 (300000000 сом) эседен ашуусу мүмкүн эмес.

Шайлоо фондун түзүү тартибин бузуу жана шайлоо фондунун чыгымдарынын чектелген суммасынан ашырып жиберүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

Талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар катталгандан кийин, шайлоо алдындагы үгүт иштерин каржылоо үчүн ачылган өздөрүнүн шайлоо фонддорунун эсептерин жүргүзүүнү улантат.

Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддоруна акча каражаттарынын келип түшүү булактары жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жума сайын жарыяланат.

Саясий партиялар өз фондун түзүүнүн өлчөмдөрү жана бардык булактары, ошондой эле бардык жумшалган чыгымдар жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясына отчёт берүүгө милдеттүү.

1) биринчи каржылык отчёт – Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоо күрөөсү коюлгандыгын ырастаган документтерди жана каттоо үчүн зарыл болгон башка документтерди берүү менен бир учурда;

2) экинчи каржылык отчёт (биринчи каржылык отчётту эске алуу менен) – добуш берүү күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен;

3) үчүнчү жыйынтыктоочу каржылык отчёт (жыйынды маалыматтар) – добуш берүү күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен.

Каржылык отчётко (биринчи, экинчи, жыйынтыктоочу) саясий партиянын жетекчиси жана каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү кол коёт жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Каржылык отчёттор Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыяланат.

Саясий партия тарабынан шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарын чыгымдоо тартибин бузуу, шайлоо фондунун чыгымдарынын чектүү суммасын ашыруу, каржылык отчётторун бербөө жана жарыялабоо, саясий партиялардын отчётторунда камтылган анык эмес маалыматтарды берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке кириптер кылат.

### Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо

*(«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренеси)*

Саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү **талапкерлердин тизмесин каттоо** үчүн шайлоо күнүнө чейин **40 календардык күндөн** кечиктирбестен жергиликтүү убакыт **18:00гө** чейин **(2020-жылдын 24-августу, саат 18:00го чейин)** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына төмөнкү документтерди берет:

1. саясий партиянын жетекчисинин кол тамгасы жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечимин;
2. талапкерлердин тизмесине кирген ар бир талапкер тарабынан толтурулган, талапкер жөнүндө маалыматтын атайын формаларын, биографиялык жана башка маалыматтарды, паспорттун көчүрмөсүн, иштеген же окуган жеринен справка, башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүнүдө маалымат, соттуулугу, жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жазуу жүзүндө макулдугу, башка мамлекеттин жарандыгынын жоктугу (анын ичинде мурунку жарандыгы, башка жарандыгы) ;
3. шайлоо күрөөсүн киргизгендигин тастыктаган документти.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына берилүүчү документтер саясий партиянын жетекчисинин кол тамгасы жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген талапкер көрсөтүлгөн учурда жана буга байланыштуу өз алдынча арыз жазуу мүмкүнчүлүгү болбогондо “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында каралган башка документтерди толтурууда ал адам бул үчүн башка адамдын жардамынан пайдаланууга укуктуу. Мында, каттоо документтерин толтурууга жардам көрсөткөн адамдын ыйгарым укуктары нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы көрсөтүлгөн документтерди берген адамга аларды алгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндө тастыктама (маалымкат) берүүгө милдеттүү. Тастыктама (маалымкат) документтерди бергенден кийин токтоосуз берилет.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы документтер алынган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү тартибинин ылайык келишин текшерет жана талапкерлердин тизмесин каттоону жүзөгө ашырат же каттоодон баш тарткандыгы жөнүндө жүйөлүү чечим чыгарат. Көрсөтүлгөн текшерүү анын ичинде мыйзам менен бекитилген электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттешүү системасын колдонуу менен жүзөгө ашырылат. Мында, эгерде шайлоо комиссиясы аталган талапкерди же талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган талапкердин документтеринде же талапкерлердин тизмесинде ылайык келбестикти тапса, документтер алынгандан кийин 24 сааттын ичинде шайлоо комиссиясы аталган ылайык келбестиктер жөнүндө саясий партияга кабарлоого милдеттүү. Саясий партия кабарлама алынган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүү жана тиешелүү шайлоо комиссиясына оңдолгон документтерди берүү жөнүндө кабарлоого укуктуу.

Талапкерлердин бир эле тизмесинде бир адамдан ашык адамды каттоодон жол берилбейт.

Депутаттыкка талапкерлердин тизмесин каттоо шайлоо күнүнө чейин **30 календардык күн калганда (2020-жылдын 4-сентябрына чейин)** аяктайт.

Талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттодон баш тарткандыгы жөнүндө чечим кабыл алынган учурда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы ал чечим кабыл алынган учурдан тартып бир сутканын ичинде саясий партиянын өкүлүнө баш тартуунун негизин баяндоо менен шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

**Каттоодон баш тартууга төмөндөгүлөр негиз болушу мүмкүн:**

1. “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн зарыл болгон документтерди бербөө;
2. “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында каралган талапкерлерди көрсөтүүнүн тартибин сактабоо;
3. талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;
4. аталган шайлоодо башка саясий партиянын тизмесине талапкерди каттоо фактысынын болушу;
5. саясий партиянын өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү;
6. талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына тиешелүүлүгү;
7. саясий партиянын шайлоо дайындалган датага чейин 6 айдан кеч мамлекеттик каттоосу.

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында көрсөтүлгөндөй, эгерде саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү документтерди

каттоо үчүн бардык зарыл документтерди бербесе, бирок аларды каттоо мөөнөтү аяктаганга чейин кошумча берсе Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоого милдеттүү.

Талапкерлердин тизмесине киргизилген айрым талапкерлерге карата ушул беренеде каралган каттоодон баш тартуу үчүн негиздердин болушу аларды талапкерлердин тизмесинен чыгаруу үчүн гана негиз болуп кызмат кылышы мүмкүн.

Талапкерлердин тизмесин каттодон баш тарткандыгы жөнүндө чечим жогору турган шайлоо комиссиясына же сотко чечим кабыл алынган учурдан тартып 2 календардык күндүн ичинде даттанылышы мүмкүн.

Талапкерлердин тизмесинде турган талапкер ар кандай мезгилде, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен жеке өзү жазуу жүзүндө арыз берүү же Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына ыйгарым укуктуу адамы аркылуу нотариалдык күбөлөндүрүлгөн арызды берүү менен шайлоого андан ары катышуудан баш тартууга укуктуу. Көрсөтүлгөн арыздын негизинде талапкерлердин тизмесин каттаган Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы талапкерлердин тиешелүү тизмесинен талапкерди чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга милдеттүү.

Саясий партия каалаган убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күндөн кечиктирбестен айрым талапкерлерди катталган тизмеден чыгарууга, бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жазуу жүзүндө тиешелүү арыз берүүгө укуктуу. Көрсөтүлгөн арыздын негизинде талапкерлердин тизмесин каттаган Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы талапкерлердин тиешелүү тизмесинен талапкерди чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алат.

Саясий партия каалаган убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен талапкерлердин тизмесин кайра чакыртып алууга жана шайлоого катышуудан баш тартууга, бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жазуу жүзүндө тиешелүү арыз берүүгө укуктуу. Көрсөтүлгөн арыздын негизинде Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы талапкерлердин тиешелүү тизмесин каттоо жөнүндө чечимди жокко чыгарууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы талапкерлердин тизмеси катталгандан кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен саясий партиялардын аталыштарын, ошондой эле саясий партиялардан талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлердин фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, ээлеген кызмат ордун (ишинин түрүн) көрсөтүү менен талапкерлердин тизмесин каттагандыгы жөнүндө билдирүүнү басылмага жарыялайт.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы каттодон кийин 2 календардык күндүн ичинде катталган күнүдү көрсөтүү менен талапкерлерге талапкердин тиешелүү күбөлүгүн берет.

Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан катталган саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде турган талапкер добуш берүүдөн кийин депутаттык мандаттар бөлүштүрүлгөнгө чейин талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө арыз менен кайрылууга укуктуу. Талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз талапкер тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен форма боюнча толтурулууга, нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө жана талапкердин жеке өзү тарабынан берилүүгө тийиш. Борбордук шайлоо комиссиясы аны талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу тууралуу чечим кабыл алат. Талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө арыз Борбордук шайлоо комиссиясы аны талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу тууралуу чечимди кабыл алганга чейин чакыртып алынышы мүмкүн.

**Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо комиссияларындагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары өкүлдөрү жана байкоочулары**

*(«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 9,17,19,20-беренелери)*

**Саясий партиялар ошондой эле төмөндөгүлөрдү дайындоого укуктуу:**

- шайлоого катышуу, анын ичинде финансы иштерине байланыштуу маселелер боюнча экиден ашпаган ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү;
- тиешелүү аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларына өкүлдөрүн (каттоодон кийин);
- ишенимдүү адамдарын (каттоодон кийин);
- добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө, добуштардын жыйынтыктарын белгилөө жана мыйзамдарда каралган тартипте шайлоонун жыйынтыктарын аныктоо менен шайлоону даярдоодо байкоо жүргүзүү үчүн өз байкоочусун.

**Төмөнкүлөр ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары өкүлдөрү жана байкоочулары боло алышпайт:**

- Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары,
- Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер,
- саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар,
- мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү,
- судьялар,
- укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери,
- чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар.

**Ыйгарым укуктуу өкүл:**

1. тиешелүү шайлоо комиссиясынан документтерди кабыл алынганы жөнүндө кат жүзүндө ырастама (маалымдама) алат;
2. талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын берүүнүн тартибин аныктоодо, шайлоо комиссиялары жүргүзүүчү чүчү кулактарга катышууга укуктуу;
3. ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындаган талапкерге, саясий партияга тиешеси бар маселелер боюнча, шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга укуктуу;
4. талапкердин, саясий партиянын тапшыруусу боюнча ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

Саясий партия бул тууралуу Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө билдирүү менен, ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарын каалаган убакта токтотууга укуктуу.

Талапкер, саясий партия бул тууралуу Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө билдирүү менен, ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарын каалаган убакта токтотууга укуктуу.

Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинин курамында көрсөтүлгөн бардык талапкерлердин талапкердик статусун жоготкон учурдан тартып, бирок шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн кечиктирбестен аяктайт. Каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 календардык күндөн кийин аяктайт.

**Ишенимдүү адамдары**

**Ишенимдүү адамдарды каттоо** талапкердин жазуу жүзүндөгү арызынын же саясий партиянын сунуштамасынын жана жарандын өзүнүн ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө арызынын негизинде **Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.** Борбордук шайлоо комиссиясы ишенимдүү адамга белгиленген үлгүдөгү ырастама берет.

Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар **ишенимдүү адам боло албайт.**

**Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:**

1. талапкердин (талапкерлердин тизмесинин) шайланышына өбөлгө болуучу үгүт жана башка иштерди жүзөгө ашырууга, алардын шайлоо алдындагы программаларын сунуштоого;
2. шайлоо алдындагы чогулуштарда, шайлоочулар менен жолугушууларда чыгып сүйлөөгө, шайлоо алдындагы дебаттарга жана дискуссияларга катышууга;
3. шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;
4. добуш берүү өткөрүүдө, шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө жана добуш берүү жыйынтыктарын чыгарууда шайлоо участокторунда болууга;
5. шайлоо комиссияларынын документтери, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу, шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдор менен таанышууга;
6. шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууга, даттанууларды жана арыздарды кароого катышууга.

**Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуксуз:**

1. шайлоо комиссияларынын жумушуна кийлигишүүгө;
2. шайлоочунун өтүнүчү боюнча шайлоо бюллетендерин алганына ал үчүн кол коюуга, ошондой эле ал үчүн шайлоо бюллетендерин толтурууга;
3. эгерде алар ошол жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларынын журналисттери, чыгармачыл кызматкерлери же кызмат адамдары болуп саналган учурда, маалыматтык теле- жана радиопрограммаларды (берүүлөрдү) жүргүзүүгө, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоону чагылдырууга катышууга.

Саясий партиялар бул тууралуу Борбордук шайлоо комиссиясына кабарландырып, аларга берилген ырастамаларды жокко чыгаруу менен ишенимдүү адамдарды каалаган убакта чакырып алууга укуктуу. Ишенимдүү адам каалаган убагында Борбордук шайлоо комиссиясына өзүнө берилген ырастаманы кайтарып берүү жана бул тууралуу аны дайындаган талапкерди, саясий партияны кабарландыруу менен, өзүнүн демилгеси боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын таштоого укуктуу.

Ишенимдүү адамдардын ыйгарым укуктары аларды дайындаган, каттоодон өткөн талапкер статусүн жоготкондо же саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлер статусун жоготкондо токтотулат.

**Шайлоо комиссияларындагы өкүлү**

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар каттоодон өткөндөн кийин, анын инсандыгын ырастоочу документтерди, анын негизги жумуш орду жөнүндө маалыматтарды (ишинин түрүн), туруктуу жашаган жеринин толук дарегин жана байланыш маалыматтарын көрсөтүү менен, тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнүн өкүлүн (мындан ары - шайлоо комиссияларындагы өкүл) дайындоого укуктуу.

Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары, аны тиешелүү шайлоо комиссиясы каттаган учурдан тартып башталат.

Шайлоо комиссияларындагы өкүлгө белгиленген үлгүдөгү ырастама берилет.

**Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) шайлоо комиссиясынын жыйналышында каралуучу документтер жана материалдар менен таанышууга;

2) анын компетенциясына кирген маселелер боюнча шайлоо комиссиясынын жыйналыштарынын күн тартибине сунуштарды киргизүүгө жана алар боюнча добуш берүү өткөрүүнү талап кылууга;

3) шайлоо комиссиясынын бардык жыйналыштарына катышууга жана жарыш сөзгө чыгууга;

4) шайлоо комиссиясынын жыйналышынын башка катышуучуларына күн тартибине ылайык суроолорду берүүгө жана аларга маңызы боюнча жооп алууга;

5) шайлоо комиссияларынын түздөн-түз шайлоого байланыштуу материалдары жана документтери менен таанышууга жана бул документтердин жана материалдардын (мыйзамда белгиленген тартипте ошондойлорго киргизилген купуя маалыматты камтыган документтерди жана материалдарды кошпогондо) көчүрмөлөрүн алууга;

6) шайлоо комиссияларынын аракеттерине (аракетсиздиктерине) ушул конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте даттанууга;

7) көрсөтүлгөн документке ылайык шайлоочунун инсандыгын жана бюллетендин алынышынын тууралыгын текшерүүгө.

**Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуксуз:**

1) шайлоо комиссиялары жүргүзүүчү текшерүүлөргө катышууга;

2) шайлоо комиссиясынын атынан түшүндүрмө жана көрсөтмө берүүгө, билдирүү жасоого;

3) добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду түзүүгө;

4) шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына кирген чечимдерди кабыл алууда добуш берүүгө катышууга;

5) шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана протоколдоруна кол коюуга.

Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары, аларды дайындаган субъекттердин чечими боюнча кандай гана убакта болбосун токтотулушу жана башка адамга берилиши мүмкүн.

Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары аны дайындаган субъекттердин каттоосу жокко чыгарылган учурда токтотулат.

Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинин курамында көрсөтүлгөн бардык талапкерлердин Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкердик статусун жоготкон учурдан тартып, бирок шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн кечиктирбестен аяктайт. Каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 календардык күндөн кийин аяктайт.

Саясий партия добуш берүүнүн жыйынтыктарына, шайлоонун натыйжаларына даттанган учурда, шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары даттануунун маңызы боюнча акыркы чечим чыгаргандан кийин токтотулат.

## Байкоочу

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия, мыйзамдарда белгиленген тартипте, шайлоого даярдык көрүүгө, добуш берүүнү жүргүзүүгө, добуштарды саноого, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруучу байкоочу дайындоого укуктуу.

Саясий партия ар бир участкалык шайлоо комиссиясына экиден ашык эмес байкоочу дайындай алат, алар добуш берүүнү өткөрүүгө жана добуш берүү үчүн жайдагы башка шайлоо аракеттерине кезектешип байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу укугуна ээ болушат. Шайлоо комиссиясынын жайында, добуш берүү үчүн жайда катталган бир талапкердин, бир саясий партиянын кызыкчылыктарын билдирүүчү эки же андан көп байкоочунун бир убакта байкоочунун ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууларына жол берилбейт.

Байкоочу байкоочунун укуктарына жана милдеттерине, тиешелүү шайлоо комиссиясына, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиядан жолдомо келип түшкөндөн кийин ээ болот.

Жолдомо паспортту же аны алмаштыруучу документти көрсөткөндө жарактуу, талапкердин койгон колу болгондо же саясий партиянын мөөрү коюлганда жарактуу болуп эсептелет. Байкоочуну жиберүү жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт.

**Байкоочу төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) кандай гана болбосун деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамын түзүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

2) шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

3) шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

4) шайлоону маалыматтык камсыз кылууга байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

5) шайлоо комиссиясында турган шайлоочулардын тизмеси менен, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга;

6) добуш берүү күнү сутканын каалаган убагында добуш берүүчү жайда болууга;

7) шайлоочулардын добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүлөрүнө катышууга;

8) көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө өз пикирин баяндоого, билдирүү жасоого;

9) ары-бери эркин жүрүүгө жана кайсы гана болбосун шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларында болууга;

10) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузбастан, ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген уюштуруу жана добуш берүү тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендеринин берилишине байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүүнү камсыз кылган аралыкта жана шарттарда шайлоочулардын добуштарын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын добуштарын саноодо толтурулган же толтурулбаган кандай болбосун шайлоо бюллетени менен таанышууга; шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду жана башка документтерди түзүүлөрүнө байкоо жүргүзүүгө;

11) өзү жиберилген участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, ал эми ал жокто - аны алмаштырган адамга добуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сунуштар жана сын пикирлер менен кайрылууга;

12) ал өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;

13) шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана ага тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

14) өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга;

15) тиешелүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайра саноого катышууга;

16) өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү, аны шайлоо комиссиясына жиберген уюмдун аталышы белгиленген, шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыбаган төш белги тагынып жүрүүгө;

17) шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашыруундуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга тоскоол болбостон, жеке өзү фото, видео тартууга, аудио жазууну жүргүзүүгө.

**Байкоочу төмөнкүлөргө укуксуз:**

1) шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;

2) шайлоочунун өтүнүчү боюнча, шайлоочу үчүн шайлоо бюллетендерин алганына кол коюуга;

3) шайлоочунун өтүнүчү боюнча, ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

4) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого;

5) шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жүргүзүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга;

6) шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылуучу аракеттерди жасоого;

7) шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө;

8) тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга.

Эгерде байкоочу шайлоо комиссиясынын ишине же Кыргыз Республикасынын жараны өз шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылууга, ошондой эле добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузууга аракет кылса, ал добуш берүүчү жайдан сыртка чыгарылат.

Бул жөнүндө чечим участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жазуу жүзүндө кабыл алынат. Мында комиссия бул адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү органдарга кайрылууга укуктуу.

**Талапкерлердин статусу**

*(«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 21-беренеси)*

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген учурларды кошпогондо, бардык талапкерлер бирдей укукка ээ жана бирдей милдеттерди аткарат.

**Талапкер** көрсөтүлгөн учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин **кызматтык же кызмат ордундагы ыйгарым укуктарын аткарууну токтотуп турат, эгерде ал төмөнкүлөрдөн болуп саналса:**

1. Жогорку Кеңештин депутатын же Президентти кошпогондо, мамлекеттик саясий кызматчы;
2. мамлекеттик кызматтын түрүнө карабастан (жарандык, аскердик, укук коргоо, дипломаттык), мамлекеттик кызматчы;
3. жергиликтүү кеңештин депутатын кошпогондо, муниципалдык саясий кызматчы;
4. муниципалдык кызматчы;
5. мамлекеттик, муниципалдык ишкананын, мекеменин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашык болгон ишкананын жана алардын түзүмдөрүнүн жетекчиси;
6. жалпыга маалымдоо каражатынын кызматкери.

Талапкер иштеген, кызмат өтөгөн мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилери, аскер бөлүктөрүнүн командирлери жана органдардын тиешелүү кызмат адамдары **талапкер арыз, рапорт менен кайрылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде,** менчигинин түрүнө карабастан **эмгек акысынын орточо өлчөмүн мекеменин, ишкананын, уюмдун эсебинен сактоо менен анын кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруусун токтотуп турууга милдеттүү.**

Саясий партиялардын **ыйгарым укуктуу өкүлдөрү** талапкер, **талапкерлердин тизмеси көрсөтүлгөн күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен** тиешелүү **буйруктардын (тескемелердин) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн** Борбордук шайлоо комиссиясына **берет.**

Катталган талапкер Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун натыйжалары жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыяланган учурдан тартып, ал эми мөөнөтүнөн мурда чыгып калганда - чыгып калган учурдан тартып, талапкердин статусу менен байланышкан укуктарынан айрылат жана милдеттеринен бошотулат. Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясы кайра добуш берүү дайындаган учурда, талапкерликтери боюнча кайра добуш берүү өткөрүлбөгөн катталган талапкерлер өз статусун шайлоо комиссиясы тарабынан кайра добуш берүү дайындалган күндөн тартып жоготот.

Саясий партия ушул конституциялык Мыйзамда каралган тартипте, шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдү, ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү, ишенимдүү адамдарды дайындоого укуктуу. Талапкер, саясий партия ушул конституциялык Мыйзамда каралган учурларда, өз өкүлдөрүнүн ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарын бузган аракеттери үчүн жоопкерчилик тартышат.

Катталган талапкер шайлоо өткөрүү убагында администрациянын (иш берүүчүнүн) демилгеси боюнча иштен (кызмат ордунан) бошотулбайт же анын макулдугусуз башка ишке (кызматка) которулбайт, аскер кызматына чакыртылбайт.

Катталган талапкердин шайлоого катышкан убагы ал талапкер болуп катталганга чейин иштеген адистиги боюнча жалпы эмгек стажына эсепке киргизилет.

Кылмыш жасаган жеринде кармалган учурларды кошпогондо, катталган талапкер шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун натыйжалары жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыяланган күнгө чейин, Борбордук шайлоо комиссиясынын макулдугусуз сот тартибинде салынуучу жазык жоопкерчилигине тартылышы, кармалышы, камакка алынышы же жаза чараларына тартылышы мүмкүн эмес.

Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, талапкерлердин катталган тизмесинде чыгып калган депутаттан кийин турган адам Борбордук шайлоо комиссиясы аны Жогорку Кеңештин депутаты деп каттаганга чейин талапкердин статусу менен байланышкан укуктарга жана милдеттерге кайрадан ээ болот.

**Шайлоодо администрациялык ресурсту кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбестик, бузуулардын алдын алуу жана чара көрүү**

*(«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 21-1-беренеси)*

Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу - бул талапкерлер, кызмат адамдары, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмаларынын мүчөлөрү жана уюштуруучулары шайлоодо, алардын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларды же мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашкан ишканалардын жумушчуларын контролдоосунун, бардык талапкерлердин теңдигин бузган тигил же бул талапкерлерди, саясий партияларды колдоонун саясий же башка формаларына өзгөрүп кетиши мүмкүн болгон финансыны жана аны бөлүштүрүүнү контролдоонун натыйжасында алынган адамдык, финансылык, материалдык, медиалык, институционалдык ресурстарды мыйзамсыз пайдаланышы.

**Административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануунун түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:**

1) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн карамагындагы же башка кызматтык көз карандылыкта турган адамдарды, башка мамлекеттик же муниципалдык кызматчыларды, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдарынын жана саламаттык сактоо мекемелеринин кызматчыларын тартуу;

2) эгерде башка талапкерлер ушул эле жайларды ушундай эле шарттарда пайдалана албаган учурда, талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик органдар же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ээлеген жайларды пайдалануу;

3) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик мекемелердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштөөсүн камсыз кылуучу телефондук, факсимиле жана башка байланыш түрлөрүн, маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдү, уюштуруу техникасын пайдалануу;

4) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган транспорттук каражаттарды акысыз же жеңилдетилген шарттарда пайдалануу;

5) кызматтык иш сапарлардын жүрүшүндө мамлекеттик кызматчылардын же муниципалдык кызматчылардын кол чогултуусу, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүсү;

6) кол чогултуу же шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү максатында жалпыга маалымдоо каражаттарын артыкчылыктуу пайдалануу (башка талапкерлерге салыштырганда);

7) мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштурган массалык (коом алдындагы) иш-чаралар өткөндө үгүттөөчү сөз сүйлөө;

8) шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарында, үгүттөөчү

басылма материалдарда аткарылган иштер жөнүндө отчетторду жарыялоо, талапкердин атынан тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнбөгөн куттуктоолорду жана башка материалдарды таркатуу.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын, ошондой эле мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашкан ишканалардын жана алардын түзүмдөрүнүн жетекчилеринин кызмат орундарын ээлеген талапкерлер кызматтык же кызмат ордунун абалынын артыкчылыктарын жана административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга укуксуз.

Талапкер болуп эсептелбеген жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын, ошондой эле мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашкан ишканалардын жана алардын түзүмдөрүнүн жетекчилеринин кызмат орундарын ээлеген адамдар талапкерди көрсөтүү же шайлоо максатында кызматтык же кызмат ордунун абалынын артыкчылыгын жана административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга укуксуз.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмаларынын жетекчилерине, башкармалыгынын мүчөлөрүнө жана уюштуруучуларына, журналисттерге, жалпыга маалымдоо каражаттарын чыгарган уюмдардын башка чыгармачыл кызматкерлерине, эгерде көрсөтүлгөн адамдар талапкердин, саясий партиянын ишенимдүү адамы же ыйгарым укуктуу өкүлү болуп саналса, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоо өнөктүгүн чагылдырууга катышууга тыюу салынат.

*** Ушул белгиленген талаптарды бузган адамдар мыйзамдарда каралган жазык же болбосо башка жоопкерчиликти тартат.**

### Арыздардын жана даттануулардын электрондук реестри

Шайлоо комиссияларына келип түшкөн арыздар (даттануулар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалыматтар милдеттүү тартипте Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына Арыздардын жана даттануулардын реестри (мындан ары – электрондук Реестр) бөлүмүнө жайгаштырылат.

Электрондук Реестр шайлоо комиссияларынын ишинин ачыктыгын, маалымдуулугун камсыз кылуу, шайлоо комиссиялары караган арыздар (даттануулар) жөнүндө шайлоо процессинин субъекттерине (катышуучуларына), ошондой эле бардык таламдаш жактарга маалымдоо максатында Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн.

Аймактык шайлоо комиссиясында/Борбордук шайлоо комиссиясында катталган бардык арыздар (даттануулар) катталган учурдан тартып беш календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында Арыздар (даттануулар) реестринде чагылдырылат. Участкалык шайлоо комиссияларынын Арыздар (даттануулар) реестри жыйынтыктар чыгарылгандан кийин беш календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында чагылдырылат.

Электрондук Реестрде төмөнкүдөй маалыматтар камтылат:

- арызды (даттанууну) караган шайлоо комиссиясынын аталышы,
- арыз (даттануу) берген адамдын жана (же) анын өкүлүнүн инициалдары;
- арыз (даттануу) келип түшкөн дата;
- арыздын (даттануунун) кыскача мазмуну;
- арызды (даттанууну) карап чыгуунун натыйжалары боюнча шайлоо комиссиясынын чечими, мында электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну жайгаштырылат, ошондой эле шайлоо комиссиясынын көрсөтүлгөн чечиминин тексти тиркелет;
- эгерде Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими сотко даттанылган болсо, биринчи инстанциядагы соттун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими. Мында мында электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну жайгаштырылат, ошондой эле соттун көрсөтүлгөн чечиминин тексти тиркелет.

Шайлоо мыйзамдарын бузуулардын алдын алуу жана аларга каршы күрөшүү үчүн шайлоо

комиссияларынын бардык деңгээлдеринде **Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор (ЫЧКТ)** түзүлөт. Алардын курамына шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, укук коргоо органдарынын, прокуратуранын жана УКМКнын өкүлдөрү кирет.

1. Координациялык топтун негизги **иш-милдеттери** төмөнкүлөр:

- шайлоо мыйзамдарын бузууларга ыкчам чара көрүү;
- көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө жарандарга маалымдоо.

2. ЫЧКТ аймактык шайлоо комиссияларында укук коргоо органдарынын – ИИМдин, УКМКнын тиешелүү аймактык деңгээлдериндеги өкүлдөрүнөн, ошондой эле прокуратура органдарынын мыйзамдуулукка көзөмөлдүк жүргүзгөн өкүлдөрүнөн түзүлөт.

ЫЧКТнын иш тартиби КР БШКнын 2020-жылдын 4-февралындагы №33 токтому менен бекитилген “Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун (ЫЧКТ) ишмердүүлүгүнүн тартиби жөнүндө” Жободо аныкталган.

### Шайлоочуларга маалымдоо жана шайлоо алдында үгүт жүргүзүү

*(«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22,23,24,25,26-беренелери)*

Шайлоону маалыматтык камсыз кылуу шайлоочуларды кабарландырууну, шайлоо алдында үгүт жүргүзүүнү өзүнө камтыйт жана жарандардын эркин аң-сезимдүү жана эркин билдирүүлөрүнө жана шайлоонун айкын өтүшүнө өбөлгө түзөт.

Шайлоочуларды кабарландырууну мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары, жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жана жеке жактар, ушул конституциялык Мыйзамга жана колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары жарандарды өз убагында жана так кабарландыруу үчүн жоопкерчилик тартат.

**Шайлоо алдында үгүт иштерин жүргүзүү талапкерлердин бардык тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн башталат жана добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда токтотулат (2020-жылдын 4-сентябрынан 3-октябрынын саат 8:00го чейин).**

### Төмөнкүлөр шайлоо алдындагы үгүт деп таанылат:

1) тигил же бул талапкер, талапкерлердин тизмеси үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр;

2) айрым талапкерлерге, саясий партияларга карата колдоону билдирүү;

3) талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу;

4) талапкерлердин, алардын кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык (кызмат орундук) милдеттерин аткарууларына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу.

### Шайлоо өткөрүүдө үгүттөө төмөнкүдөй жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

1) жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу;

2) **стадиондордо жана калктуу конуштардын көчөлөрүндө, ошондой эле спорттук иш-чараларда концерттерди жана театралдаштырылган оюндарды өткөрүүнү кошпогондо,** үгүттүк ачык иш-чараларды (митингдерди, чогулуштарды, теледебаттарды) өткөрүү аркылуу;

3) басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таратуу жолу менен;

4) ушул конституциялык Мыйзамда тыюу салынбаган башка тариздерде.

### Үгүт жүргүзүүгө, бардык үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатууга төмөнкүлөр укуксуз:

- мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар;

- Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо, мамлекеттик саясий кызматтарды ээлеген адамдар;

- жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кошпогондо, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызматтарды ээлеген адамдар;
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү;
- байкоочулар;
- эл аралык байкоочулар;
- диний уюмдардын өкүлдөрү;
- кайрымдуулук иштери менен алектенген уюмдардын уюштуруучулары жана мүчөлөрү;
- 18 жашка чыга элек адамдар;
- чет өлкөлүк жарандар жана уюмдар;
- жарандыгы жок адамдар.

- Кыргыз Республикасынын аймагында таратылуучу чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарында шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө тыюу салынат. Шайлоо өткөрүү мезгилинде чет өлкөлүк теле- жана радио программалар жазылып алынган түрүндө берилет.
- Талапкерлердин жана саясий партиялардын ар намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген теле- жана радио программаларды жазып алып берүүгө тыюу салынат. Мындай учурларда көрсөтүлгөн маалыматтарды таратканы үчүн жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттары жоопкерчилик тартышат.
- Кыргыз Республикасынан тышкары жерлерде үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат. Үгүт материалдарынын басылма жана башка нускалары же алардын көчүрмөлөрү Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

Саясий партия талапкерлер, талапкерлердин тизмеси катталган күндөн тартып 5 күндөн кечиктирбестен өзүнүн шайлоо алдындагы программасын кеминде бир республикалык мезгилдүү басылмага жарыялайт, ошондой эле аны өзүнүн расмий сайтына жайгаштырат.

Саясий партиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте басылма, аудио көрүү жана башка үгүт материалдарын чыгарууга жана тарктатууга укуктуу.

Саясий партияларга жалпыга маалымдоо каражаттарына жетүүсүнө бирдей шарттар кепилденет.

Саясий партиялар жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн үгүт иштеринин таризин жана мүнөзүн өз алдынча аныктоого укуктуу.

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочуларды үгүттөөнүн өзгөчөлүктөрү**

Саясий партиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте басылма, аудио көрүү жана башка үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатууга укуктуу.

Саясий партиялар ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн окуу үчүн ыңгайлуу болгон чоңойтулган тамгалар менен басылган, сурдо которууну жана субтитрлерди, ошондой эле Брайль тамгаларын пайдалануу менен, үгүт материалдарынын нускасынын жалпы санынын бир пайызынан кем эмес санда үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү.

**Жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар аркылуу үгүт жүргүзүү**

Саясий партия үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн берилген телеберүүнү ишке ашыруучу уюмдардын каналдарында үгүт жүргүзүү үчүн берилген эфир убактысын, басылма продукцияны, аянтчаны төмөнкү максаттарга колдонууга укугу жок:

1) саясий партияга каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга;

2) тигил же бул талапкер шайланган учурда мүмкүн болуучу терс натыйжаларды сыпаттоого;

3) кайсы бир саясий партиянын талапкери (кайсы бир талапкерлери) тууралуу маалыматтар көз көрүнөө басымдуулук кылган, терс пикирлер менен коштолгон маалыматтарды таратууга;

4) талапкерге, саясий партияга карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга көмөктөшүүчү маалыматтарды таратууга.

## Теле көрсөтүү жана радио боюнча үгүт жүргүзүү

Уюштуруучулары (тең уюштуруучулары) мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же аларга ведомстволук баш ийүүдөгү мекемелер жана ишканалар болуп саналган, толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган жалпыга маалымдоо каражаттары, же интернет-басылмалар, ошондой эле салык жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдө башка жалпыга маалымдоо каражаттарына салыштырганда жеңилдиктери бар жана шайлоо өткөрүлүп жаткан аймакта телерадио берүүнү жүзөгө ашыруучу жалпыга маалымдоо каражаттары талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга бул телерадио уюмдарынын каналдарынан акысыз обо убактысын берүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн обо убактысы теле- жана радио программалар аудиториянын көпчүлүгүн чогултуучу - саат 20дан саат 24кө чейинкиге мезгилге туура келиши керек.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюму бөлүп берген акысыз обо убактысынын жалпы көлөмү жумуш күндөрү бир сааттан кем болбоого тийиш. Көрсөтүлгөн акысыз обо убактысы, катталган жана берүүгө келген талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын ортосунда тең негизде бөлүштүрүлөт. Талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн сүйлөгөн сөзүн бөлүүгө, ошондой эле аларды кандайдыр бир чечмелөөлөр менен коштоого тыюу салынат.

Саясий партияларга, менчигинин түрүнө карабастан, обо убактысын берген телерадио уюмдары обо убактысын ошондой эле шартта (баанын, обого чыгуу убактысынын, убакыт көлөмүнүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка, саясий партияларга берүүгө милдеттүү.

Шайлоо алдындагы үгүткө арналган теле жана радио берүүлөрдүн тартиби, көлөмү жана убактысы телерадио уюмдарынын жетекчилиги менен макулдашуу боюнча шайлоо комиссиялары тарабынан белгиленет жана талапкерлердин, саясий партиялардын ортосунда теңчилик принцибин сактоо менен чучукулак аркылуу бөлүштүрүлөт.

## Айтышуу

Бөлүнгөн акысыз эфирдик убакыттын жалпы көлөмүнүн жарымынан көбү айтышууларды же башка ушуга окшош иш-чараларды биргелешип өткөрүү үчүн талапкерлеринин тизмесин көрсөтүшкөн саясий партияларга гана берилет. Акысыз эфирдик убакыттын ушул үлүшүн пайдаланууга бардык саясий партияларга бирдей негизде жол берилет.

Айтышууларды же башка ушуга окшош иш-чараларды биргелешип өткөрүү жалпы улуттук деңгээлде жүргүзүлөт.

Ошондой эле айтышууларды же башка ушуга окшош иш-чараларды биргелешип өткөрүү аймактык телерадио уюмдарында жүргүзүлүшү мүмкүн.

Эгерде теле радио компаниялардын орун-жайлары бардык саясий партиялардын өкүлдөрүн бир учурда батыра албаса, айтышуулар бардык саясий партиялар үчүн бир учурда же саясий партиялардын топтору менен өзүнчө өткөрүлүшү мүмкүн. Айтышуулардын катышуучу топторунун курамы чүчүкулак тартуу аркылуу аныкталат.

Катталган саясий партиялардын кызыкдар колдоо өкүлдөрү жана топтору мындай иш-чарага катышууга жол берилбейт.

## Басылма жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар аркылуу үгүт жүргүзүү

Саясий партияларга басма аянттарын берген мезгилдүү басылмалар же интернет-басылмалар менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле шарттарда (баанын, көлөмдүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка саясий партияларга басма аянттарын берүүгө милдеттүү. Мында басма аянтынын баасы шайлоо дайындалган күнгө чейинки 6 ай үчүн алынган баадан ашышы мүмкүн эмес.

Мурда шайлоо комиссияларынын имараттарынан жана орун-жайларынан тышкары жерлерде жайгаштырылган үгүт басылма материалдары (баракчалар, плакаттар, билборддор

жана башка материалдар) добуш берген күнү мурдагы орундарында тура берет.

Бардык басылма жана башка үгүт материалдары, басылма үгүт материалдарын даярдаган уюмдун аталышын жана дарегин (адамдардын фамилиясын, атын, атасынын атын жана жашаган жеринин дарегин), үгүт материалдарын даярдоого тапшырык берген адамдын (уюмдун аталышын), фамилиясын, атын, атасынын атын, алардын нускасы жана чыгарылган күнү жөнүндө маалыматты, ошондой эле тапшырык акысын төлөгөн саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн атын, атасынын атын камтышы керек. Көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таратууга тыюу салынат.

Тийиштүү шайлоо фондусунан алдын ала акы төөлөсүз жана ушул беренеде белгиленген талаптарды бузуу менен шайлоо алдындагы үгүт материалдарын даярдоого жол берилбейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары 21-пунктка ылайык үгүт материалдарын илүү үчүн ар бир шайлоо участкасында атайын орундарды бөлүп, жабдууга милдеттүү.

Үгүт материалдарын эстеликтерге, эстелик мамыларга жана тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттарга, ошондой эле шайлоо комиссияларынын орун жайларына, алардын кире бериш жерлерине жана добуш берүүчү жайларга жайгаштырууга тыюу салынат.

Эстеликтерге, эстелик мамылар жана тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттар тарыхый-маданий мурастар болуп саналат жана элдин турмушундагы тарыхый окуялар, коомдун жана мамлекеттин өнүгүшү, чыгармачылыктын материалдык жана руханий чыгармалары менен байланышкан. Кыргыз Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын субъекттеринин менчигинде турган тарыхтын жана маданияттын эстеликтери мамлекет тарабынан кайтарылат.

### Көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүү аркылуу үгүттөө

Саясий партиялар шайлоочулар менен чогулуштарды жана жолугушууларды, көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды өткөрүү үчүн жайларды акысыз жана акы төлөп алуу укугуна ээ.

Мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын балансында турган жай саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, алардын ишенимдүү адамдарынын, ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн шайлоочулар менен жолугушуусу үчүн бирдей шартта  пайдаланууга берилет.

Саясий партиялар көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүү үчүн менчиктин кандай болбосун түрүн келишимдик негизде акыга ижарага алууга да укуктуу. Жайдын менчик ээси тарабынан белгиленүүчү ижара акысынын өлчөмү бардык саясий партиялар үчүн бирдей болууга тийиш жана алар үчүн акы төлөө шайлоо фонддорунун гана жүзөгө ашырылууга тийиш.

### Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү укугун кыянат пайдалануулардын жол берилбестиги

Шайлоо комиссиялары шайлоо алдында үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышын көзөмөлдөйт.

**Шайлоо алдында үгүт жүргүзүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги кыянат пайдаланууга жол берилбейт, төмөндөгүлөгө тыюу салынат:**

- улуттук, этностук, расалык, диндик, аймактар аралык кастыкты, гендердик жана башка социалдык артыкчылыктарды, басмырлоолорго, кастыкка чакырууларды үгүттөөгө;
- бийликти басып алуу, конституциялык түзүлүштү зомбулук менен өзгөртүү жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу чакырыктарга;
- согушту үгүттөөгө;
- башка мамлекеттердин мамлекеттик жана саясий ишмерлеринин сүрөттөрүн пайдалануу менен фото- жана көрмө материалдарды пайдаланууга
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигинен кыянат пайдалануунун башка формаларына.

Шайлоо дайындалган учурдан тартып төмөндөгүдөй шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашырууга тыюу салынат:

- шайлоочуларга акча каражаттарын төлөп берүүгө;
- шайлоочуларга белектерди жана башка баалуулуктарды тапшырууга;
- товарларды жеңилдетилген баада сатып өткөрүүнү жүргүзүүгө;
- Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен тизмекке ылайык талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын басылма үгүт материалдарын, алардын эн белгилерин камтыган төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн ороочторду кошпогондо, кандай гана болбосун товарларды бекер таркатууга;
- акысыз же жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүлөргө.

Саясий партиянын жана аткаруучунун ортосунда жазуу жүзүндө жол-жоболонгон эмгек мамилелеринин алкагында аткарылган жумушка талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынан акы төлөө сатып алуу болуп эсептелбейт.

**Талапкерлер, алардын жакын туугандары, жубайлары, саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз.**

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн же шайлоонун катышуучусу катары катталган саясий партиялар же алардын өкүлдөрү тарабынан аларды идентификациялоого (алардын таандуулугун аныктоо) жол берүүчү саясий партиялардын аталыштарын (толук, кыскартылган же аббревиатураларын), эмблемаларын, төш белгилерин, логотиптерин же алардын мүнөздүү курамдык бөлүктөрүн, желегин, девиздерин, жазууларын жана/же башка атрибуттарын (символикаларын) пайдалануу менен шайлоочуларга маалыматтарды жайылтуу үгүт болуп саналат жана шайлоо дайындалган күндөн тартып жана талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаганга чейинки мезгилде жана добуш берүү башталганга 24 саат калганга чейин жол берилгис.

Саясий партиялардын штабдары жайгашылган имараттарда жана жайларда саясий партиялардын аталыштарын (толук, кыскартылган же аббревиатураларын), эмблемаларын, логотиптерин, төш белгилерин, желегин, девиздерин жана/же башка атрибуттарын (символикаларын) жайгаштыруу шайлоо алдындагы үгүт болуп саналбайт.

## Шайлоо укугун бузгандык үчүн жоопкерчилик

Шайлоо мыйзамдарын бузгандык үчүн жоопкерчиликтин төмөнкү түрлөрү каралган:

Конституциялык жана укуктук жоопкерчилик, шайлоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик, төмөнкүлөрдү караштырат: каттоодон баш тартуу; каттоону жокко чыгаруу ж.б.

Конституциялык жана укуктук жоопкерчиликке тартуу маселелерин шайлоо комиссиялары карайт.

Конституциялык жана укуктук жоопкерчиликтен тышкары, Кодекстерге ылайык төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик каралган:

1) Бузуулар жөнүндө кодекске ылайык:

- 42-берене. Шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктарын бузуу
- $42^1$-берене. Шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдерди жана талаптарды аткарбоосу
- $42^2$-берене. Шайлоочунун билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү
- $42^3$-берене. Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды алуусу
- 43-берене. Шайлоого катышуу үчүн өргүү берүүдөн баш тартуу
- 44-берене. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу
- 45-берене. Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалымат таратуу
- 46-берене. Талапкердин ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы

- 47-берене. Тоголок үгүт материалдарын таратуу
- 48-берене. Үгүт материалдардын жок кылуу же бузуу

2) Жоруктар жөнүндө кодекси боюнча:

- 87-берене. Шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү
- $87^1$-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу
- $87^2$-берене. Шайлануучу кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү

3) Жазык кодекси боюнча:

- 191-берене. Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу
- 192-берене. Шайлоочуларды сатып алуу
- 193-берене. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу
- 194-берене. Шайлоо же референдум өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу
- 195-берене. Шайлоо документтерин бурмалоо

Мында, шайлоо комиссиялары тарабынан Бузуулар кодексинин 42-$42^2$, 43-48-беренелеринде каралган бузуулар жөнүндө иштер каралат;

Бузуулар жөнүндө Кодекстин $42^2$-беренесинде каралган тартип бузуулар боюнча иштер ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан каралат.

Жоруктар жөнүндө Кодексте каралган учурларда укук коргоо органдары жана сот тарабынан каралат.

Жазык Кодексинде каралган аракеттер укук коргоо органдары жана сот тарабынан каралат.

**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын байланыш маалыматтары**

**Дареги:** 720040, Кыргызстан, Бишкек ш., Пушкин көчөсү, 50
**Телефондор:** 1255 (кыска номер), коомдук кабылдама +996 (312) 660240
**Шайлоону уюштуруу бөлүмү:** +996 (312) 66-01-16, +996 (312) 62-35-69,
**Укуктук камсыздоо бөлүмү:** +996 (312) 620184
**Иш кагаздарды жүргүзүү сектору:** +996 (312) 620823, 626285, email: document@shailoo.gov.kg
**Маалыматтык бөлүм:** +996 (312) 665452, email: pressa@shailoo.gov.kg, pr.shailoo@gmail.com

**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жумушчу топтору жөнүндө маалымат**

| № | Жумушчу топторунун аталышы | Жумушчу топторунун курамы |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоо документтерин кабыл алуу боюнча жумушчу топ | Жумушчу топтун жетекчиси:<br>Эшимов Акылбек Жусупович - төраганын орун басары (0312 660191,)<br>Жумушчу топтун катчысы:<br>Кожокеева М.Д. – БШКнын аппаратынын шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн эксперти (0312 620829, 0556 236064) kmahabat@shailoo.gov.kg |
| 2 | Шайлоочуларга жана шайлоо процессинин субъектилерине маалымдоо маселелери жана үгүт иштерин жүргүзүү эрежелери боюнча жумушчу топ | Жумушчу топтун жетекчиси:<br>Бекматов Абдыжапар Гапырович - төраганын орун басары (0312 660319)<br>Жумушчу топтун катчысы:<br>Омуракунова А. А. – БШКнын аппаратынын маалымат камсыздоо бөлүмүнүн эксперти (0312 665452, 0554 202946) pr.shailoo.gov.kg |
| 3 | Шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъектилеринин арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча жумушчу топ | Жумушчу топтун жетекчиси:<br>Асаналиев Алмаз Турдакунович – БШКнын мүчөсү (0312 660286)<br>Жумушчу топтун катчысы:<br>Уметалиев К.К. – БШКнын аппаратынын укуктук камсыздоо бөлүмүнө тартылган адис (0312 660143, 0552 110204) |
| 4 | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына караштуу Контролдук-текшерүү тобу | Жумушчу топтун жетекчиси:<br>Баатырова Гулнара Маришовна - БШКнын мүчөсү (0312 626338).<br>Жумушчу топтун катчысы:<br>Баширова Р. Д. - эксперт (0551 987922) |
| 5 | Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобу | Жумушчу топтун жетекчисинин орун басары:<br>Осмоналиев К.М. – БШКнын мүчөсү (0312 626290)<br>Жумушчу топтун катчысы:<br>Исмаилова Ч.С. – БШКнын аппаратынын коррупцияны алдын алуу боюнча ыйгарым укутуу өкүлү (0312 626324, 0770 449044) chinarasiren.com@gmail.com |

**БШКнын маалыматтык ресурстары**

- ***БШКнын расмий сайты (https://shailoo.gov.kg)***
- Портал, КРнын БШКнын ишмердүүлүгү, отурумдары, токтомдору, жоболору жана курамы жөнүндө толук жана так маалыматты берүүгө арналган. Сайттын негизги максаты- шайлоочулардын, шайлоо комиссияларынын, саясий партиялардын, мамлекеттик органдардын, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ЖМК) КРнын БШКнын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтык колдоо үчүн маалыматтык-технологиялык чөйрөнү түзүү болуп эсептелет.

- ***Маалыматтык шайлоо системасы (http://ess.shailoo.gov.kg)***
- Шайлоонун бардык түрүнүн жана референдумдардын натыйжалары жөнүндө маалыматты камтыган интернет-ресурс.

- ***Кол менен саноо жана акыркы идентификациялык отчет үчүн протоколдорду графикалык түрдө чагылдырган веб-сайт (http://protocol.shailoo.gov.kg/)***
- УШКнын кол менен эсептелген сканерленген протоколдорун, АШКнын протоколдорун жана идентификациялык отчетторду көрсөтүү.

- ***Тизме порталы (http://tizme.gov.kg)***
- БШКнын шайлоо участоктору, райондор, шаарларжанабүтүндөй республика боюнча шайлоочулардын тизмеси жөнүндө электрондук форматтагы маалымат камтыган интернет-ресурсу. Бул веб-ресурс мыйзамда белгиленген тартипте түзүлөт жана жаңыртылат, шайлоо дарегиндеги өзгөрүүлөр (шайлоо участогунун номери), жарандардын шайлоого жана референдумга катышуусу жөнүндө маалыматтарды камтыйт, ошондой эле идентификациялоонун жана тастыктоонун талаптарын эске алуу менен шайлоочуларга маалыматтарын тактоого жана өзгөртүүгө мыйзамда белгиленгендей мүмкүнчүлүк берет.

- ***Шайлоо участокторунун картасы (https://shailoo.gov.kg/kg/map/)***
- БШКнын шайлоочулар шайлоо участогунун чек аралары менен таанышып, картада визуалдык текшерүүнүн жардамы менен шайлоо участогунун борбору менен таанышууну жүргүзө алган интернет-ресурсу


- ***Даттанууларды жана кайрылууларды каттоо(https://shailoo.gov.kg/kg/registry/)***
- БШКнын шайлоо комиссияларына (КРнын БШКсы, АШКсы, УШКсы) келип түшкөн даттануулар жана арыздар, алар боюнча кабыл алынган чечимдер жана сот актылары менен таанышуу үчүн атайын электрондук ресурсу.

- ***«Талапкер» маалыматтык ресурсу (http://talapker.shailoo.gov.kg/)***

  Саясий партиялар жана талапкерлер жөнүндө 4 маалыматты камтыган: маалыматтык ресурсу:
  - Саясий партиялар жана талапкерлер жөнүндө жалпы маалыматтар,
  - Талапкерлердин тизмеси,
  - Саясий партиялар жана талапкерлердин программалары (саясий партиялардын сунуш кылынган программаларынын формасы тиркелет),
  - Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддоруна акча каражаттарынын келип түшүү булактары жана финансалык отчёттору жөнүндө маалыматтар.

**БШКнын расмий сайты (https://shailoo.gov.kg)**

Портал, КРнын БШКнын ишмердүүлүгү, отурумдары, токтомдору, жоболору жана курамы жөнүндө толук жана так маалыматты берүүгө арналган. Сайттын негизги максаты - шайлоочулардын, шайлоо комиссияларынын, саясий партиялардын, мамлекеттик органдардын, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ЖМК) КРнын БШКнын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтык колдоо үчүн маалыматтык-технологиялык чөйрөнү түзүү болуп эсептелет.



**ШАЙЛОО КАЛЕНДАРЫ -** Кыргыз Республикасында шайлоолордун бардык түрүн даярдоо, өткөрүү жана жыйынтыктоо процессин уюштуруунун мөөнөттөрү жана даталары жөнүндө шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына маалымат берүү үчүн веб-ресурс.



**ТИЗМЕ мамлекеттик порталы -** шайлоочуларга, референдумга катышуучуларга шайлоочулардын тизмеси жөнүндө, шайлоо дарегин (участоктун номери) жана жеке маалыматтарын жаңыртуу жана өзгөртүү жөнүндө, ошондой эле шайлоо участкаларындагы шайлоочулардын тизмеси жана референдумдун катышуучулары жөнүндө райондор, шаарлар жана бүтүндөй республика боюнча түзүлгөн жана жаңыланган маалыматтарды камтыган веб-ресурс. (https://tizme.gov.kg/)

tizme.gov.kg/home.xhtml

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ 2020 | ШАЙЛООЧУЛАР ТИЗМЕСИ | ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРГЕ ШАЙЛООЧУЛАР ТИЗМЕСИ | ЖАРДАМ | СТАТИСТИКА | CALL CENTER 119 | КЫР | РУС | Кайтарым байланыш

**ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ БОЮНЧА ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ** — ӨТҮҮ

**ӨЗҮҢҮЗДҮ ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИНДЕ ТАКТАҢЫЗ** — ТАКТОО

**ӨЗҮҢҮЗДҮН ШАЙЛОО УЧАСТКАҢЫЗДЫ ТАБЫҢЫЗ** — ТАБУУ

**ШАЙЛООЧУНУН КАБИНЕТИ** — ӨТҮҮ

**ДИНАМИКА СПИСКОВ ИЗБИРАТЕЛЕЙ: ОБЩАЯ СТАТИСТИКА**

| | 16.07.2020 | | |
|---|---|---|---|
| | Количество УИК | количество избирателей | % |
| Кыргызская Республика | 2462 | 3429043 | 100.0 |
| г. Бишкек | 233 | 391833 | 11.43 |
| г. Ош | 76 | 143377 | 4.18 |
| Баткенская область | 215 | 289163 | 8.43 |
| Джалал-Адабская область | 448 | 638189 | 18.61 |
| Нарынская область | 171 | 201584 | 5.88 |
| Ошская область | 506 | 700891 | 20.44 |
| Таласская область | 117 | 154959 | 4.52 |
| Чуйская область | 406 | 569370 | 16.6 |
| Иссык-Кульская область | 248 | 302845 | 8.83 |
| 0-ТИК | 0 | 23511 | 0.69 |
| МИД КР | 42 | 13321 | 0.39 |


**ДИНАМИКА СПИСКОВ ИЗБИРАТЕЛЕЙ: ПРЕДЫДУЩИЕ ВЫБОРЫ**

| | Жогорку Кеңеш 04.10.2015 | Президентские выборы 15.10.2017 | | 16.07.2020 | | 2015 / 2020 разница | | 2017 / 2020 разница | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | количество избирателе | Количество УИК | количество избирателе | Количество УИК | количество избирателе | количество | % | количество | % |
| Кыргызская Республика | 2761297 | 2375 | 3025770 | 2462 | 3429043 | 667746 | 24.18 | 403273 | 13.33 |
| г. Бишкек | 368194 | 201 | 327985 | 233 | 391833 | 23639 | 6.42 | 63848 | 19.47 |
| г. Ош | 133388 | 73 | 159348 | 76 | 143377 | 9989 | 7.49 | -15971 | -10.02 |
| Баткенская область | 223763 | 200 | 243722 | 215 | 289163 | 65400 | 29.23 | 45441 | 18.64 |
| Джалал-Адабская область | 495455 | 426 | 545746 | 448 | 638189 | 142734 | 28.81 | 92443 | 16.94 |
| Нарынская область | 150137 | 167 | 161895 | 171 | 201584 | 51447 | 34.27 | 39689 | 24.52 |
| Ошская область | 557309 | 488 | 589412 | 506 | 700891 | 143582 | 25.76 | 111479 | 18.91 |
| Таласская область | 122983 | 116 | 130195 | 117 | 154959 | 31976 | 26.0 | 24764 | 19.02 |
| Чуйская область | 453754 | 396 | 491032 | 406 | 569370 | 115616 | 25.48 | 78338 | 15.95 |
| Иссык-Кульская область | 241002 | 238 | 259118 | 248 | 302845 | 61843 | 25.66 | 43727 | 16.88 |
| 0-ТИК | 0 | 0 | 0 | 0 | 23511 | 23511 | 0.0 | 23511 | 0.0 |
| МИД КР | 15312 | 37 | 18580 | 42 | 13321 | -1991 | -13.0 | -5259 | -28.3 |
| ДОП УИК | 0 | 33 | 98737 | 0 | 0 | 0 | 0.0 | -98737 | -100.0 |

**СПИСКИ ИЗБИРАТЕЛЕЙ: ВОЗРАСТНОЙ И ГЕНДЕРНЫЙ ОТЧЕТ**


| | общее количест | по полу | | | | по возрасту | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | мужчинь | % | женщинь | % | 18-29 | % | 30-39 | % | 40-49 | % | 50-69 | % | 60-69 | % | 70- | % |
| Кыргызская Республика | 3429043 | 1633719 | 47.64 | 1795324 | 52.36 | 995706 | 29.04 | 830310 | 24.21 | 590493 | 17.22 | 514769 | 15.01 | 339266 | 9.89 | 158499 | 4.62 |
| г. Бишкек | 391833 | 164108 | 41.88 | 227725 | 58.12 | 93127 | 23.77 | 89451 | 22.83 | 71487 | 18.24 | 64653 | 16.5 | 44919 | 11.46 | 28196 | 7.2 |
| г. Ош | 143377 | 65003 | 45.34 | 78374 | 54.66 | 41212 | 28.74 | 34633 | 24.16 | 23140 | 16.14 | 22692 | 15.83 | 15488 | 10.8 | 6212 | 4.33 |
| Баткенская область | 289163 | 140770 | 48.68 | 148393 | 51.32 | 88815 | 30.71 | 72698 | 25.14 | 48998 | 16.94 | 41277 | 14.27 | 26182 | 9.05 | 11193 | 3.87 |
| Джалал-Адабская область | 638189 | 310099 | 48.59 | 328090 | 51.41 | 196253 | 30.75 | 156158 | 24.47 | 108323 | 16.97 | 93481 | 14.65 | 60608 | 9.5 | 23366 | 3.66 |
| Нарынская область | 201584 | 100867 | 50.04 | 100717 | 49.96 | 60434 | 29.98 | 47760 | 23.69 | 36389 | 18.05 | 28979 | 14.38 | 18608 | 9.23 | 9414 | 4.67 |
| Ошская область | 700891 | 341391 | 48.71 | 359500 | 51.29 | 215495 | 30.75 | 172521 | 24.61 | 117566 | 16.77 | 103563 | 14.78 | 63216 | 9.02 | 28530 | 4.07 |
| Таласская область | 154959 | 77127 | 49.77 | 77832 | 50.23 | 46751 | 30.17 | 37186 | 24.0 | 27566 | 17.79 | 21824 | 14.08 | 14688 | 9.48 | 6944 | 4.48 |
| Чуйская область | 569370 | 269821 | 47.39 | 299549 | 52.61 | 151012 | 26.52 | 138597 | 24.34 | 99641 | 17.5 | 88687 | 15.58 | 62513 | 10.98 | 28920 | 5.08 |
| Иссык-Кульская область | 302845 | 148240 | 48.95 | 154605 | 51.05 | 86261 | 28.48 | 71268 | 23.53 | 51934 | 17.15 | 46669 | 15.41 | 31553 | 10.42 | 15160 | 5.01 |
| 0-ТИК | 23511 | 11453 | 48.71 | 12058 | 51.29 | 12257 | 52.13 | 5503 | 23.41 | 2927 | 12.45 | 1748 | 7.43 | 785 | 3.34 | 291 | 1.24 |
| МИД КР | 13321 | 4840 | 36.33 | 8481 | 63.67 | 4089 | 30.7 | 4535 | 34.04 | 2522 | 18.93 | 1196 | 8.98 | 706 | 5.3 | 273 | 2.05 |

**МААЛЫМАТТЫК ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ (МШС) -** шайлоолорду жана референдумдарды даярдоодо жана өткөрүүдө маалыматтык процесстерди жүзөгө ашырууга арналган, шайлоочулардын катышуусу жөнүндө чогулткан, жыйнаган жана чагылдырган маалыматын көрсөтүү, ошондой эле АЭУ аркылуу алынган добуш берүүнүн алдын-ала жыйынтыктары жана добуштарды кол менен саноонун негизинде добуш берүүнүн акыркы жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды чагылдырган мамлекеттик шайлоо системасы. (http://ess.shailoo.gov.kg/ServiceJSP.do)




| Шайлоо түрү | Шайлоо кампаниялары | Шайлоо датасы | Шайлоочулардын саны | Шайлоого катышкандардын % |
|---|---|---|---|---|
| Жергиликтүү шайлоо | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЫССЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУНУН САРУУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО 22.09.2019 | 22/09/2019 | 5,193 | 34.6% |
| Жергиликтүү шайлоо | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО 19.05.2019 | 19/05/2019 | 49,077 | 45.25% |
| Жергиликтүү шайлоо | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН АЛАМҮДҮН РАЙОНУНУН БАЙТИК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО 19.05.2019 | 19/05/2019 | 5,705 | 52.95% |
| Жергиликтүү шайлоо | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН НАРЫН ОБЛУСУНУН ЖУМГАЛ РАЙОНУНУН ЧАЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО 02.12.2018 | 02/12/2018 | 7,086 | 42% |
| Президенттик шайлоо | ТВОЙ ВЫБОР - ТВОЕ БУДУЩЕЕ! | 09/08/2018 | 475,000 | 0% |

**ДАТТАНУУЛАРДЫ ЖАНА КАЙРЫЛУУЛАРДЫ КАТТОО** – шайлоо процессинин катышуучуларынан шайлоо комиссияларына берген даттануулары жана арыздары, алар боюнча кабыл алынган чечимдер жана сот актылары менен таанышууга арналган веб-ресурс.
(https://shailoo.gov.kg/ru/registry/claim/)



Не защищено | shailoo.gov.kg/kg/registry/claim/1/3/

Кыргызча Русский ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ПОРТАЛЫ "ТИЗМЕ" МААЛЫМАТТЫК ШАЙЛОО ТУТУМУ РЕЕСТРЛЕР КАЙРЫЛУУ ЖӨНӨТҮҮ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ТЫНЫМСЫЗ БАЙЛАНЫШ
1255; 0(312)660240 0(770)660240

БАШКЫ БШК ШАЙЛООЧУЛАР ТАЛАПКЕРЛЕР МЫЙЗАМДАР БШКНЫН ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРЫ ШАЙЛОО РЕФЕРЕНДУМ БАЙЛАНЫШУУ


Башкы » Реестры » Даттануулардын реестри » КР Президентин шайлоо » БШК / ЦИК

Даттануулардын реестри


КР Президентин шайлоо

| катар № | АШК/БШКга келип түшкөн күнү | Кайрылуунун түрү | Арыз ээси жөнүндө маалымат | Кыскача мазмуну | |
|---|---|---|---|---|---|
| 103 | 24.10.2017 | Даттануу / Жалоба | гр-ка Катанцева А. И.<br>- | Об отмене решения Бишкекской ТИК № 24/3 | ✔ БШК Жумушчу тобунун Чечими<br>Подробнее |
| 102 | 21.10.2017 | Билдирүү / Заявление | Кандидат на должность Президента КР Уметалиева Т.<br>- | Об отмене решения Бишкекской ТИК № 24/7 | ✔ БШК Жумушчу тобунун Чечими<br>✔ БШК кабыл алган чаралар<br>✔ Сотко даттанылды<br>Подробнее |
| 101 | 20.10.2017 | Даттануу / Жалоба | ОО«Ассоциация избирателей Кыргызстан» Керимбеков Б.<br>- | На действия члена ЦИК Осмоналиева К.,<br>заявитель считает, что предвыборная агитация должна была быть прекращена 13 октября 2017 года.<br>Требование:<br>1. Рассмотреть заявления и "принять решение" | ✔ БШК Жумушчу тобунун Чечими<br>Подробнее |
| 100 | 17.10.2017 | Даттануу / Жалоба | ОО «Коалиция за демократию и гражданское общество»<br>- | О действиях председателя Бишкекской ТИК в процессе приема избирательных документов от участковых избирательных комиссий. Бишкекской ТИК составлен акт о лишении аккредитации общественного наблюдателя от НКО "Союз молодежных и детских организаций" Айтбаевой Ч. о воспрепятствовании работе ТИК и оскорблении председателя БТИК. | ✔ БШК Жумушчу тобунун Чечими<br>Подробнее |

**БШКнын АЧЫК МААЛЫМАТТАРЫ -** шайлоолордо жана референдумдарда добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоочулардын статистикасы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана шайлоо комиссиялары жөнүндө маалыматтарды камтыган веб-ресурс.
(https://shailoo.gov.kg/ru/otkrytye-dannye-cik/)



**ТАЛАПКЕР МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСУ** - шайлоочулардын талапкерлер жана саясий партиялар жөнүндө (4 түрлүү маалыматты камтыган: талапкерлер жана саясий партиялар жөнүндө жалпы маалымат, талапкерлердин тизмеси, программалары, финансалык отчёттору тууралуу) ачыктыгын, жеткиликтүүлүгүн жана маалымдуулугун жогорулатууга арналган жана шайлоо процессин маалымдоонун компоненттеринин бири болгон веб-ресурс (http://talapker.shailoo.gov.kg/)



**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтында жайгаштыруу үчүн саясий партиялар жөнүндө маалымат берүү үчүн сунушталган форма**

| ЭМБЛЕМА ҮЧҮН ОРУН |
|---|

Саясий партиянын кыскача аталышы:
ИН, ЮЖБР кирүү датасы:
Саясий партиянын түзүлүшү:
Уставдын кабыл алынган датасы:
Катталган регионалдык филиалдардын саны:
Туруктуу коллегиалдуу башкаруу органы:

________________________________________________САЯСИЙ ПАРТИЯ
(партиянын аталышы)

**Байланыш маалыматтары**

**Дареги:**
**Байланыш телефону:**
**Коомдук кабылдама:**
**Интернеттеги байланыш тармактары:**
**Расмий сайт:**
**Партиянын төрагасы:** (лидердин кыскача өмүр баяны):
**Саясий партиянын максаттары жана милдеттери** (баяндоо)**:**
**Башкаруу органдары жана түзүмү жөнүндө маалымат** (сүрөтү жана сүрөттөмөсү)**:**
**Саясий партиянын жаштар уюму** (сүрөтү жана сүрөттөмөсү)**:**
**Саясий партиянын шайлоого катышуусу** (шайланган кызматтардагы жана шайланган органдардагы саясий партиянын өкүлдөрү жөнүндө хронология жана сандык мааалыматтар)

**«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө саясий партиялар үчүн документтердин тизмеги, формалары жана усулдук материалдары жөнүндө»**

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 60, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын шайлоолорун жана референдумдарын өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумун өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын ченемдик-укуктук актыларын шайлоолор жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына саясий партиялар берген документтердин тизмеги №1 тиркемеге ылайык жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына саясий партиялар берген документтеринин төмөнкүдөй формалары бекитилсин:

   1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышкандыгы жөнүндө саясий партиянын кабарлоо формасы (№1 форма);
   2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын съездинин чечиминин формасы (№2 форма);
   3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына саясий партиядан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинин формасы (№3 форма);
   4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкер жөнүндө маалыматтардын формасы (№4 форма);
   5. Башка мамлекеттин жарандыгынын жоктугу жөнүндө маалыматтардын формасы (№5 форма).

3. Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү, шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдү, ишенимдүү адамдарды, байкоочуларды каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына саясий партиялар берген документтеринин төмөндөгүдөй формалары бекитилсин:

   1. Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн, шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдүн, ишенимдүү адамдардын, саясий партиялардын байкоочуларынын тизмесинин формасы (№6 форма);
   2. Ыйгарым укуктуу өкүл, саясий партиянын ишенимдүү адамы болууга макулдугу жөнүндө арыздын формасы (№7 форма);
   3. Ыйгарым укуктуу өкүлдү, саясий партиянын ишенимдүү адамын кайра чакыртып алуу жөнүндө кабарламанын формасы (№8 форма).

4. Шайлоо комиссиялары берген документтердин төмөнкүдөй формалары бекитилсин:

   1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин ырастамасынын формасы (№9 форма);
   2. Ыйгарым укуктуу өкүлдү каттоо күбөлүгүнүн формасы (№10 форма);
   3. Саясий партиянын өкүлүнүн ырастамасынын формасы (№11 форма);

4. Саясий партиянын ишенимдүү адамынын ырастамасынын формасы (№12 форма);

5. Саясий партиянын байкоочусунун ырастамасынын формасы (№13 форма).

5. 2–пункттун, 3, 4-пунктчаларында, 3-пункттун, 1-пунктчасында, көрсөтүлгөн документтер Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына саясий партиялар тарабынан кагаз түрүндө, ошондой эле машинада окулуучу түрүндө, анын ичинде «Электрондук талапкер» маалыматтык программасы аркылуу берилет.

Ушул токтом менен бекитилген документтердин машинада окулуучу түрүндөгү формалары шайлоочуларга талапкерлер жөнүндө маалымдоо, ошондой эле мыйзам менен бекитилген ведомстволор аралык өз ара тутум аркылуу талапкерлер жөнүндөгү маалыматтарды текшерүү үчүн колдонулат.

Көрсөтүлгөн формалар алынып салынуучу маалымат каражаттарында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына берилет.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышкан саясий партиялар үчүн усулдук материалдардын жана ченемдик укуктук актылардын жыйнагы жактырылсын.

7. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А. Г. Бекматовго жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Шайлдабекова**

Бишкек ш., 2020-жылдын 26-июну
№110

**№ 1 Форма**

*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарын шайлоого саясий партиянын катышуу ниети жөнүндө билдирүү формасы "_____" ________ 2020-жыл*

Кыргыз Республикасынын
шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясына

**БИЛДИРҮҮ**

______________________________________________________ саясий партиясы
(саясий партиянын аталышы)

______________________________________________________
(саясий партиянынын катталган датасы жана номери)

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу ниети жөнүндө кабарлайт
______________________________________________________ саясий партиясы
(саясий партиянын аталышы)
шайлоо боюнча
ыйгарым укуктуу өкүлүн ______________________________________________________
(Ф.А.А)

кол коюуга укуктуу
каржы маселелери боюнча өкүлүн ______________________________________________________
(Ф.А.А.)

дайындайт.

Тиркеме:

1. Партиянын уставын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү
2. Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси (№ 6 Форма)
3. Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн билдирүүлөрү (№ 7 Форма)

Саясий артиянын жетекчиси ______________________________________________________

______________________________ ______________________
(Ф.А.А) (колу)

20____ж.

Эскертүү: Билдирме кагаз түрүндө берилет.

**№ 2 форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

_______________________________________________

(саясий партиянын аталышы)

**ЧЕЧИМ №_____________________**

_______________________________________________

(кезектеги (кезексиз) курултайды (чогулушту, конференцияны) көрсөтүү)

_____________________ _____________________

(орду) (датасы)

_______________________________________________саясий партиясынан

(саясий партиянын аталышы)

20____ -жылдын «___» ________________ дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесине ылайык жана жашыруун добуш берүүдө добуштарды эсептөөнүн натыйжасында эсептөө комиссиясынын протоколдорунун негизинде, ошондой эле

_______________________________________________

(саясий партиянын уставынын пунктун көрсөтүү)

_______________________________________________

(саясий партиянын кезектеги (кезексиз) курултайы (чогулушу, конференциясы)

_______________________________________________

(саясий партиянын аталышы)

**ЧЕЧТИ:**

1. _______________________________________________

(саясий партиянын аталышы)

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесине _________(_____________________________________________)
курамында
Тиркемеге ылайык курамда (талапкерлердин тизмеси жана маалыматтары тиркелет) көрсөтүлөт.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына 20____-жылдын «_____» _______________ дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында белгиленген мөөнөттө

_______________________________________________

(саясий партиянын аталышы)

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого каттоо жана катышуу үчүн талапкерлердин тизмеси жана бардык керектүү документтер берилсин.

**Добуш берүүнүн натыйжалары:** «МАКУЛ» - ; «КАРШЫ»- ; «КАЛЫС»- .

**Курултайдын** (чогулуштун, конференциянын)
**төрагасы** _______________ ___________________
М.О. (кол тамгасы) (фамилиясы, аты-жөнү)

**Курултайдын** (чогулуштун, конференциянын)
**катчысы**_______________ ___________________
(кол тамгасы) (фамилиясы, аты-жөнү)

**Тиркелет:**
1. Талапкерлердин тизмесине киргизилген ар бир талапкер толтурган: саясий партия көрсөткөн талапкер жөнүндө маалыматтар (№4 форма).
2. Паспорттун көчүрмөсү.
3. Талапкердин иштеген же окуган жерден маалымкаты.
4. Шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн тастыктаган документ.
5. Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу маалымат. (№ 5 форма)
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формада анын жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга талапкердин макулдугу.

Эскертүү: Чечим кагаз түрүндө берилет.

**№ 3 Форма**

**Саясий партиядан талапкерлердин тизмесинин курамына көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин**

**ТИЗМЕСИ**

______________________________________________________________________
(саясий партиянын аталышы)

| № | Ф.А.А. | ПИН | туулган жылы датасы | улуту | жынысы | билими | иштеген жери | кызмат орду | паспортундагы каттто дареги | жашаган жери | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |

Саясий партиянын жетекчиси ______________________________ ________________
(Ф.А.А.) (колу)

“______”_________________ 20_________ж.

Саясий партиянын М.О.

Эскертүү: Талапкерлердин тизмеси кагаз түрүндө жана машинада окулуучу формада берилет

**№ 4 Форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына саясий партия көрсөткөн талапкер жөнүндө маалымат**

Мен, ______________________________________________________________

(Ф.А.А.)

____________________________________________________________________

(саясий партиянын аталышы)

талапкерлердин тизмеси боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүүгө макулмун.

өзүм жөнүндө төмөнкү маалыматты билдирем:

Туулган жылы, айы, числосу____________________________________________

Туулган жери______________________________________________________

Улуту____________________________________________________________

Жарандыгы________________________________________________________

Паспорт: сериясы, номери, ким тарабынан берилген куну________________________

ЖИН (жеке идентификациялык номуру)______________________________________

Башка мамлекеттин жарандыгы жөнүндө (бар/жок)____________________________

____________________________________________________________________

(эгер сиз мурда башка мамлекеттин жарандыгын алган болсоңуз: кайсы мамлекеттин, жарандыкты алган жана чыккан күндү корсөтүңүз)

Соттуулугу (бар/жок)__________________________________________________

(эгерде мурда соттолгондо КР Кылмыш-жаза кодексинин статьясы, аткарылган жана жоюулган күнү көрсөтүү)

Саясий партияда мүчөлүгү_____________________________________________

Билими__________________________________________________________

(окуу жайдын аталышы жана жайгашкан орду)

Эмгек ишмердиги:

| Жылы, айы | | Мекеменин, уюмдун, ишкананын аталышы | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|
| кирүү | кетүү | | |
| | | | |

Жашаган жери______________________________________________________

Байланыш телефону_________________________________________________

Толтуруу датасы____________________________________________________

Маалыматтын тастыгын ырастоо________________________________________

(жеке колу)

Маалыматтын тактыгы тастыкталган_____________________________________

(Саясий партиясынын жетекчиси

саясий партиянян М.О.

20____-ж. «____» ________

(датасы)

Эскертүү: Талапкерлердин тизмеси кагаз түрүндө жана машинада окулуучу формада берилет

**№ 5 Форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНЕ ДЕПУТАТТАРДЫ ШАЙЛОО**

**Башка мамлекеттин жарандыгынын жоктугу жөнүндө маалымат**

Мен,________________________________________________________________
(талапкердин Ф.А.А.)

______________________________________________________ саясий партиясынан
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер
талапкерлердин тизмесине көрсөтүлгөн
Кыргыз Республикасынын жараны экенимди, башка мамлекеттин жарандыгы жок экендигин билдирем
Жалган маалымат бергендиги үчүн жооптуу экендиги маалымдалды.

__________________________ _______________
(Ф.А.А.) (колу)

20____-ж. «____» ________
(датасы)

Эскертүү: Башка мамлекеттин жарандыгынын жоктугу жөнүндө маалымат кагаз түрүндө берилет

**№ 6 Форма**

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясына
___________________________________саясий партиянын
(саясий партиянын аталышы)

**Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн, шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдүн, ишенимдүү адамдардын, байкоочулардын тизмеси**

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешини депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 19-беренесине ылайык ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн, 17-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүн, 20-беренесинин 1,2,3-бөлүгүнө ылайык ишенимдүү адамдарын, 9-беренесине ылайык байкоочулардын тизмесин (керектүүсүн белгилөө керек) каттоо үчүн сунуштайт.

| № | ЖИН (жеке. идентиф. (номери | ыйгарым укуктары | .Ф.А.А | туулган жылы | паспортунун номери жана сериясы, берилген күнү | жашаган жеринин дареги | жумуш орду жана кызмат орду | байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

Көрсөтүлгөн жарандар саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү, шайлоо комиссияларындагы өкүлү, ишенимдүү адамы, байкоочу болууга макулдугу болгон арыздары сунуштамага тиркелет.
___________________________________________________________________саясий партия
(саясий партиянын аталышы)
Көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн, шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүн, ишенимдүү адамдарынын, байкоочулардын “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына шайкештигин ырастайт жана берилген маалымат үчүн жооп берет.

______________________________________саясий партиянын жетекчиси

____________ ____________________ 20____-ж. «____» ________
(колу) (Ф.А.А.) (датасы)

Эскертүү: Тизме кагаз түрүндө жана машинада окулуучу формада берилет

**№ 7 Форма**

**Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн, ишенимдүү адамдардын макулдугу жөнүндө арыздардын формасы**

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясына

Мен, ______________________________________________________________
(Ф.А.А.)

______________________________________________________________ саясий партиянын
(саясий партиянын аталышы)

ыйгарым укуктуу өкүлү, ишенимдүү адамы болууга макулмун.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоого милдеттенем.

______________________________ (Ф.А.А.)     ________________________ (колу)

20____-ж. «____» ________
(датасы)

Эскертүү: Арыздын формасы кагаз түрүндө берилет

**№ 8 Форма**
Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясына
_________________________________ саясий партиянын
(саясий партиянын аталышы)

**БИЛДИРҮҮ**

__________________________________________________________________ саясий партиясы
(саясий партиянын аталышы)

________________________________________________________________________________
(Ф.А.А.)

ыйгарым укуктуу өкүлүн, шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүн, ишенимдүү адамдарын (керектүүсүн белгилөө керек) чакыртып алат.
ошондой эле ага берилген 20____-ж. "_____" ______ №______күбөлүктү жокко чыгарууну суранат.

____________________________________саясий партиянын жетекчиси

____________ ____________________ 20____-ж. «____» ________
(колу) (Ф.А.А.) (датасы)

Эскертүү: Билдирүү формасы кагаз түрүндө берилет

**№ 9 Форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНЕ ДЕПУТАТТАРДЫ ШАЙЛОО**

**20____-ж. «____» ________**

**№____________ КҮБӨЛҮК**

________________________________________________________________________________

(Ф.А.А.)

___________________________________________________________________саясий партия

(саясий партиянын аталышы)

Саясий партиясынын көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинин курамында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталды

М.О.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
төрагасы ___________________ ______________________

(колу) (Ф.А.А.)

20____-ж. «____» ________ _____ саат _____минута

Эскертүү: Инсандыгын тастыктаган документти корсөткөндө жарактуу

**№ 10 Форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

**Ыйгарым укуктуу өкүлдүн**

**КАТТОО КҮБӨЛҮГҮ №_________**

_______________________________________________________________________________

(фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы, дареги, жашаган жери, паспортунун сериясы жана номери)

_______________________________________________________________________________

(саясий партиянын аталышы)

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо __________________________________________ыйгарым укуктуу өкүлү катары катталды
(шайлоо боюнча/финансы боюнча, керектүүсүн көрсөтүү менен)

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
_______________________Чечими менен

М.О.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
төрагасы ___________________ ___________________

(колу) (Ф.А.А.)

Эскертүү: Инсандыгын тастыктаган документти көрсөткөндө жарактуу

**№ 11 Форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

**__________ ______________ 20_______ -жыл**

**КҮБӨЛҮК № __________________**

______________________________________________________________________________

(Ф.А.А.)

____________________________________________________________саясий партиясынын

(саясий партиянын аталышы)

__________________________________________________________ өкүлү болуп катталган

(шайлоо комиссиясынын аталышы)

М.О.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
төрагасы

__________________ (колу) _____________________ (Ф.А.А.)

20____-ж. «____» ________ _____ саат _____мүнөт

Эскертүү: Инсандыгын тастыктаган документти көрсөткөндө жарактуу

**№ 12 Форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

**__________ ______________ 20_______ -жыл**

**КҮБӨЛҮК № _________________**

_____________________________________________________________________________

(Ф.А.А.)

__________________________________________________________саясий партиясынын

(саясий партиянын аталышы)

ишенимдүү адамы болуп катталган

М.О.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
төрагасы

___________________ ______________________

(колу) (Ф.А.А.)

20____-ж. «____» ________ _____ саат _____минута

Эскертүү: Инсандыгын тастыктаган документти көрсөткөндө жарактуу

**№ 13 Форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

**__________ ______________ 20_______-жыл**

**КҮБӨЛҮК № _________________**

____________________________________________________________саясий партиясынан
(саясий партиянын аталышы)

__________________________________________________________________________________
(Ф.А.А.)

______________________________________________________ байкоочу болуп катталган
(шайлоо комиссиясынын аталышы)

М.О.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
төрагасы ____________________ ______________________
(колу) (Ф.А.А.)

20____-ж. «____» ________ _____ саат _____минута

Эскертүү: Инсандыгын тастыктаган документти көрсөткөндө жарактуу

**Жеке маалыматтарын берүүгө жана иштетүүгө жеке маалыматтар субъектисинин макулдугунун**

**ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ**

Калктуу конуш, күнү

Мен,__________________________________________________________

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

жашаган дареги __________________________________________________

______________________________________________________________

Ким экендигин ырастаган документ: ______________________________________

(документтин түрү)

серия___________№_____________________________________________

берилген ________________________________________________________

(берилген күнү)

______________________________________________________________

(ким тарабынан берилген)

(ишенимдүү жактар үчүн)

_______________________________________________ атынан иш жүргүзгөн

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

жашагандареги____________________________________________________

Ким экендигин ырастаган документ: ______________________________________

(документтин түрү)

серия__________________№______________________________________

берилген ________________________________________________________

(берилген күнү)

______________________________________________________________

(ким тарабынан берилген)

______________________________________________________________

негизинде

(ишеним кат, мыйзам, башка укуктук акт)

эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрким менен макулдук берем ________________________

______________________________________________________________

(маалыматтык системанын менчик ээси же ээлик кылуучунун аталышы, дареги, иштетүүчүнүн Ф.А.А.)

- иштетүүгө (аткаруу ыкмасына карабастан, жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөт коюу, өчүрүү жана бузуу максатында автоматтык каражаттар менен же аларсыз жеке маалымат массивин кармоочу (ээси) аткарган, же болбосо анын тапшырмасы менен аткарылган кандай болбосун операция же операциялардын топтому), ошондой эле:
- жеке маалыматтарды берүүгө (жеке маалымат массивин кармоочунун (ээси) «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүсү;
- жеке маалыматтарды трансчекаралык берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочунун (ээси) башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган жеке маалыматтарды берүүсү) төмөнкүдөй жеке маалыматтарды:

1. ______________________________________________________________
2. ______________________________________________________________
3. ______________________________________________________________
4. ______________________________________________________________

талап кылынган маалыматтардын тизмеги көрсөтүлөт, мисалы: фамилиясы, аты, атасынын аты (мурдагы фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөртүлгөн күнү, орду жана себептери (өзгөртүлгөн учурда); төрөлгөн күнү жана орду; жарандыгы жөнүндө маалымат (анын ичинде мурдагы жарандыгы, башка жарандыктары); билими жөнүндө маалымат (билим алган мекеменин аталышы жана аяктаган жылы, билими жөнүндө документтин аталышы жана реквизиттери, квалификациясы, даярдыктан өткөн багыты же билими жөнүндө документ боюнча адистиги); илимий даражасы жөнүндө маалымат; чет тилдерди билүүсү жөнүндө маалымат, билүү деңгээли; спорттук наамы, спорттук разряды; жашаган дареги (турган жери); байланыш телефон номери жана башка байланыштыруу ыкмалары жөнүндө маалымат; ким экендигин ырастаган документтин түрү, сериясы, номери, берген органдын аталышы, берилген күнү; салык төлөөчүнүн идентификациялык номери; милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу күбөлүгүнүн номери; милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин реквизиттери; аскерге милдеттүүлүгү, аскердик каттоосу боюнча маалымат (запастагы жана аскер кызматына чакырыла турган жарандар үчүн); үй-бүлөлүк абалы, үй-бүлөсүнүн курамы; эмгек ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат (аскер кызматы, айкалыштырып иштөө, ишкерлик ж.б. кошо); мамлекеттик сыйлыктары, башка сыйлыктары жана артыкчылык белгилери (ким жана качан сыйлаган); соттуулугу бар же жоктугу жөнүндө маалымат; киреше, чыгаша, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелери жөнүндө маалымат; өз сүрөтү).

Мага мамлекеттик (муниципалдык) кызматтарды көрсөтүү максатында жогоруда аталган жеке маалыматтарды иштетүүгө берем ________________________________________
(кызмат көрсөтүүнүн аталышы көрсөтүлөт)

Мен төмөнкүлөр менен таанышып чыктым:

1. жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук, ушул макулдукка кол коюлган күндөн тартып мага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөр берилген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө маалыматтарды сактоо мөөнөтүнүн ичинде жарактуу;
2. жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдукту эркин формада жазылган кат жүзүндөгү арыздын негизинде кайта сурап алууга болот;
3. жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук кайта сурап алынган учурда «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык менин жеке маалыматтарымды иштетүүнү толук же жарым-жартылай улантууга болот.

Жеке маалыматтар иштетилип башталган күн: ________________________________________
(жыл, күн, ай)

20____-ж. «____» _______________

______________________ ______________________________
Колу Ф.А.А.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2020-жылдын 26-июнундагы
№ 111 токтому менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо саясий партиялардын өкүлдөрүнүн статусу жөнүндө**

**Жобо**

1. Жалпы жоболор
2. Шайлоо комиссияларында саясий партиянын өкүлүнүн статусу
3. Саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү
4. Саясий партиялардын ишенимдүү адамдары
5. Саясий партиялардан байкоочулар
6. Шайлоо процессинин стадияларында саясий партиянын өкүлдөрү

## 1. Жалпы жоболор

1.1. “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо саясий партиялардын өкүлдөрүнүн статусу жөнүндө” ушул жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө саясий партиянын өкүлдөрүнүн (шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдүн, ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн, анын ичинде финансылык маселелер боюнча, ишенимдүү адамдардын, байкоочулардын) укуктук статусун жөнгө салат.

1.2. Ушул Жобонун максаты болуп Кыргыз Республикасында чыныгы эркин, адилеттүү жана таза шайлоолорду өткөрүүнү, жарандардын, саясий партиялардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу саналат.

1.3.Бул Жобо Конституциянын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) актыларынын талаптарынын негизинде даярдалды.

1.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык саясий партиянын өкүлүнө төмөнкүлөр кирет: шайлоо комиссияларындагы өкүл, ыйгарым укуктуу өкүл, анын ичинде финансылык маселелер боюнча, саясий партиянын атынан чыккан ишенимдүү адам, байкоочу.

## 2. Шайлоо комиссияларында саясий партиянын өкүлүнүн статусу

2.1. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар катталгандан кийин анын инсандыгын ырастаган документтерди, анын негизги иштеген жери (ишинин түрү), туруктуу жашаган жеринин толук дареги жана контакттык байланыштары тууралуу маалыматтарды берүү менен тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнүн өкүлүн (мындан ары – шайлоо комиссияларындагы өкүл) дайындоого укуктуу.

2.2. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары ал тиешелүү шайлоо комиссиясында катталган учурдан тартып башталат.

2.3. 21 жаш куракка чыккан, активдүү шайлоо укугуна ээ болгон жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлоо комиссияларындагы өкүл болууга укуктуу.

2.4. Төмөнкүлөр шайлоо комиссияларында өкүл болууга укуксуз:

- Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештердин депутаттары;
- Өкмөттүн мүчөлөрү;
- Президенттин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн аппараттарынын кызматкерлери;
- мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары;
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү;
- судьялар, аскер кызматчылары, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери;
- чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар;
- соттуулугу белгиленген тартипте алып салынбаган же жоюлбаган адамдар.

Мамлекеттик бийлик органдарынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамы деп бийликтин өкүлүнүн функцияларын дайыма, убактылуу же атайын ыйгарым укук боюнча ишке ашыруучу же мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында уюштуруу-тескөөчү, административдик-чарбалык, контролдук-көзөмөлдөө функцияларын аткаруучу адам түшүнүлөт.

2.5.Бир шайлоо комиссиясына дайындалган шайлоо комиссияларындагы өкүл бир эле мезгилде башка шайлоо комиссиясынын өкүлү боло албайт.

2.6. Мамлекеттик же муниципалдык кызматты айкалыштырган шайлоо комиссиясындагы өкүл өзүнүн кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланууга укугу жок. Мыйзам чыгаруучу мамлекеттик же муниципалдык кызматчыларга шайлоо комиссияларында өкүл болушун чектебейт, бирок аларды кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланууну чектейт.

Кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдалануу “Кыргыз Республикасынын Президентин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамында толук берилген (21-бер. 3-б.).

2.7. Шайлоо комиссияларындагы өкүлгө Борбордук шайлоо комиссия сытарабынан белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилет.

2.8. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары:

2.8.1. Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуктуу:

1) шайлоо комиссиясынын жыйналышында каралуучу документтер жана материалдар менен таанышууга;

2) шайлоо комиссиясынын жыйналыштарынын күн тартибине анын компетенциясына кирген маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө жана алар боюнча добуш берүү өткөрүүнү талап кылууга;

3) шайлоо комиссияларынын бардык жыйналыштарына катышууга жана жарыш сөздөргө чыгууга;

4) шайлоо комиссиясынын жыйналыштарынын башка катышуучуларына күн тартибине ылайык суроолорду берүүгө жана аларга маңызы боюнча жооп алууга;

5) шайлоо комиссиясынын шайлоого түздөн-түз байланыштуу документтери жана материалдары менен таанышууга жана алардын (мыйзам менен белгиленген тартипте андайга таандык кылынган купуя маалыматты камтыган документтер менен материалдарды кошпогондо) көчүрмөлөрүн алууга;

6) шайлоо комиссиясынын аракеттерине (аракетсиздигине) мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга.

7) шайлоочунун инсандыгын көрсөткөн документтин дал келишин жана бюллетенди алуунун тууралыгын текшерүүгө.

2.8.2. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн төмөнкүлөргө укугу жок:

1) шайлоо комиссиясы тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөргө катышууга;

2) түшүндүрмөлөрдү жана көрсөтмөлөрдү берүүгө, шайлоо комиссиясынын атынан билдирүү жасоого;

3) добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду түзүүгө;

4) шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына таандык кылынган чечимдерди кабыл алууда добуш берүүгө катышууга;

5) шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана протоколдоруна кол коюуга.

2.8.3. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары саясий партиянын чечими боюнча ар кандай убакта токтолушу жана башка адамга өткөрүп берилиши мүмкүн.

Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары талапкерлердин тизмесин каттоо жокко чыгарылган учурда да токтотулушу мүмкүн.

Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыялангандан кийин токтотулат.

Саясий партия тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарына, шайлоонун жыйынтыктарына даттанылган учурда шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары даттануунун маңызы боюнча сот тарабынан биротоло чечим чыгарылгандан кийин токтотулат.

2.8.4. Шайлоо комиссияларындагы өкүл Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамына ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

## 3. Саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү

3.1. Саясий партиялар ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү дайындайт, алар шайлоого катышууга байланышкан маселелер, анын ичинде каржылык маселелер боюнча тиешелүү саясий партияларга өкүл болот.

3.2. Депутаттар, Өкмөттүн мүчөлөрү, Президенттин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн аппараттарынын кызматкерлери, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматчылары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар ыйгарым укуктуу өкүл боло алышпайт.

3.3. Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси ар бир ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарын, аты-жөнүн, туулган датасын, паспортунун же анын ордун басуучу документинин сериясы менен номерин жана ал берилген датаны, жашаган жеринин дарегин, негизги ишинин же кызматынын ордун, ээлеген кызматын (негизги иштеген же кызмат кылган жери жок болгон учурда - ишинин түрүн), телефон номерин көрсөтүү менен Борбордук шайлоо комиссиясына берилет. Каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл үчүн - каржы документтерине кол коюу укугу да кошумча көрсөтүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүчү тизмеге аталып кеткен ар бир адамдын ыйгарым укуктуу өкүлдүн ишин жүзөгө ашырууга жазуу жүзүндөгү макулдугу тиркелет.

3.4. Борбордук шайлоо комиссиясы зарыл документтер келип түшкөн күндөн тартып 2 календардык күндүн ичинде мыйзамга ылайык ыйгарым укуктуу өкүлдөргө каттоо күбөлүктөрүн берет же болбосо каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөөлүү чечимди кабыл алат.

3.5. Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү каттоо күбөлүктөрүберилгенден кийин дайындалды деп эсептелинет, ыйгарым укуктуу өкүлдүн укуктарына жана милдеттерине ээ болот.

3.6. Саясий партиянын мамлекеттик же муниципалдык кызматты айкалыштырган ыйгарым укуктуу өкүлү өзүнүн кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланууга укугу жок.

3.7. Ыйгарым укуктуу өкүл:

1) саясий партияны каттоо үчүн документтерди тиешелүү шайлоо комиссиясына берет;

2) шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзөт, үгүт материалдарын таратат;

3) саясий партияларга эфир убактысын берүүнүн тартибин аныктоодо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүргүзүлүүчү чүчү кулактарга катышууга укуктуу;

4) ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындаган саясий партияга тиешеси бар маселелер боюнча шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга укуктуу;

5) мыйзамда белгиленген башка ыйгарым укуктарды, саясий партиянын тапшыруусу боюнча ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

3.8.Саясий партия Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө билдирүү менен ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарын ар кандай убакта токтотууга укуктуу.

3.9.Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аларды каттаган күндөн тартып башталат жана саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде көрсөтүлгөн бардык талапкерлер талапкердин статусун жоготкон учурдан тартып, бирок шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн кечиктирилбестен аяктайт. Каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү шайлоонун жыйынтыктары аныкталган күндөн тартып 20 календардык күндөн кийин аяктайт.

**4. Саясий партиялардын ишенимдүү адамдары**

4.1. Саясий партиялар жана депутаттыкка талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлер аларды көрсөткөн, катталган саясий партия менен макулдашуу боюнча өз ишенимдүү адамдарын дайындоого укуктуу.

4.2. Ишенимдүү адамдарды каттоо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан депутаттыкка талапкердин жана саясий партиянын жазуу жүзүндөгү сунуштамасынын, ушул депутаттыкка талапкердин жана саясий партиянын ишенимдүү адамы болууга макулдугу жөнүндө жарандын өзүнүн арызынын же саясий партиянын жазуу жүзүндөгү сунуштамасынын жана парламенттик шайлоого катышууну каалаган саясий партиянын ишенимдүү адамы болууга макулдугу жөнүндө жарандын өзүнүн арызынын негизинде жүзөгө ашырылат. Шайлоо комиссиясы ишенимдүү адамга белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берет.

4.3. Депутаттар, Өкмөттүн мүчөлөрү, Президенттин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн аппараттарынын кызматкерлери, мамлекеттик бийликтин органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар ыйгарым укуктуу өкүлдөр боло алышпайт.

4.4. Ишенимдүү адамдар депутаттыкка талапкерлер жана/же саясий партия тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чектеринде аракеттенет.

4.5. Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) талапкерлердин тизмесин шайлоого көмөктөшүүчү үгүт жана башка ишти жүзөгө ашырууга, алардын шайлоо алдындагы программаларын сунуштоого;

2) шайлоо алдындагы чогулуштарда, шайлоочулар менен жолугушууларда чыгып сүйлөөгө, шайлоо алдындагы дебаттар менен дискуссияларга катышууга;

3) шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;

4) добуш берүүнү өткөрүүдө, шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөдө шайлоо участкаларында болууга;

5) шайлоо комиссияларынын документтери, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө, шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө протоколдор менен таанышууга;

6) шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууга жана даттануулар менен арыздарды кароого катышууга.

4.6. Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүүгө;

2) шайлоо бюллетендерин алгандыгы үчүн шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга, ошондой эле ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

3) эгерде алар мындай жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларынын журналисттери, чыгармачыл кызматкерлери же болбосо кызмат адамдары болуп саналса, маалыматтык теле- жана радиопрограммаларды (берүүлөрдү) жүргүзүүгө, шайлоону жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу чагылдырууга катышууга.

4.7.Саясий партиялар, саясий партиялардан депутаттыкка талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлер Борбордук шайлоо комиссиясына кабарлоо менен аларды ар кандай убакта чакыртып алууга укуктуу, ал ишенимдүү адамдарга берилген күбөлүктөрдү жокко чыгарат. Ишенимдүү адам Борбордук шайлоо комиссиясына өзүнө берилген күбөлүктү кайтарып берип жана бул жөнүндө өзүн дайындаган саясий партияга билдирүү менен ар кандай убакта өз демилгеси боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын алып салууга укуктуу.

4.8. Ишенимдүү адамдардын ыйгарым укуктары саясий партиятарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесине киргизилген аларды дайындаган талапкерлердин өздөрүнүн статусу ажырашы менен бирге токтотулат.

## 5. Саясий партиялардан байкоочулар

5.1. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия, мыйзамдарда белгиленген тартипте, шайлоого даярдык көрүүгө, добуш берүүнү жүргүзүүгө, добуштарды саноого, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун жыйынтыктарын аныктоого байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруучу байкоочуну дайындоого укуктуу.

5.2. Байкоочу байкоочунун укуктарына жана милдеттерине, тиешелүү шайлоо комиссиясына, аны жиберген уюмдан жолдомо келип түшкөндөн кийин ээ болот. Жолдомодо байкоочунун аты-жөнү, туруктуу жашаган жери, шайлоо участокторунун номерлери, шайлоо комиссияларынын аталыштары көрсөтүлөт, ошондой эле анда мыйзамдарда каралган чектөөлөрдүн жок экени тууралуу жазуу жазылат. Жолдомо паспортту же аны алмаштыруучу документти көрсөткөндө жарактуу. Байкоочуну жиберүү жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт.

5.3. Жигердүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жарандары байкоочу болууга укуктуу.

Төмөнкүлөр байкоочу болууга укуксуз: Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаты, мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызмат адамы, шайлоо комиссиясынын мүчөсү; талапкердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү; судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматчылары, аскер кызматчылары.

5.4. Байкоочу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) кандай гана болбосун деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамын түзүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

2) шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

3) шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

4) шайлоону маалыматтык камсыз кылууга байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

5) шайлоо комиссиясында турган шайлоочулардын тизмеси менен, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга;

6) добуш берүү күнү сутканын каалаган убагында добуш берүүчү жайда болууга;

7) шайлоочулардын добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүлөрүнө катышууга;

8) көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө өз пикирин баяндоого, билдирүү жасоого;

9) ары-бери эркин жүрүүгө жана кайсы гана болбосун шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларында болууга;

10) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузбастан, уюштуруунун жана добуш берүүнүн белгиленген тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендеринин берилишине байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүүнү камсыз кылган аралыкта жана шарттарда шайлоочулардын добуштарын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын добуштарын саноодо толтурулган же толтурулбаган кандай болбосун шайлоо

бюллетени менен таанышууга; шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду жана башка документтерди түзүүлөрүнө байкоо жүргүзүүгө;

11) өзү жиберилген участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, ал эми ал жокто - аны алмаштырган адамга добуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сунуштар жана сын пикирлер менен кайрылууга;

12) ал өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;

13) шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана ага тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

14) өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга;

15) тиешелүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайра саноого катышууга;

16) өзүнүн статусу, аты-жөнү, аны шайлоо комиссиясына жиберген саясий партиянын аталышы белгиленген, шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыбаган төш белги тагынып жүрүүгө;

17) шайлоочулардын добуш берүүлөрүнүн сырын бузбастан, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга тоскоолдук кылбастан фото-көрмө тартууну, укма жазууну жүзөгө ашырууга.

5.5. Байкоочу төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;

2) шайлоочунун өтүнүчү боюнча, шайлоочу үчүн шайлоо бюллетендерин алганына кол коюуга;

3) шайлоочунун өтүнүчү боюнча, ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

4) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого;

5) шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жүргүзүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга;

6) шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылуучу аракеттерди жасоого;

7) шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө;

8) тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга.

5.6. Эгерде байкоочу шайлоо комиссиясынын ишине же Кыргыз Республикасынын жараны өз шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылууга, ошондой эле добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузууга аракет кылса, ал добуш берүүчү жайдан сыртка чыгарылат. Бул жөнүндө чечим участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жазуу жүзүндө кабыл алынат. Мында комиссия бул адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү органдарга кайрылууга укуктуу.

## 6. Шайлоо процессинин стадияларында саясий партиянын өкүлдөрү

6.1. Саясий партиянын өкүлдөрү (мындан ары – өкүлдөр) шайлоолорго катышуу менен жогоруда аталып кеткен ыйгарым укуктардан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды да ишке ашырат.

6.2. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүдө байкоочуларды кошпогондо, байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:

- үгүт өнөгүн уюштурууга жана өткөрүүгө катышууга;
- телерадио көрсөтүү каналдарында биргелешкен үгүт иш-чараларына катышууга;
- үгүт материалдарын жайылтууга;
- башка үгүт иш-чараларына катышууга.

Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүдө өкүлдөр төмөнкүлөргө укуксуз:

- жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин кыянаттык менен пайдаланууга, башкача айтканда улуттук, этностук, расалык, диндик, аймактар аралык кастыкты, гендердик жана башка социалдык артыкчылыктарды, басмырлоолорго, кастыкка чакырууларды үгүттөөгө; же

бийликти басып алуу, конституциялык түзүлүштү зомбулук менен өзгөртүү жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу чакырыктарын; согушту үгүттөөгө; башка мамлекеттердин мамлекеттик жана саясий ишмерлеринин сүрөттөрүн пайдалануу менен фото- жана көрмө материалдарды пайдаланууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигинен кыянат пайдалануунун башка тариздерине тыюу салынат;

- шайлоочуларды сатып алууга: шайлоочуларга акча каражаттарын төлөп берүүгө; шайлоочуларга белектерди жана башка баалуулуктарды тапшырууга; товарларды жеңилдетилген баада сатып өткөрүүнү жүргүзүүгө; талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын басылма үгүт материалдарын, алардын энбелгилерин камтыган төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн ороочторду кошпогондо, кандай гана болбосун товарларды бекер таркатууга; ошондой эле акысыз же жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүлөргө тыюу салынат;

- шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун жыйынтыктары жарыялангана чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө;

- билип туруп жалган маалыматтарга негизделген жана талапкерлердин, саясий партиялардын абийирине, ар-намысына же ишкер беделине зыян келтирген жарыялоолорго жол берүүгө.

6.3. Добуш берүү күнү өкүлдөр добуш берүү үчүн жайда төмөнкүлөргө укуктуу:

- ошол участоктун шайлоочуларынын тизмеси, шайлоо бюллетендери жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү, ошондой эле жайдан тышкары добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча документтер болгон мөөр басылган сейфти (шкафты) ачууга катышууга;

- тизмеге киргизилген шайлоочулардын санын угузууга катышууга;

- шайлоочулардын кагаз жүзүндөгү жана электрондук тизмелерин жөнөкөй көз менен карап чыгууга жана салыштырып текшерүүгө;

- участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен басылган (пломба коюлган) добуш берүү үчүн бош ящиктерди карап чыгууга;

- контролдук баракчаларга кол коюуга жана алардын добуш берүү үчүн ящиктерге ташталышына байкоо жүргүзүүгө;

- шайлоо бюллетендерин кайра эсептөөгө жана алардын санын угузууга катышууга жана көз менен карап чыгууга;

- жогору турган шайлоо комиссиясынан участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан алынган шайлоо бюллетендеринин санынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизилишине байкоо жүргүзүүгө.

Өкүлдөр ошондой эле добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүүнү жүргүзүүдө катышууга укуктуу. Мында өкүлдөр ошондой эле добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү үчүн бош ящиктерди карап текшерип чыгууга жана добуш берүү үчүн ящиктерге ташталуучу контролдук баракчаларга кол коюуга укуктуу.

6.4. Шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө өкүлдөр төмөнкүлөргө укуктуу:

- шайлоочулардын добуштарын эсептөөгө катышууга. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз эсептөө жүргүзүлгөн жер ага шайлоо комиссияларындагы бардык өкүлдөрдүн жетимдүүлүгү камсыз болгондой жабдылууга тийиш. Мында эсептөөгө катышкан бардык адамдар үчүн санап жаткан участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн аракеттерин толук көрүп турууларын камсыз кылынышы керек;

- сүрөткө, кино-, видео тасмага тартууга;

- участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн контролдоосу астында иргелген шайлоо бюллетендери менен таанышып чыгууга;

- добуштарды кайра эсептөөнү талап кылууга;

- алар тараптан көз менен карап текшерүүдө шайлоо бюллетендерин кайра эсептөөгө катышууга;

- шайлоо бюллетендерин, шайлоочулардын тизмелерин таңгактоого, ошондой эле аларды мүшөккө же кутуга иреттеп салууга катышууга, ошондой эле мүшөккө же кутуга өзүнүн кол тамгасын коюуга;

- участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан добуштардын жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин добуш берүүнүн жыйынтыктарын угузууга катышууга;

- шайлоо бюллетендерин, шайлоочулардын тизмелерин, арыздарды (даттанууларды), алар боюнча кабыл алынган чечимдерди, участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн актыларды кошо алганда, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин анын биринчи нускасын аймактык шайлоо комиссиясына жеткирүүнү коштоого;

- добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордо жана (же) жыйынды таблицаларда мүчүлүштүктөр, дал келишпестиктер аныкталганда же аймактык шайлоо комиссияларынан келип түшкөн протоколдордун түзүлүшүнүн тууралыгына шектенүүлөр келип чыккан учурда Борбордук шайлоо комиссиясынын экинчи ирет эсептешине катышууга;

- добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин шайлоо комиссиясынын катчысынан мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн тез арада алууга.

6.5. Шайлоо мыйзамы бузулгандыгы аныкталган же кабыл алынган чечимдерге же аракеттерге (аракетсиздиктерге) макулдук берилбеген учурда өкүлдөр жогору турган шайлоо комиссиясына же сотко мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыздары (даттануулары) менен кайрылууга укуктуу.

Өкүлдөр ошондой эле жарандардын шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) мыйзамда белгиленген тартипте жогору турган комиссияга же сотко арыздары (даттануулары) менен кайрылууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2020-жылдын 26-июнундагы
№ 112 токтому менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө**

**ЖОБО**

Бул Жобо “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө саясий партиялардын атайын шайлоо эсептерин ачуу жана жүргүзүү, шайлоо фонддорунункаражаттары боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук тартибинжөнгө салат.

**1. Шайлоо фонддорун түзүү**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгынаталапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн шайлоо фондун түзүүгө милдеттүү.

Талапкерлердин тизмесинин курамында талапкерлигин койгондор өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзүүгө укуксуз.

2. Шайлоо фонддорунун каражаттарын тескөө укугу аларды түзгөн саясий партияларга, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө таандык.

3. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо дайындалгандан кийин 5 календардык күндүн ичинде шайлоого катышууну каалаган саясий партиялар шайлоого катышууга байланыштуу маселелер, анын ичинде,каржы маселеси боюнча жана “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык саясий партиядан талап кылынуучу шайлоо документтерине кол коюу укугуна ээыйгарым укуктуу эки өкүлүнүнаты-жөнүн жана маалыматтарын көрсөтүү менен Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоого катышары тууралуу жазуу жүзүндө билдирме (тиркемелер менен кошо) жиберүүлөрү керек.

4. Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүчү документтер саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен ырасталууга тийиш.

5. Борбордук шайлоо комиссиясы саясий партияга ушул билдирмени алганы жөнүндө токтоосуз жазуу жүзүндө ырастама жана саясий партиянын шайлоо фондун түзүү максатында атайын шайлоо эсебин ачуу үчүн маалымкат берүүгө милдеттүү.

6. Борбордук шайлоо комиссиясы зарыл документтер келип түшкөн күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде ыйгарым укуктуу өкүлдөргө,анын ичинде саясий партиянын каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнө ырастама берет же “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайыккаттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечим кабыл алат.

7. Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, анын ичинде каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүБорбордук шайлоо комиссиясы тарабынан катталып, каттоо күбөлүктөрү берилгенден кийин дайындалган болуп эсептелет жана ыйгарым укуктуу өкүлдүн укуктарына жана милдеттерине ээ болот.

8. Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 календардык күндөн кийин аяктайт.

9. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн саясий партиянын каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү катталгандан кийин 5 календардык күндүн ичинде шайлоо фондун түзөт.

10. Талапкерлердин тизмеси каттоодон расмий баш тартылган учурда шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттар аларды кайрымдуулук иретинде берүүнү жана которууну жүзөгө ашырган уюмдарга жана адамдарга кайтарылып берилет.

11. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар катталгандан кийин шайлоо алдындагы үгүт иштерин каржылоо үчүн өздөрүнүн ачылган шайлоо фонддорунун эсептерин жүргүзүүнү улантат.

12. Шайлоо фондун түзбөгөндүк талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

## 2. Шайлоо фонддорунун атайын эсептерин ачуу тартиби

13. Шайлоо фондун түзүүчү бардык акча каражаттары банктагы же башка мекемедеги атайын эсепке которулат. Ушул эсеп Борбордук шайлоо комиссиясынын уруксаты менен саясий партия тарабынан ачылат.

14. Шайлоо фондун түзүү үчүн саясий партия банкта же башка мекемеде атайын эсеп ачууга документтерди тариздөө жөнүндө 1-форма боюнча арыз менен Борбордук шайлоо комиссиясына кайрылат.

15. Банк же башка мекемелердин тизмегибанк же башка мекемелер менен макулдашуу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

16. Борбордук шайлоо комиссиясынан атайын эсеп ачууга 2-форма боюнча жазуу жүзүндө уруксат алгандан кийинсаясий партияшайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсеп ачат.

17. Төмөнкү документтер берилгенден кийин атайын эсеп ачуубанк же башка мекеме тарабынан токтоосуз ишке ашырылат:

1) атайын эсеп ачууга арыз (банкта берилет);
2) кардардын анкетасы (банкта берилет);
3) бенефициардык менчик ээсинин анкетасы (банкта берилет);
4) кол тамгалардын үлгүсү менен картачалар (банкта берилет);
5) Борбордук шайлоо комиссиясынын 2-форма боюнча жазуу жүзүндөгү уруксаты;
6) каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүнпаспорту;
7) каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн күбөлүгү.

18. Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлшайлоо фондунунатайын эсеби ачылган күндөн тартып, 3 күндүк мөөнөт ичинде Борбордук шайлоо комиссиясына атайын эсептин реквизиттерин 3-форма боюнчажазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

19. Эсепти тейлөөнүн бардык шарттары банк эсебин тейлөө жөнүндө келишимде чагылдырылууга тийиш.

## 3. Шайлоо фонддорун каржылоо булактары

20. Шайлоо фонддорутөмөнкү акча каражаттарынын, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эсепке алынуучу үгүттүк-маалыматтык мүнөздөгү материалдардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин эсептик көрсөткүчтөн 15000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон өз каражаттарынан;
2) саясий партиянын эсептик көрсөткүчтөн 1000000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон өз каражаттарынан;
3) жеке жактардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн;
4) укуктук жактардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 30000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн.

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен чыгымдарынын чектик суммасы эсептик көрсөткүчтөн 3000000 эседен ашуусу мүмкүн эмес.

21. Кайра добуш берүү өткөрүлгөн учурда саясий партиянын бардык чыгымдарынын жалпы чектик суммасы шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен бир жарым эсеге көбөйтүлүшү мүмкүн.

22. Саясий партиянын шайлоо фондунун атайын шайлоо эсебине өз акча каражаттарын акы албай киргизүү ыктыярдуу кайрымдуулук көрсөтүү деп таанылат.

23. Тиешелүү шайлоо фондуна жеке адамдардан түшүүчү ыктыярдуу каражаттарды банк жана башка мекеме Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту көрсөтүлгөндө гана кабыл алат. Төлөм документтеринде кайрымдуулук кылуучунун фамилиясы, аты-жөнү, туулган датасы, жашаган (катталган) жеринин дареги, жарандын паспортунун сериясы жана номуру көрсөтүлөт, аларды банк кызматкери паспорттун маалыматтары менен салыштырат. Накталай акча взносуна

квитанцияларда кайрымдуулук кылуучунун толук маалыматтары “төлөмдүн багыты” деген графада көрсөтүлөт. Көрсөтүлгөн каражаттарды акча каражаттарын алган банктан шайлоо фонду ачылган банкка которгон учурда төлөм тапшырмасында кайрымдуулук кылуучу жөнүндө маалыматтартолук көрсөтүүлгө тийиш.

24. Шайлоо фондуна укуктук жактардан түшүүчү ыктыярдуу каражаттар банк же башка мекеме тарабынан тийиштүү салык инспекциясынан жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бөлүмчөсүнөналардын бюджет алдында карызы жок экендиги жөнүндө маалымкат көрсөтүлгөндө гана кабыл алынат. Укуктук жактардын төлөм документтериндеги “төлөм багыты” деген графада салык төлөөчүнүн иденттештирүү номуру, укуктук жактын толук аталышы, жайгашкан дареги камтылууга тийиш.

25. Белгиленген өлчөмдөн ашык келип түшкөн акча каражаттары шайлоо фондуна киргизилүүгө тийиш эмес, алар жарандарга жана уюмдарга кайтарылып берилет. Мында көрсөтүлгөн каражаттарды кайтарып берүүгө байланыштуу чыгымдар аларды берген жарандардын жана уюмдардын эсебинен жабылат.

26. Саясий партиялардын шайлоо фонддоруна түшүүчү акча каражаттарышайлоону дайындоо күнүнө карата Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен белгиленген эсептик көрсөткүчтөн эсептелет.

27. Шайлоо фонддоруна түшүүчү акча каражаттары улуттук валютада кабыл алынат. Көрсөтүлгөн эсептер боюнча кирешелер эсептелбейт жана төлөнбөйт.

## 4. Шайлоо фонддоруна кайрымдуулукка тыюу салуулар

28. Шайлоо фонддоруна төмөнкүлөрдүн ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнө жол берилбейт:

- чет мамлекеттердин, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк укуктук жактардын, алардын бөлүмдөрүнүн жана өкүлчүлүктөрүнүн, катышуучусу чет өлкөлүк жарандар жана укуктук жактар болуп саналган чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында катталган укуктук жактарынын;
- жарандыгы жок адамдардын;
- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;
- мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын;
- уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүш бар, ошондой эле салыктар, жыйымдар жана башка милдеттүү төлөмдөр боюнча жеңилдиктерден пайдаланган укуктук жактардын;
- аскер бөлүктөрүнүн, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;
- укук коргоо органдарынын, соттордун;
- кайрымдуулук менен алектенген уюмдардын;
- диний уюмдардын;
- атын атабай кайрымдуулук кылуучулардын (атын атабай кайрымдуулук кылуучу болуп төмөнкү маалыматтардын бирин: фамилиясын, атын, атасынын атын, жашаган жеринин дарегин, паспорттук маалыматтарын көрсөтпөгөн, ошондой эле өзү жөнүндө анык эмес маалыматтарды көрсөткөн жаран түшүнүлөт).

Саясий партиянын шайлоо фондуна мамлекеттик бюджеттин же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдында карызы бар укуктук жактардын, укуктук жак түзбөстөн ишкердикти жүзөгө ашыруучу жеке жактардын акча каражаттарын кошууларына жол берилбейт. Көрсөтүлгөн укуктук, жеке жактар шайлоо фондуна акча каражаттарын которгон учурда талапкер, саясий партия жоопкерчилик тартпайт. Саясий партиянын шайлоо фондуна жогоруда көрсөтүлгөн жеке жана укуктук жактар которгон акча каражаттары келип түшкөн учурда, соттун чечими боюнча банк же башка мекеме, ал каражаттарды Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын фондуна(депозит эсеби) которууга милдеттүү, ал өз кезегинде бул каражаттарды мамлекеттик бюджетке же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которот.

## 5. Шайлоо күрөөсү

30. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын фондуна (депозит эсеби) мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн элүү миң эселенген өлчөмүндөгү шайлоо күрөөсүн төгөт, бул тууралуу тийиштүү банкдокументин алат.

31.Талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоо күрөөсү төлөнгөнүн ырастаган документти берет(“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарына ылайык башка документтер менен кошо).

32. Шайлоо күрөөсү Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга төмөнкүдөй учурларда кайтарып берилет:

1) добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 пайыздан кем эмесин алгандарга, алар шайлоодон кийин 10 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына өз фондунун өлчөмү жана аны түзгөн бардык булактар, ошондой эле бардык жүргүзүлгөн чыгымдар жөнүндө отчет бергенден кийин;

2) эгерде Борбордук шайлоо комисиясы тарабынан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынса;

3) шайлоо бюлеттенинин тексти жана формасы бекитилгенге чейин шайлоого андан ары катышуудан баш тарткандарга.

Күрөөнүн калган суммасы бюджетке чегерилет.

## 6. Шайлоо фонддорунун каражаттарын эсепке алуу жана чыгымдоо

33. Шайлоо фонддорунун каражаттары максаттуу болот. Алар шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланышкан чыгымдарды жабуу үчүн гана пайдаланылышы мүмкүн.

34. Шайлоо фонддорунун каражаттары төмөнкүлөргө гана пайдаланылышы мүмкүн:

1) шайлоо алдындагы үгүткөбагытталган уюштуруу-техникалык чараларды каржылык камсыздоого;

2) ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген өлчөмдө шайлоо күрөөсүн төлөөгө;

3) шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан жумуштарды аткарууга, кызматтарды көрсөтүүгө төлөөгө, атап айтканда, төмөнкүлөргө:

- маалыматтык жана кеңеш берүү мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөргө;
- үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга;
- жайларды, жабдыктарды ижарага алууга;
- транспорттук жана иш сапар чыгымдарын жабууга;
- байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө;
- канцеляриялык товарларды, жабдыктарды сатып алууга;
- жарыяларды жана талапкердин сүйлөгөн сөздөрүн жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоого;
- шайлоочулар менен шайлоо алдындагы чогулуштарды, жолугушууларды өткөрүүгө.

35. Саясий партиякайрымдуулук кылуучулар тарабынан добуш берүү күнүнө чейин белгиленген тартипте которулган жарандардын жана укуктук жактардын кайрымдуулук берүүлөрүн гана пайдаланууга укуктуу.

36. Саясий партияларга шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө, башка шайлоо алдындагы иш-чараларды жүзөгө ашырууга өздөрүнүн шайлоо фонддоруна келип түшкөн каражаттардан тышкары акча каражаттарын пайдаланууга тыюу салынат.

37. Саясий партия банк же башка мекемедеги өзүнүн шайлоо фондунун эсебине келип түшкөн акча каражаттарынын булактары жана өлчөмдөрү жөнүндө маалымат менен таанышууга укуктуу.

Саясий партия өзүнүн шайлоо фондунун эсептериндеги акча каражаттарынын келип түшүүлөрүнүн жана чыгымдалышынын эсебин шайлоо фондундагы каражаттардынкелип түшүүлөрү жана чыгымдалышынын каржылык операциялары жөнүндө маалыматтарды чечмелөө менен 4-форма боюнча жүргүзүүгө милдеттүү.

38. Банк же башка мекемежума сайын, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча – күн сайын 24 сааттын ичинде саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясына 5-форма боюнча берип турууга милдеттүү.

Көрсөтүлгөн маалыматтарбанктын же башка мекеменин жетекчисинин колтамгасы жана мөөрү бар кагазда жана электрондук түрдө берилет. Бул маалыматтарды берүү жөнүндө жобо банк эсебин тейлөө жөнүндө келишимге киргизилет.

Саясий партиялардын шайлоо фондунун атайын эсептерин тейлеген банк же башка мекеме үчүн добуш берүү күнүнүн мурунку күнү жумуш күн болуп саналат.

39. Саясий партия талапкерлердин тизмесин чакырып алган же талапкерлердин тизмесин каттоо жокко чыгарылган (алынып салынган) учурда, шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттары аларды берген жарандарга жана уюмдарга кайтарылып берилүүгө тийиш. Мында көрсөтүлгөн каражаттарды кайтарып берүүгө байланыштуу чыгымдар аларды берген жарандардын жана уюмдардын эсебинен жабылат.

40. Кайра добуш берүү өткөрүүдө саясий партиялардын атайын эсептери боюнча каржылык операциялар кайра добуш берүү күнү дайындалган күнү кайра ачылат жана кайра добуш берүү күнүнүн мурунку күнү саат 18де токтотулат.

41. Шайлоо фонддорунун каражаттарына, көрсөтүлгөн фонддорго ыктыярдуу кайрымдуулук менен берилген жана чегерилген каражаттарга, ошондой эле көрсөтүлгөн фонддордун чыгымдарына салык салуунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленет.

## 7. Жарандар жана укуктук жактар менен эсептешүү

42. Саясий партиянын шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу белгилүү жумуштарды аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө жарандар жана укуктук жактар менен келишимдер (макулдашуулар) саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан түзүлөт.

Саясий партиялардын атайын эсептеринен төлөөлөр боюнча келишимдер жана макулдашуулар добуш берүү күнүнүн мурунку күнүнөн кеч түзүлүшү мүмкүн эмес.

Бардык каржылык операциялар, анын ичинде жеке жана укуктук жактар менен атайын эсептер боюнча эсептешүүлөр шайлоо күнүнүн мурунку күнү саат 18де токтотулат.

Саясий партиялардын жана укуктук жактардын ортосунда белгилүү иштерди (кызмат көрсөтүүнү) аткарганы үчүн эсептешүүлөр которуу жолу менен гана жүзөгө ашырылат.

43. Жарандар жана укуктук жактар аткаруучу акы төлөнүүчү иштер жана кызмат көрсөтүүлөр жазуу жүзүндө (келишим, эсеп-фактура, коштомо кагаз, кабыл алуу-өткөрүү актысы ж.б.) таризделүүгө тийиш. Келишимдер тараптардын реквизиттерин, тапшырылуучу иштин көлөмү жөнүндө маалыматтарды, анын наркын, иштердин түрлөрү боюнча бааларды (калькуляция, смета), акы төлөө тартибин, иштерди аткаруу мөөнөтүн, тараптардын жоопкерчилигин жана башка шарттарды камтууга тийиш. Иштерди аткарууга жана кызмат көрсөтүүгө жарандарды тартуу жөнүндө келишимдер Кыргыз Республикасынын жашы жеткен жарандары менен гана түзүлүшү мүмкүн.Аткарылган иштер жана кызмат көрсөтүүлөр тапшырыкчы (каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл) жана аткаруучу кол койгон аларды кабыл алуу актылары же берилген продукциягакоштомо кагаз(накладной) документтери менен ырасталууга тийиш.

44. Шайлоо алдындагы үгүт материалдарын чыгаруу, жайгаштыруу жана таркатуу менен байланышкан тапшырыктарды түзүү учурунда жарандар жана укуктук жактар мезгилдүү басылманын редакциясына, телерадиоберүү уюмуна, үгүт продукциясын чыгарууну жүзөгө ашыруучу ишканага 6-тиркемеде келтирилген форма боюнча бул иштерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткарууга жана аларга шайлоо фондунан акы төлөөгө каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн макулдугун жазуу жүзүндө ырастоону берет.

45. Бардык басылма жана башка үгүт материалдары үгүт материалдарын даярдаган уюмдун аталышын жана дарегин (адамдын фамилиясын, аты-жөнүн жана жашаган жеринин дарегин), үгүт материалдарын даярдоону тапшырык кылган жактын фамилиясын, аты-жөнүн (уюмдун, жеке ишкердин аталышын), алардын тиражы жана чыгаруу датасы жөнүндө маалыматты, даярдагандык үчүн тийиштүү шайлоо фондунун каражаттарынан акы төлөө жөнүндө маалыматты, ошондой эле тапшырыкка акы төлөгөн саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясын, аты-жөнүн камтууга тийиш. Көрсөтүлгөн маалыматты камтыбаган үгүт материалдарын таркатууга тыюу салынат.

46. Тийиштүү шайлоо фондунун каражаттарынан алдын ала акы төлөнмөйүнчө үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат.

47. Жарандар жана укуктук жактаршайлоо фонддору аркылуу гана талапкерлердин тизмесин шайлоого көмөктөшүүчү ишке каржылык (материалдык) колдоо көрсөтүүгө укуктуу.

Укуктук жактардын, алардын филиалдарынын, өкүлчүлүктөрүнүн, ошондой эле жеке жактардын шайлоого түздөн-түз же кыйыр түрдө байланышкан иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү акысыз аткаруусуна же негизсиз төмөндөтүлгөн баада аткаруусуна, товарларды жеңилдетилген шартта сатуусуна тыюу салынат.

## 8. Отчеттуулук жана контроль

48. Саясий партияларөз фондун түзүүнүн өлчөмдөрү жана бардык булактары, ошондой эле бардык жумшалган чыгымдар жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясына отчет берүүгө милдеттүү.Отчет кагазда, электрондук версияда (колу жана мөөрү менен сканерленген көчүрмө) жана EXCEL форматындаэлектрондук сактагычта 7-форма боюнча төмөнкүдөй иретте берилет:

1) биринчи каржылык отчет – Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоо күрөөсү коюлгандыгын ырастаган документтерди жана каттоо үчүн зарыл болгон башка документтерди берүү менен бир учурда;

2) экинчи каржылык отчет (биринчи каржылык отчетту эске алуу менен) – добуш берүү күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен;

3) үчүнчү жыйынтыктоочу каржылык отчет (жыйынды маалыматтар) – добуш берүү күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен.

Отчеттогу маалыматтар отчетту тапшыруу датасына чейинки 3 күндөн ашпаган датага карата түзүлөт.

Жыйынтыктоочукаржылык отчетко төмөнкүлөр тиркелет:

-“Саясий партиянын шайлоо фондусунаакча каражаттарынын келип түшүүлөрүн жана чыгымдалышын эсепке алуу” (4-форма);

- шайлоо фондунун атайын эсебине акча каражаттары келип түшкөндүгүн жана чыгымдалгандыгын ырастаган кагаздагы баштапкы каржылык документтер(эсеп-фактура, келишим, коштомо кагаз, кабыл алуу-өткөрүү актысы, банктык көчүрмөлөр ж.б.).

49.Жыйынтыктоочу каржылык отчеттогу баштапкы каржылык документтер каржылык операциялар атайын эсептерде чагылдырылышына жараша хронологиялык ырааттуулукта тандалууга тийиш. Мында шайлоо фонддорунун атайын эсептеринен көчүрмөлөр негиз катары кабыл алынат, аларга акча каражаттарын эсепке кошуу же эсептен чыгаруу үчүн негиз болгон зарыл документтер тиркелет.

50. Жыйынтыктоочу каржылык отчет брошюраланган түрдө берилип, беттерине, анын ичинде тиркемелерине баштан аяк номурларкоюлууга тийиш. Борбордук шайлоо комиссиясынын суроо-талабы боюнча маселе келип чыккан учурда саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү каржылык отчетко түшүндүрмө кат берет.

51. Каржылык отчетко (биринчи, экинчи, жыйынтыктоочу) саясий партиянын жетекчиси жана каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү кол коётжана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясына жыйынтыктоочу каржылык отчеттордун берилгендиги кабыл алуу актысы менен таризделет.

52. Жыйынтыктоочу каржылык отчет берилгенге чейин калган бардык накталай каражаттар кайрымдуулук кылуучуларга кайтарылып берилүүгө тийиш.

53. Атайын эсептеги чыгымдалбаган акча каражаттарынын калдыктарыдобуш берүү күнүнөн кийинсаясий партияга кайтарылып берилет.

54. Саясий партиянын каржылык отчетун берүү милдети каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө жүктөлөт.

55. Саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүү жана алардын каражаттарын чыгымдоо тартибине Борбордук шайлоо комиссиясы контролдук жүргүзөт.

56. Саясий партиялардын шайлоо фонддоруна акча каражаттарынын келип түшүү булактарын, каражаттардын туура эсептелишин жана пайдаланылышын контролдоо, саясий партиялардын каржылык отчетторун текшерүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында контролдоо-текшерүү тобу түзүлөт. Контролдоо-текшерүү тобун уюштуруунун жана иштөө тартибин Борбордук шайлоо комиссиясы аныктайт.

## 9. Шайлоо фонддорун каржылоонун айкындуулугу

57. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүнүн ачык-айкындуулугу максатында төмөнкү маалыматтар Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына милдеттүү түрдө жайгаштырылууга тийиш:

1) Банк же башка мекеме тарабынан берилүүчү саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтаржекече маалыматтар жана банктык сыр жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен. Чагылдыруу форматы кайрымдуулук кылуучулардын акча каражаттарынын келип түшүүсү (түшкөн датасы, укуктук жактын аталышы/жеке жактын ФАА, кайрымдуулуктунсуммасы) жана каражаттардын чыгымдалышы (чыгымдоо датасы, укуктук жактын аталышы/жеке жактын ФАА, төлөмдүн багыты жана суммасы) боюнча маалыматтарды камтыйт;

2) Саясий партиялардын каржылык отчетко (биринчи, экинчи, жыйынтыктоочу);

3) Саясий партиялардын шайлоо күрөөлөрүнөн түшкөн каражаттардынсуммасыжөнүндө маалыматтар;

4) Саясий партияларга кайтарылып берилгеншайлоо күрөөлөрүнүн суммасыжанабюджетке чегерилген сумма жөнүндө маалыматтар.

## 10. Жоопкерчилик

58. Саясий партия тарабынан шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарын чыгымдоо тартибин бузуу, шайлоо фондунун чыгымдарынын чектүү суммасын ашыруу, каржылык отчетторун бербөө жана жарыялабоо,саясий партиялардынотчетторунда камтылган анык эмес маалыматтарды берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке кириптер кылат.

59. Саясий партия өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары, саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланганда же саясий партия өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды шайлоо фондундагы каражаттардын бардык чыгымдарынын белгиленген суммасынын чегинен 0,5 пайыздан ашыкча чыгымдаганда Борбордук шайлоо комиссиясынынконтролдоо-текшерүү тобунун сунушу мененталапкерлердин тизмесининкаттоосужокко чыгарылат.

60. Өз өкүлдөрүнүн "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарын бузууга байланыштуу аракеттери үчүнсаясий партиялар жоопкерчиликке кириптер кылынат.

61. Борбордук шайлоо комиссиясы бузуу фактысын аныктоо максатында көмөктөшүү үчүн мамлекеттик бийлик органдарына, фискалдык жана укук коргоо органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруунунорgandарына, мекемелерге, уюмдарга, ишканаларга кайрылууга укуктуу.

Саясий партия тарабынан
Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына берилет

**Тиркеме**
**№1 форма**

Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңешинин депутаттарын шайлоо
Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына

____________________________________
(саясий партиянын аталышы)

**саясий партиясынан**
**Атайын эсеп ачууга**

**АРЫЗ**

Өз шайлоо фондун түзүү үчүн ____________________________________
(банк мекемесинин аталышы, укуктук дареги)

**атайын эсеп ачууга уруксат берүүнү өтүнөбүз.**

**Төмөнкүлөр шайлоо фондунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдар болуп саналат:**

**биринчиколкоюуукугуменен**____________________________________
(саясий партиянын жетекчисинин / саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ФААсы)

**экинчиколкоюуукугуменен**____________________________________
(каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ФААсы)

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө саясий партиялардын шайлоо фонддорун ачуу, ал фонддордун каражаттары боюнча атайын эсептерди жүргүзүү тартиби жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тааныштык жана сактоого милдеттенебиз**.

____________________________________ ____________________
(саясий партиянын жетекчисинин ФААсы) (колу)
М.О.

____________________________________ ____________________
(каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ФААсы) (колу)

«___» _____________20___-ж.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясы тарабынан
саясий партияга берилет

**№2 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо**

____________________________________
____________________________________
(банк мекемесинин аталышы)

**Атайын эсеп ачуу жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 41-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы саясий партиянын шайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсеп ачууга уруксат берет.

____________________________________________________________________
(саясий партиянын аталышы)

Төмөнкүлөр саясий партиянын шайлоо фондусунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу болуп саналат:

1.__________________________________________________________________
(саясий партиянын жетекчисинин / саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ФААсы)

2.__________________________________________________________________
(каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ФААсы)

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын Төрагасы __________________________________
(ФААсы, колу)

М.О.

«___» ______________20___-ж.

Саясий партия тарабынан
Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына берилет

**№3 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо**

«___» ______________20___-ж.
(добуш берүү датасы)

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
___________________________________
(саясий партиянын аталышы)
саясий партиясынан

**Шайлоо фондундагы атайын эсептин реквизиттери жөнүндө**

**БИЛДИРМЕ**

Шайлоо фондунун акча каражаттары боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук үчүн

_________________________________________________________________________________
(банк мекемесинин аталышы)

№ ______________________________________________ атайын эсеп ачылганын билдиребиз.

__________________________________________________ ________________________
(саясий партиянын жетекчисинин /саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ФААсы) (колу)

М.П. «___» ______________20____-ж.

Саясий партия тарабынан
Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына берилет

**№4 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо**

**20__ -ж. "___" _______________ 20__-ж. "___" ____________________ мезгил үчүн**

**саясий партиянын шайлоо фондундагы акча каражаттарынын келип түшүүлөрүн жана чыгымдалышын**
**ЭСЕПКЕ АЛУУ**

_____________________________________________________
(саясий партиянын аталышы)

_______________________________________________
(атайын эсептин реквизиттери)

## 1. Шайлоо фондуна акча каражаттарынын келип түшүүлөрү

| Акча каражат-тарынын келип түшүүлөрүнүн датасы | укуктук жактын толук аталышы/ жеке жактын ФААСы | Реквизиттер (укуктук жактын ИННи, укуктук дареги / жеке жактын ПИНи, жашаган жеринин дареги) | Берененин аталышы (келип түшүүлөрдүн түрү) | Суммасы, сом |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| **БАРДЫГЫ, сом** | | | | |
| **анын ичинде** | | | | |
| ***жеке жактардан келип түштү, БАРДЫГЫ, сом*** | | | | |
| ***укуктук жактардан келип түштү, БАРДЫГЫ, сом*** | | | | |

## 2. Шайлоо фондунун акча каражаттарынан чыгымдалды

| Чыгым операциясынын датасы | Алуучу (укуктук жактын толук аталышы/ жеке жактын ФААСы) | Берененин аталышы (чыгымдын түрү) | Чыгымдын сыпатталышы | Чыгымдын негизи (Келишим №, акы төлөө эсеби, ж.б.) | Суммасы, сом |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| **БАРДЫГЫ, сом** | | | | | |
| **анын ичинде** | | | | | |
| ***кайрымдуулук кылуучуларга кайтарылды*, БАРДЫГЫ, сом*** | | | | | |
| ***республикалык бюджеттин кирешесине чегерилди*, БАРДЫГЫ, сом*** | | | | | |

* Кайрымдуулук кылуучуларга кайтарылган акча каражаттарынын жана республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу менен атайын эсепке түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасы көрсөтүлөт.

**Саясий партиянын шайлоо фондундагы акча каражаттарынын келип түшүүлөрүн жана чыгымдалышын эсепке алуу боюнча ушул отчеттогу маалыматтардын аныктыгын жана толуктугун ырастайбыз. Шайлоо өнөктүгүн уюштурууга жана өткөрүүгө шайлоо фондундагы акча каражаттарынан башка каражаттар тартылган жок. Анык эмес маалыматтарды бергендик үчүн жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талабы менен таанышканбыз.**

______________________________ ____________________
(саясий партиянын жетекчисинин ФААсы) (колу)

М.П.

______________________________ ____________________
(Ф.И.О. уполномоченного представителя по финансовым вопросам) (колу)

"___" _________________ 20___ -ж.

Банк мекемеси тарабынан
Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына берилет

**№5 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо**
**Саясий партиянын шайлоо фондунун атайын эсебинде турган акча каражаттарынын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө**
**МААЛЫМАТТАР**

___________________________________
(саясий партиянын аталышы)

___________________________________
(атайын эсептин реквизиттери)

20__ -ж. “___” _______________ 20__-ж. “___” ___________________ чейинки мезгилде каражат келип түштү

| Каражаттарды эсепке киргизүү датасы | Келип түшүүлөрдүн булагы (укуктук жактын толук аталышы/ жеке жактын ФААСы) | Реквизиттер (укуктук жактын ИННи / жеке жактын ПИНи)* | Төлөмдүн багыты* | Суммасы, сом | Каражаттардын түшкөндүгүн ырастоочу документ* | Төгүүчүнүн маалыматтарды жарыялоого макулдугунун бардыгы (бар/жок)* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| Бардыгы | | | | | | |

20__ -ж. “___” _______________ 20__-ж. “___” ___________________ чейинки мезгилде каражат чыгымдалды

| Чыгымдоо операциясынын датасы | Алуучу (укуктук жактын толук аталышы/ жеке жактын ФААСы) | Төлөмдүн багыты | Суммасы, сом | Каражаттарды чыгымдоо үчүн негиздер* |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | Бардыгы | |

Банк же башка мекеме тарабынан берилүүчү маалыматтар * менен белгиленген тике тилкеде жайгашкандардан башкасы жекече маалыматтар жана банктык сыр жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жарыяланат.

___________________________________ ___________________
(банктын башкаруучусунун ФААсы, кызмат орду) (колу)

М.О. «___» _____________20___-ж.

Саясий партия тарабынан иш аткарууга,
кызмат көрсөтүүгө жарандарга жана
укуктук жактарга берилет

**№6 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо**
**Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн макулдугун**
**ЫРАСТОО**

___________________________________________________________________________
(саясий партиянын аталышы)

саясий партиясынан каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл болуп саналган

мен,_______________________________________________________________________
(каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ФААсы)

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы "_____"_______________20___ -ж. берген № ______ каттоо күбөлүгүнүн негизинде жаран, укуктук жак

___________________________________________________________________________
(жарандын ФААсы, уюмдун аталышы)

20___-жылдын "__"________№ _________келишимине ылайык иштерди аткарууга (товарларды сатууга, кызматтарды көрсөтүүгө) жана аларды

___________________________________________________________________________
(банк мекемесинин аталышы, жайгашкан жери)

___________________________________________________________________________
(шайлоо фондунун атайын эсебинин №)

шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөөгө уруксат берем

_____________________________________________ ___________________
(каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ФААсы) (колу)

М.О. «___» _____________20___-ж.

Саясий партия тарабынан
Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына берилет

**№7 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо**
**20__ -ж. "___" _______________ 20__-ж. "___" ___________________ мезгил үчүн**
**саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө**

## КАРЖЫЛЫК ОТЧЕТ

_______________________________________________
биринчи, жкинчи, жыйынтыктоочу (жыйынды маалыматтар)

_______________________________________________
(саясий партиянын аталышы)

_______________________________________________
(атайын эсептин реквизиттери)

| Ирет № | **Берененин аталышы** | **Саптын коду** | **Суммасы, сом** | **Эскертүү** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 1 | **Отчеттук мезгилдин башталышына калдык** | 010 | | |
| **2** | **Шайлоо фондуна каражат келип түштү, бардыгы** | 020 | | |
| | анын ичинде: | | | |
| 2.1 | ***Белгиленген тартипте каражаттардын келип түшкөнү, анын ичинде:*** | 030 | | |
| 2.1.1 | Талапкердин өз каражаттары | 040 | | |
| 2.1.2 | Саясий партиянын өз каражаттары | 050 | | |
| 2.1.3 | Укуктук жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары | 060 | | |
| 2.1.4 | Жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары | 070 | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **2.2.** | ***КР мыйзамдарын бузуу менен келип түшкөнү, анын ичинде:*** | 080 | | |
| 2.2.1 | Укуктук жактардан | 090 | | |
| 2.2.2 | Жеке жактардан | 100 | | |
| 2.3 | ***Кайтарылган шайлоо күрөөсүнүн келип түшкөн суммалары*** | 110 | | |
| 2.4 | Мыйзам тыюу салбаган башка келип түшүүлөр | 120 | | |
| 3 | **Шайлоо фондунан акча каражаты кайтарылды, бардыгы** | 130 | | |
| | анын ичинде: | | | |
| 3.1. | Республикалык бюджеттин кирешесине чегерилди | 140 | | |
| 3.2 | **Кайрымдуулук кылуучуларга кайтарылды, бардыгы:** | 150 | | |
| | анын ичинде: | | | |
| 3.2.1 | *Кайрымдуулук кылууга тыюу салынган же болбосо, төлөм документинде милдеттүү маалыматтарды көрсөтпөгөн укуктук жактарга* | 160 | | |
| 3.2.2 | *Кайрымдуулук кылууга тыюу салынган же болбосо, төлөм документинде милдеттүү маалыматтарды көрсөтпөгөн жеке жактарга* | 170 | | |
| 3.3 | ***Кайрымдуулук кылуунун чек өлчөмүнөн ашкан каражаттар*** | 180 | | |
| 4 | **Шайлоо фондунан каражаттар чыгымдалды, бардыгы** | 200 | | |
| 4.1 | ***Шайлоо күрөөсүн төгүү*** | 210 | | |
| 4.2 | ***Шайлоо алдындагы үгүткө багытталган уюштуруу-техникалык чараларды каржылык камсыздоо, бардыгы*** | 220 | | |
| | анын ичинде: | | | |
| 4.2.1 | Телерадиоберүү уюмдары аркылуу шайлоо алдындагы үгүткө | 230 | | |
| 4.2.2 | Мезгилдүү басылмалардын редакциялары, интернет-басылмалары аркылуу шайлоо алдындагы үгүткө | 240 | | |
| 4.2.3 | Басылма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарды чыгаруу жана таркатуу | 250 | | |
| | анын ичинде: | | | |
| 4.2.3.1 | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн үгүт материалдарды ( үгүт материалдарынын жалпы нускасынын бир пайызынан аз эмес санында) чыгаруу | 260 | | |
| 4.2.4 | *Кулактандырууларды жана талапкерлердин сөздөрүн жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоо* | 270 | | |
| 4.2.5 | *Шайлоо алдындагы чогулуштарды, шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүү* | 280 | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4.3 | ***Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө түздөн-түз байланыштуу иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу үчүн төлөө, бардыгы*** | 290 | | |
| | анын ичинде: | | | |
| 4.3.1 | *Маалыматтык жана кеңеш берүү мүнөзүндөгү иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө* | 300 | | |
| 4.3.2 | *Имарат-жайларды, жабдыктарды ижарага алууга* | 310 | | |
| 4.3.3 | *Транспорт жана иш сапарлардын чыгымдарын жабууга* | 320 | | |
| 4.3.4 | *Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү* | 330 | | |
| 4.3.5 | *Канцелярия товарларын, жабдыктарды сатып алуу* | 340 | | |
| 4.4 | ***Шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен түздөн-түз байланыштуу башка чыгымдарды төлөөгө*** | 350 | | |
| | анын ичинде: | | | |
| 4.4.1 | *Салык чегерүүлөрү жана социалдык милдеттенмелер* | 360 | | |
| 4.4.2 | *Мыйзам тыюу салбаган башка чыгымдар* | 370 | | |
| **5.** | **Отчеттук мезгилдин аягына калдык** | 380 | | |

**Ушул каржылык отчетто көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгын жана толуктугун ырастайм. Шайлоо өнөктүгүн уюштурууга жана өткөрүүгө шайлоо фондундагы акча каражаттарынан башка каражаттар тартылган жок. Анык эмес маалыматтарды бергендик үчүн жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талабы менен таанышканбыз.**

______________________________ ______________
(саясий партиянын жетекчисинин ФААсы) (колу)

______________________________ ______________
(каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ФААсы) (колу)

"___" ________________ 20__ -ж.

М.О.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2020-жылдын 26-июнундагы
№ 118 токтому менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө**

**ЖОБО**

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» ушул Жобо (мындан ары – Жобо) Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн, ошондой эле шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет басылмалардын шайлоо алдындагы үгүт иштерине катышуусунун тартибин жана шарттарын регламенттейт.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар жана башка шайлоо процессинин субъекттери тарабынан шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүдө шайлоо мыйзамдарын бир түрдүү пайдаланууну камсыз кылуу, шайлоо жөнүндө мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эркин үгүт жүргүзүүнү камсыз кылуу ушул Жобонун максаты болуп саналат.

3. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (мындан ары – конституциялык Мыйзам), “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө”, “Журналистин кесиптик ишин коргоо жөнүндө”, “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө”, “Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө”, “Тынч чогулуштар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссия) башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

## 1-глава. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү түшүнүгү жана мөөнөттөрү

4.Кыргыз Республикасынын жарандарынын, талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана ишенимдүү адамдарынын шайлоочуларды тигил же бул талапкерлердин тизмелери үчүн же болбосо аларга каршы добуш берүүгө түрткөн же болбосо түртүү максатын көздөгөн шайлоо өнөктүгүнүн мезгилиндеги маалыматтарды даярдоо жана таратуу боюнча иштери шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү болуп саналат.

5. Шалоо алдындагы үгүт жүргүзүү талапкерлердин бардык тизмесин каттоо мөөнөтү бүткөн күндөн тартып башталат жана добуш берүүгө чейин 24 саат калганда токтотулат.

6. Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар шайлоо өткөрүлгөндө Конституциялык Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, башка ченемдиу укуктук актыларга, ошондой эле ушул Жобого ылайык мамлекет тарабынан эркин үгүт иштерин жүргүзүү камсыз кылынат.

7.Кыргыз Республикасынын жарандары, талапкерлер, саясий партиялар шайлоого катышуу үчүн үгүт иштерин жүргүзүүгө, ар кандай талапкерлердин тизмесин жактап же аларга каршы үгүт жүргүзүүгө, шайлоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоо менен саясий партиялардын шайлоо алдындагы программаларын эркин жана ар тараптуу талкуулоого укуктуу.

8. Шайлоо кампаниясынын мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар талапкерлердин тизмесин сунуш кылган саясий партиянын макулдугу боюнча

гана жана анын шайлоо фондусу аркылуу каржылоо талап кылынган шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүгө укуктуу.

Үгүт иштери жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле интернет басылмалар аркылуу чогулуштарда, митингдерде өткөрүлүшү мүмкүн. Үгүт иштеринин флормасы жана усулу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүүгө тийиш.

9. Төмөнкүлөр шайлоо алдындагы үгүт деп таанылат:

1) тигил же бул талапкерлердин тизмеси үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр;

2) айрым талапкерлерге, саясий партияларга карата колдоону билдирүү;

3) талапкерлердин тизмелерин шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу;

4) талапкерлердин, алардын кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык (кызмат орундук) милдеттерин аткарууларына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу.

10. Шайлоо өткөрүүдө үгүт штери төмөндөгүлөр аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн:

1) жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу;

2) стадиондордо жана калктуу конуштардын көчөлөрүндө концерттерди, театралдаштырылган көрсөтүүлөрдү, ошондой эле спорттук иш-чараларды кошпогондо, эл алдында ачык үгүт иштерин (митнигдерди, чогулуштарды, теле дебаттарын) жүргүзүү аркылуу;

3) басылма, аудиокөрсөтүү жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таркатуу жолу менен:

4) конституциялык Мыйзамда тыюу салынбаган башка формаларда.

11. Үгүт жүргүзүүгө, бардык үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатууга төмөнкүлөр укуксуз:

-мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар;

- Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо, мамлекеттик саясий кызматтарды ээлеген адамдар;

- жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кошпогондо, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызматтарды ээлеген адамдар;

- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү;
- байкоочулар;
- эл аралык байкоочулар;
- диний уюмдардын өкүлдөрү;
- кайрымдуулук иштери менен алектенген уюмдардын уюштуруучулары жана мүчөлөрү;
- 18 жашка чыга элек адамдар;
- чет өлкөлүк жарандар жана уюмдар;
- жарандыгы жок адамдар.

## 2-глава. ДСМЧ шайлоочуларды үгүттөөнүн өзгөчөлүктөрү

12. Саясий партиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте басылма, аудиокөрүү жана башка үгүт материалдарын чыгарууга жана тарктатууга укуктуу.

Саясий партиялар ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн окуу үчүн ыңгайлуу болгон чоңойтулган тамгалар менен басылган, сурдокоторууну жана субтитрлерди, ошондой эле Брайль тамгаларын пайдалануу менен, үгүт материалдарынын нускасынын жалпы санынын бир пайызынан кем эмес санда үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасынан тышкары жерлерде үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат. Үгүт материалдарынын басылма жана башка нускалары же алардын көчүрмөлөрү Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

### 3-глава. Жалпыга маалымдоо кражаттары жана интернет-басылмалар аркылуу үгүт жүргүзүү формасы

13. Шайлоо алдындагы үгүткө Борбордук шайлоо комиссиясында аккредитештирилген жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалары катышууга укуктуу.

14. Саясий партияларга жалпыга маалымдоо каражаттарына жетүүсүнө бирдей шарттар кепилденет.

15. Саясий партиялар жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн үгүт иштеринин формасын жана мүнөзүн белгилеп алууга укуктуу.

16.Саясий партия үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн берилген телеберүүнү ишке ашыруучу уюмдардын каналдарында үгүт жүргүзүү үчүн берилген эфир убактысын, басылма продукцияны, аянтчаны төмөнкү максаттарга колдонууга укугу жок:

1) саясий партияга каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга;

2) тигил же бул талапкер шайланган учурда мүмкүн болуучу терс натыйжаларды сыпаттоого;

3) кайсы бир саясий партиянын талапкери (кайсы бир талапкерлери) тууралуу маалыматтар көз көрүнөө басымдуулук кылган, терс пикирлер менен коштолгон маалыматтарды таратууга;

4) талапкерге, саясий партияга карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга көмөктөшүүчү маалыматтарды таратууга.

17. Саясий партиянын өкүлүнүн чыгып сүйлөөсүн токтотууга, ошондой эле аны кандайдыр бир комментарийлер менен коштоого тыюу салынат.

18. Кыргыз Республикасынын аймагында таратылуучу чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарында шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө тыюу салынат. Шайлоо өткөрүү мезгилинде чет өлкөлүк теле- жана радио программалар жазылып алынган түрүндө берилет. Талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлердин ар намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген теле- жана радио программаларды жазып алып берүүгө тыюу салынат. Мындай учурларда ушуга окшогон маалыматтарды таратканы үчүн жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттары жоопкерчилик тартышат.

19. Эгерде көрсөтүлгөн адамдар ушул жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмаларынын уюштуруучулары жана бир эле учурда талапкерлер же болбосо конституциялык Мыйзамга ылайык алардын өкүлдөрү болуп саналса, жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларынын журналисттерине, башка чыгармачыл кызматкерлерине, ошондой эле кызмат адамдарына маалыматтык теле- жана радио программаларын алып барууга, ошол жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалары аркылуу шайлоону чагылдырууга катышууга тыюу салынат. Ушул эреже ушул Жободо каралган тартипте мамлекеттик жана жергиликтүү телерадио уюмдарынын мамлекеттик жана жергиликтүү каналдарында көрсөтүлгөн адамдар акысыз обо убактысын пайдаланганда үгүттөп чыгып сүйлөөлөрүнө тиешелүү болбойт.

20. Уюштуруучулары (тең уюштуруучулары, ээлери) мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же аларга ведомстволук баш ийүүдөгү мекемелер жана ишканалар болуп саналган, толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле салык жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдө башка жалпыга маалымдоо каражаттарына салыштырганда жеңилдиктери бар жалпыга маалымдоо каражаттары саясий партияларга шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүдө тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга милдеттүү.

21. Ушул жобонун 28-пунктунун колдонулушуна туура келбеген жалпыга маалымдоо каражаттары саясий партияларга

телерадио уюмдарынын каналдарында эфирдик убакыт берүүнүн, мезгилдүү басылмалардын басма аянттарын берүүнүн тартиби жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын нускамасына ылайык аларга обо убактысын, басма аянттарын келишимдик негизде берүүгө укуктуу.

Эфир убактысын берүүнүн, мезгилдүү басма сөздө жпе интернет-басылмаларда жарыялоо үчүн акы төлөөнүн өлчөмү бардык саясий партиялар үчүн бирдей болууга тийиш.

22. Шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде саясий партиялардын аталышын, эмблемаларын

жана башка символикаларын пайдаланган жарнакты төлөө тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен гана жүргүзүлөт. Добуш берүү күнү жана добуш берүү күнүнөн мурунку күнү мындай жарнакка, анын ичинде шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөнгөн жарнакка жол берилбейт.

23. Шайлоо өткөрүүдө обо убактысына жана басма сөз аянтына же интернет-басылмаларда жарыялоо укугуна акы төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттары жөнүндө маалыматтар тиешелүү телерадио берүү уюму, мезгилдүү басылманын редакциясы, интеренет-басылмалардын ээси тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясына аккредитациялоо максатында шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин 20 календардык күндөн кечиктирбестен берилүүгө тийиш.

Берилген маалыматтар Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жалпыга маалымдоо үчүн шайлоолорду дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 25 күндөн кеч эмес жарыяланат.

24. Катталган талапкерлери көрсөтүлгөн саясий партияларга эфирдик убакыт, басылма орундарын берген же интернет–басылмаларда укук берген телерадио уюмдар, интернет-басылмалар жана мезгилдүү басма сөз редакциялары (менчигинин түрүнө карабастан) ушул жободо белгиленген эсеп жүргүзүүнүн түрүнө жана тиртибине ылайык алардын көлөмү жана баасы тууралуу өзүнчө эсеп жүргүзүүгө милдеттүү. Мындай эсептин маалыматтары шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн ар бир 10 күнүндө жана добуш берүү күнүнөн кийин 10 күндүк мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

### 3.1. Теле көрсөтүү жана радио боюнча шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү

25. Уюштуруучулары (тең уюштуруучулары) мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же аларга ведомстволук баш ийүүдөгү мекемелер жана ишканалар болуп саналган, толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган жалпыга маалымдоо каражаттары, же интернет-басылмалар, ошондой эле салык жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдө башка жалпыга маалымдоо каражаттарына салыштырганда жеңилдиктери бар жана шайлоо өткөрүлүп жаткан аймакта телерадио берүүнү жүзөгө ашыруучу жалпыга маалымдоо каражаттары талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга бул телерадио уюмдарынын каналдарынан акысыз обо убактысын берүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн обо убактысы теле- жана радио программалар аудиториянын көпчүлүгүн чогултуучу - саат 20дан саат 24кө чейинкиге мезгилге туура келиши керек.

26. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюму бөлүп берген акысыз обо убактысынын жалпы көлөмү жумуш күндөрү бир сааттан кем болбоого тийиш. Көрсөтүлгөн акысыз обо убактысы, катталган жана берүүгө келген талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын ортосунда тең негизде бөлүштүрүлөт.

27. Ушул Жобонун 28-пунктунда көрсөтүлгөн телерадио уюмдары, шайлоонун деңгээлине жараша, саясий партиялардын үгүт жүргүзүүсү үчүн акы төлөнүүчү обо убактысынын сактамын калтырууга милдеттүү. Көрсөтүлгөн обо убактысы келишимдин негизинде тиешелүү саясий партиянын талабы боюнча акыга берилүүсү тийиш. Сактамга калтырылган акы төлөнүүчү обо убактысынын жалпы көлөмү акысыз обо убактысынын жалпы көлөмүнөн кем болбошу, ошондой эле акы төлөөнүн өлчөмү бардык саясий партиялар үчүн бирдей болушу керек. Мында ар бир саясий партия катталган обо убактысынын жалпы көлөмүнөн ал көлөмдү саясий партиялардын жалпы санына бөлүштүрүүдөн алынган үлүш чегиндеги убакытты алууга укуктуу.

28. Саясий партияларга берилген акы төлөнүүчү оболук убакыттын баасы шайлоо дайындалган күнгө чейинки 6 ай үчүн алынган баадан ашышы мүмкүн эмес.

29. Саясий партияларга менчигинин түрүнө карабастан обо убактысын берген телерадио уюмдары обо убактысын ошондой эле шартта (баанын, обого чыгуу убактысынын, убакыт

көлөмүнүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка талапкерлерге, саясий партияларга берүүгө милдеттүү.

30. Шайлоо алдындагы үгүткө арналган теле жана радио берүүлөрдүн тартиби, көлөмү жана убактысы телерадио уюмдарынын жетекчилиги менен макулдашуу боюнча шайлоо комиссиялары тарабынан белгиленет жана талапкерлердин, саясий партиялардын ортосунда теңчилик принцибин сактоо менен бөлүштүрүлөт.

31. Борбордук шайлоо комиссиясы чүчүкулак өткөрүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен катталган талапкерлерге, талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партияларга чүчүкулак өткөрүү күнү, убактысы жана орду жөнүндө билдирет жана акысыз эфир убактысын жана басма аянтты алуу үчүн чүчүкулакка катышууга алардан келип түшкөн табыштамаларды каттайт.

Катталган саясий партиялардын шайлоо алдындагы үгүт материалдарын, биргелешкен үгүт иш-чараларын мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз негизде эфирге чыгуу күнүн жана убактысын аныктаган чүчүкулакты тийиштүү телерадио уюмдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен тийиштүү шайлоо комиссиясы өткөрөт. Чүчүкулак талапкерлерди каттоо аяктагандан кийин, бирок добуш берүү күнүнө чейин 25 күндөн кечиктирбестен, ал эми кайталап добуш берүүнү өткөрүү - кайталап добуш берүү дайындалган күндөн бир күн өткөндөн кийин жүргүзүлөт. Чүчүкулактын натыйжалары протокол менен таризделет. Чүчүкулактын натыйжасында аныкталган эфирдик убакытты бөлүштүрүү графиги шайлоо комиссиясынын чечими менен бекитилет жана тийиштүү түрдө мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда жарыяланат.

### 3.2. Айтышууларды уюштуруу жана өткөрүү тартиби

32. Талапкерлеринин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесине жараша шайлоолор өткөрүлүп жаткан аймакта телерадио көрсөтүүлөрдү ишке ашырып жаткан телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз эфир убактысын алуу укугуна ээ. Көрсөтүлгөн эфирдик убакыт теле- жана радио программаларында кыйла көп аудитория топтолгон учурга – 20 сааттан 24 саатка чейин келүүгө тийиш.

Жогорку Кеңештин дептуттарын шайлоого үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюмдары тарабынан бөлүнгөн акысызх эфирдик убакыттын жалпы көлөмү жумушчу күнүндө бир сааттан аз болбоого тийиш. Көрсөтүлгөн акысыз эфирдик убакыт талапкерлеринин тизмесин көрсөткөн, катталган саясий партиялардын ортосунда чүчүкулак тартуу аркылуу тең негизде бөлүштүрүлөт.

Бөлүнгөн акысыз эфирдик убакыттын жалпы көлөмүнүн жармынан көбү айтышууларды же башка ушуга окшош иш-чараларды биргелешип өткөрүү үчүн талапкерлеринин тизмесин көрсөтүшкөн саясий партияларга гана берилет. Акысыз эфирдик убакыттын ушул үлүшүн пайдаланууга бардык саясий партияларга бирдей негизде жол берилет.

Айтышууларды же башка ушуга окшош иш-чараларды биргелешип өткөрүү жалпы улуттук деңгээлде жүргүзүлөт.

Ошондой эле айтышууларды же башка ушуга окшош иш-чараларды биргелешип өткөрүү “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 18-бөлүгүнө жараша аймактык телерадио уюмдарында жүргүзүлүшү мүмкүн.

33. Эгерде телерадиокомпаниялардын орун-жайлары бардык саясий партиялардын өкүлдөрүн бир учурда батыра албаса, айтышуулар бардык саясий партиялар үчүн бир учурда же саясий партиялардын топтору менен өзүнчө өткөрүлүшү мүмкүн. Айтышуулардын катышуучу топторунун курамы чүчүкулак тартуу аркылуу аныкталат.

Катталаган саяий партиялардын кызыкдар колдоо өкүлдөрү жана топтору мындай иш-чарага катышууга жол берилбейт.

34. Бардык саситй партияларга айтышууларды өткөрүүнүн жүрүшүндө чыгып сүйлөө

үчүн бирдей убакыт берилет. Оппоненттерге суроо берүү үчүн жумшалган убакыт да жалпы эсепте эске алынат.

Берилген убакытты пайдаланууну программаны көрүүдө байкаса болот (ар бир телерадио уюмдар таймер коюп, талапкердин убакытсын көрсөтоүп турат). Убакытты эсепке алуу үчүн жоопкерчилик тийиштүү телерадио компанияларга жүктөлөт.

Эгерде талапкер тийиштүү раундга бөлүнгөн убакыттын лимитинен ашып кетсе, убакыттын ошол саны талапкер үчүн бөлүнгөн убакыттын жалпы санынан алынып салынат.

34. Айтышуулар, эреже катары, төмөндөгү компоненттерден турат:

1) саясий партиянын программасын көрсөтүү;

2) суроолдорго жооп берүү;

(Айтышууларда берилүүчү талапкерлер үчүн суроолорду Борбордук шайлоо комиссиясы мөөр басылып чапталган конверттерде жөнөнтөт, алар кошумча түрдө сейф-пакетте жайгаштырылат жана түз эфирде айтышуулардын жүрүшүндө ачылат. Талапкерлер конверттерди суроолору менен тандабай туруп алышат.

Борбордук шайлоо комиссиясы ар бир катышуучуга суроолордун санын бирдей таркатууну эске алуу менен суроолорду бирдей санда даярдайт);

3) спикерлердин бири бирине суроолор (суроолордун саны айтышууга катышып жаткандардын (саясий партиялардын тизмесинен талапкерлердин) санына жараша аныкталат);

4) шайлоочуларга кайрылуу (калган убакыт аны тең бөлүштүрүү менен берилет).

35. Айтышуунун катышуучулары ушул Жобонун 16-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарда эфирдик убакытты пайдаланууга укугу жок.

36. Шайлоо алдындагы айтышуулардын катышуучулары төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- айтышуунун ар бир компонентине бөлүнгөн убакыттын көлөмүнүн регламентин сактоого;
- чыгып сүйлөөнүн лимитинен ашып кетүүгө жол бербөөгө;
- айтышуунун тийиштүү тартибин бузбоого;
- айтышууну этикалык норманын алкагында жүргүзүүгө.

37. Айтышууну өткөрүүнүн тартибин сактоону айтышууну алып баруучу камсыз кылат.

### 3.3 Басылма жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар аркылуу шайлоо алдында үгүт жүргүзүү

38. Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан расмий билдирүүлөрдү жана материалдарды, ченемдик жана башка актыларды жарыялоо үчүн гана уюштурулган басылмаларды кошпогондо, конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 18-бөлүгүнүн колдонулушуна туш келген мезгилдүү басылма жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле интернет-басылмалар саясий партиялар тарабынан берилүүчү материалдар үчүн тең шарттарда А4 өлчөмүндө бир беттен кем эмес басылма аянтын бөлүп берүүгө тийиш. Адистештирилген (балдар, техникалык, илимий жана башка) басма сөз басылмалары үчүн шайлоо өнөктүгүнө кандай гана түрдө болбосун толук катышпаган шартта, кандай гана формада болбосун үгүт материалдарын жарыялоодон баш тартууга жол берилет.

39. Саясий партияларга басма аянттарын берген мезгилдүү басылмалар же интернет-басылмалар менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле шарттарда (баанын, көлөмдүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка саясий партияларга басма аянттарын берүүгө милдеттүү. Мында басма аянтынын баасы шайлоо дайындалган күнгө чейинки 6 ай үчүн алынган баадан ашышы мүмкүн эмес.

40. Мурда шайлоо комиссияларынын имараттарынан жана орун-жайларынан тышкары жерлерде жайгаштырылган үгүт басылма материалдары (баракчалар, плакаттар, билборддор жана башка материалдар) добуш берген күнү мурдагы орундарында тура берет.

## 4-глава. Басылма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таратуу

41. Саясий партиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте басылма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга укуктуу. Үгүт материалдарын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары даярдоого тыюу салынат.

Басылма жана башка үгүт материалдарынын нускалары жана алардын көчүрмөлөрү Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

42. Бардык басылма жана башка үгүт материалдары, басылма үгүт материалдарын даярдаган уюмдун аталышын жана дарегин (адамдардын фамилиясын, атын, атасынын атын жана жашаган жеринин дарегин), үгүт материалдарын даярдоого тапшырык берген адамдын (уюмдун аталышын), фамилиясын, атын, атасынын атын, алардын нускасы жана чыгарылган күнү жөнүндө маалыматты, ошондой эле тапшырык акысын төлөгөн саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн атын, атасынын атын камтышы керек. Көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таратууга тыюу салынат.

Тийиштүү шайлоо фондусунан алдын ала акы төөлөсүз жана ушул беренеде белгиленген талаптарды бузуу менен шайлдоо алдындагы үгүт материалдарын даярдоого жол берилбейт.

43. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары 21-пунктка ылайык үгүт материалдарын илүү үчүн ар бир шайлоо участкасында атайын орундарды бөлүп, жабдууга милдеттүү.

44. Үгүт материалдарын эстеликтерге, эстелик мамыларга жана тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттарга, ошондой эле шайлоо комиссияларынын орун жайларына, алардын кире бериш жерлерине жана добуш берүүчү жайларга жайгаштырууга тыюу салынат.

Эстеликтерге, эстелик мамылар жана тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттар тарыхый-маданий мурастар болуп саналат жана элдин турмушундагы тарыхый окуялар, коомдун жана мамлекеттин өнүгүшү, чыгармачылыктын материалдык жана руханий чыгармалары менен байланышкан. Кыргыз Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын субъекттеринин менчигинде турган тарыхтын жана маданияттын эстеликтери мамлекет тарабынан кайтарылат.

«Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык төмөнкү кыймылсыз жана кыймылдуу (бүтүндөй же белгиленген бөлүгүндө) материалдык тарыхый күбөлөр тарыхый-маданий мурас объекттери катары таанылышы мүмкүн:

1) Кыймылсыздар, анын ичинде:

- тарыхый эстеликтер: элдин турмушундагы эң маанилүү тарыхый окуяларга, коом менен мамлекеттин өнүгүшүнө, илим менен техникага, элдердин маданияты менен турмуш-тиричилигине, ошондой эле республиканын көрүнүктүү ишмерлеринин өмүрүнө байланышкан имараттар, курулуштар, мемориалдык жерлер, тарыхый көрүстөндөр жана мемориалдар;

- археологиялык эстеликтер: үңкүрлөр, конуштар, чалдыбарлар, дөбөлөр, төрткүлдөр, жер үстүндөгү жана суу алдындагы байыркы кыштактардын, чыңдоолордун, чеп курулуштарынын калдыктары, байыркы өндүрүштөр жана кендер, каналдар менен сугат тармактары, жолдор менен көпүрөлөр, айрым коргондор жана көрүстөндөр, аска бетиндеги сүрөттөр жана аска бетиндеги жазуулар;

- шаардык курулуш жана архитектуралык эстеликтер: архитектуралык ансамблдер менен комплекстер, тарыхый борборлор, маалалар, аянттар, көчөлөр, шаарлардын жана башка калктуу пункттардын байыркы пландаштырылыштарынын жана түзүлүштөрүнүн калдыктары, жарандык, өнөр жайлык, аскердик, диний архитектуранын, элдик курулуш өнөрүнүн курулуштары, ошондой эле аларга байланышкан монументалдык, сүрөт, декоративдүү-прикладдык, бак-шактуу парк жана башка исскуство түрлөрүнүн чыгармалары".

45. Үгүт материалдарын жайгаштыруу максатында тигилүү жашыл бак-дарактарды, тоолордун жана жылгалардын беттерин, башка жаратылыш бөксөлөрүн пайдаланууга жол берилбейт.

46. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоонун натыйжалары жарыялангандан кийин 10 календардык күндүн ичинде тиешелүү аймактарда үгүт материалдарынан тазалоону камсыз кылууга милдеттүү.

47. Жалган жасалма үгүт материалдары же болбосо ушул Жобонун 40-пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдары таратылып жатканы жөнүндө

маалымат алган Борбордук шайлоо комиссиясы бул иштерге бөгөт коюу боюнча чараларды көрөт жана укукка каршы үгүт иштерин болтурбоо жана мыйзамсыз үгүт материалдарын алып коюу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү укук коргоо жана башка органдарга кайрылууга укуктуу.

48. Басма үгүт материалдары көрсөтүлгөн обьекттердин менчик ээлеринин макулдугу жана ыйиштүү шартта гана илинет (жабыштырылат, жайгаштырылат).

49. Басылма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын жок кылгандыгы, зыян келтиргендиги жана бузгандыгы үчүн жарандар мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

50. Ушул Жобонун 47-пунктунда көрсөтүлгөн талаптар радио аркылуу жүргүзүлүүчү шайлоо алдындагы үгүт иштерине жайылтылбайт.

## 5-глава. Көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүү аркылуу шайлоо алдындагы үгүттөө

51. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары саясий партияларга чогулуштарды жана жарандар менен жолугушууларды, көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууга көмөк көрсөтүүгө, көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүүнүн коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү.

52. Саясий партиялар шайлоочулар менен чогулуштарды жана жолугушууларды, көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды өткөрүү үчүн жайларды акысыз жана акы төлөп алуу укугуна ээ.

Саясий партиялардын шайлоочулар менен жолугушуу өткөрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык менчиктеги жайларды бөлүп берүү жөнүндө арыздары мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан алар берилген күнү каралат.

Саясий партияга шайлоочулар менен жолугушуу үчүн жай бөлүп берүүдөн баш тартылган учурда, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү жүйөлүү чечимди берүүгө милдеттүү.

Эгерде көрсөтүлгөн жай көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүү үчүн саясий партиялардын бирине берилген учурда, ошол эле жайды башка саясий партияга берүүдөн баш тартууга жол берилбейт.

53. Мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын балансында турган жай саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, алардын ишенимдүү адамдарынын, ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн шайлоочулар менен жолугушуусу үчүн бирдей шартта пайдаланууга берилет.

54. Саясий партиялар көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүү үчүн менчиктин кандай болбосун түрүн келишимдик негизде акыга ижарага алууга да укуктуу. Жайдын менчик ээси тарабынан белгиленүүчү ижара акысынын өлчөмү бардык саясий партиялар үчүн бирдей болууга тийиш жана алар үчүн акы төлөө шайлоо фонддорунун гана жүзөгө ашырылууга тийиш.

55. Митингдер, демонстрациялар аркылуу үгүт жүргүзүүдө саясий партиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген аларды өткөрүүнүн эрежелерин сактоого, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көпчүлүк катышкан иш-чаранын орду, убактысы, катышуучуларынын болжолдонгон саны, маршруту жөнүндө кабарлоого; жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна залал келтирүүчү курал же буюмдар болбоого; үгүт иш-чараларын конституциялык түзүлүштү өзгөртүү, мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу, улуттук жана диний жек көрүүчүлүктү тутандыруу, согушту үгүттөө жана зомбулук жана башка тыюу салынган чакырыктарга чакыруу максатында пайдаланбоого тийиш.

56. Тынч чогулуш өткөргөн убакта анын катышуучулары жана уюштуруучулары мыйзамдын талаптарын жана чогулуштун тынчтык мүнөзүн сактоого милдеттүү.

57. Пландаштырылган тынч чогулушту өткөрүү жөнүндө уюштуруучулардын кабарландыруусу аны өткөрүү күнүнө чейин 30 күндүк мөөнөттөн эрте эмес жана 2 жумушчу

күндөн кеч эмес уюштуруучулар тарабынан жазуу жүзүндө жүзөгө ашырылат. Кабарландыруу кат, телеграмма, телефонограмма түрүндө, почта, факсимилдик, электрондук же башка байланыш аркылуу же болбосо башка ыкмада же формада берилиши мүмкүн.

Кабарландыруу уюштуруучу (уюмдун аталышы жана (же) жарандын фамилиясы, аты, атасынын аты) жана анын байланыш маалыматтары (уюмдун турган жери жана (же) адамдын дареги, телефон номери) тууралуу, өтүүчү орду жана (же) кыймылынын каттамы, датасы жана башталуу жана аяктоо убактысы, максаттары, катышуучуларынын болжолдуу саны жөнүндө, тынч чогулуш өткөрүүдө үн күчөтүүчү аппаратураны же башка нерселерди пайдалануу тууралуу маалыматтарды камтыйт. Тынч чогулуштун уюштуруучусу кабарландыруунун мазмунуна башка маалыматтарды киргизүүгө, ошондой эле ага башка документтерди тиркөөгө укуктуу.

58. Тынч чогулуш өткөрүү жөнүндө кабарландырган адамдар кабарландыруу алынганын талап кылууга, ал эми мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабарландыруу алууда ошол эле күнү жазуу жүзүндө ырастоо берүүгө милдеттүү.

Мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жазуу жүзүндөгү ырастоосу кабарландырууну кабыл алган кызматкердин фамилиясын, атын, атасынын атын жана койгон колун, кабарландыруу түшкөн датаны жана убакытты өзүндө камтуусу тийиш.

59. Тынч чогулуштар Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында өткөрүлүшү мүмкүн. Катышуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында тынч чогулуштар коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүш объекттерине, электрстанцияларына, темир жолдорго, мунай түтүктөрүнө жана электр берүүнүн жогорку чыңалуудагы чубалгыларынын алдына, пенитенциардык тутумдун объекттерине, мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарына, мектепке чейинки балдар мекемелерине, мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарына жакын (100 метрден кем эмес) жерлерде өткөрүлүшү мүмкүн.

## 6-глава. Шайлоо алдындагы үгүт маселелери боюнча шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттери

60. Шайлоо комиссиялары шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышын контролдойт жана кетирилген мүчүлүштөрдү четтетүү боюнча чараларды көрөт.

61. Борбордук шайлоо комиссиясы:

- шайлоо алдындагы үгүткө катышуу үчүн обо убактысын, басылма аянтын берүү үчүн акы төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттары жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалары тарабынан жарыялоонун жана берүүнүн мөөнөттөрү жана эрежелери жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарына өз убагында кабарлайт жана маалымдайт;
- жалпыга маалымдоо каражаттарына жана интернент-басылмаларга шайлоо мыйзамдары жана шайлоо алдындагы үгүткө катышуунун эрежелери боюнча маалыматтык жана консультациялык жардам көрсөтөт;
- жалпыга маалымдоо каражаттарынан жана интернет-басылмалардан келип түшкөн документтерди кабыл алууну жана каттоону жүзөгө ашырат;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү мезгилинде шайлоо алдындагы үгүткө катышуучу жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын тизмелерин Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырат;
- саясий партиялардын шайлоо алдындагы программаларын жарыялайт.

62. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү саясий партиянын шайлоо алдындагы үгүт иш-чараларына катышууга укуктуу.

63. Жалган жасалма үгүт материалдары же болбосо мыйзамда белгиленген маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдары таратылып жатканы жөнүндө маалымат алган шайлоо комиссиясы бул иштерге бөгөт коюу боюнча чараларды көрөт жана укукка каршы үгүт иштерин болтурбоо жана мыйзамсыз үгүт материалдарын алып коюу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү укук коргоо жана башка органдарга кайрылууга укуктуу.

64. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары саясий партияларга чогулуштарды жана жарандар менен жолугушууларды, көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууга көмөк көрсөтүүгө, көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүүнүн коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү.

65. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо алдындагы үгүт иштеринде саясий партияларга бирдей шарт түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

Мында мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкери үгүт жүргүзүүгө, кандай гана болбосун үгүт материалдарын чыгарууга жана тарктуу укугу жок.

66. Үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ренспубликалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жолугушууларды өткөрүүнүн бардык талаптарына жооп берген орун-жайларды, үгүт материалдарын илүү үчүн орун же аянт берүүгө тийиш.

67. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоолор дайындалган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде ар бир шайлоо участкасында үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн атайын орундарды бөлүп берүүгө милдеттүү.

Саясий партиялар үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бирдей шарттар менен камсыз кылынууга тийиш. Үгүт материалдарын жайгаштыруучу жай шайлоочулардын баруусу үчүн ыңгайлуу жана ал жердеги маалыматтар менен шайлоочулар тааныша алгыдай болууга тийиш.

Талапкерлердин тизмесине катталгандарга шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүчү басма материалдарын жайгаштыруусу үчүн бирдей аянт бөлүнүп берилүүгө тийиш. Бөлүнгөн аянт аларга шайлоо комиссияларынын маалыматтык материалдарын жана саясий партиянын басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн жетиштүү болуусу зарыл.

Саясий партия тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясынан шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүчү басылма материалдарын жайгаштыруусу үчүн орун алууга укуктуу.

### 7-глава. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү укугун кыянат пайдалануулардын жол берилбестиги

68. Шайлоо комиссиялары шайлоо алдында үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышын көзөмөлдөйт.

69. Шайлоо алдында үгүт жүргүзүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги кыянат пайдаланууга жол берилбейт, төмөндөгүлөгө тыюу салынат:

- улуттук, этностук, расалык, диндик, аймактар аралык кастыкты, гендердик жана башка социалдык артыкчылыктарды, басмырлоолорго, кастыкка чакырууларды үгүттөөгө;
- бийликти басып алуу, конституциялык түзүлүштү зомбулук менен өзгөртүү жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу чакырыктарга;
- согушту үгүттөөгө;
- башка мамлекеттердин мамлекеттик жана саясий ишмерлеринин сүрөттөрүн пайдалануу менен фото- жана көрмө материалдарды пайдаланууга
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигинен кыянат пайдалануунун башка формаларына.

70. Шайлоо дайындалган учурдан тартып төмөндөгүдөй шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашырууга тыюу салынат:

- шайлоочуларга акча каражаттарын төлөп берүүгө;
- шайлоочуларга белектерди жана башка баалуулуктарды тапшырууга;
- товарларды жеңилдетилген баада сатып өткөрүүнү жүргүзүүгө;
- Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен тизмекке ылайык талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын басылма үгүт материалдарын, алардын эн белгилерин камтыган төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн ороочторду кошпогондо, кандай гана болбосун товарларды бекер таркатууга;

- акысыз же жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүлөргө.

Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси шайлоочулардын добуштарын сатып алгандык үчүн жазык жоопкерчилигин карайт (КР ЖК 192-бер.).

Саясий партиянын жана аткаруучунун ортосунда жазуу жүзүндө жол-жоболонгон эмгек мамилелеринин алкагында аткарылган жумушка талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынан акы төлөө сатып алуу болуп эсептелбейт.

71. Талапкерлер, алардын жакын туугандары, жубайлары, саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз.

"Меценаттык жана соопчулук иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жарандардын жана юридикалык жактардын жарандарга же юридикалык жактарга мүлктү, анын ичинде акча каражаттарын пайда көздөбөй (акысыз же жеңилдетилген шарттарда) берүү, пайда көздөбөй иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүүлөрдү, башка колдоолорду көрсөтүү боюнча ыктыярдуу ишти жүзөгө ашыруулары соопчулук иши деп түшүнүлөт.

Мыйзамдарга ылайык жакын туугандарга төмөнкүлөр кирет: ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энесинин бирөө өгөй ага-инилер жана эже-сиңдилер, чоң ата-таяталар, чоң энелер-таенелер, неберелер.

72 "Кыргыз Республикасындагы юбилейлик иш-чаралар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо алдындагы үч айда жана шайлоо мезгилинде юбилейлик иш-чараларды уюштурууга жол берилбейт.

73. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн же шайлооунун катышуучусу катары катталган саясий партиялар же алардын өкүлдөрү тарабынан аларды идентификациялоого (алардын таандуулугун аныктоо) жол берүүчү саясий партиялардын аталыштарын (толук, кыскартылган же аббревиатураларын), эмблемаларын, төш белгилерин, логотиптерин же алардын мүнөздүү курамдык бөлүктөрүн, желегин, девиздерин, жазууларын жана/же башка атрибуттарын (символикаларын) пайдалануу менен шайлоочуларга маалыматтарды жайылтуу үгүт болуп саналат жана шайлоо дайындалган күндөн тартып жана талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаганга чейинки мезгилде жана добуш берүү башталганга 24 саат калганга чейин жол берилгис.

Саясий партиялардын штабдары жайгашылган имараттарда жана жайларда саясий партиялардын аталыштарын (толук, кыскартылган же аббревиатураларын), эмблемаларын, логотиптерин, төш белгилерин, желегин, девиздерин жана/же башка атрибуттарын (символикаларын) жайгаштыруу шайлоо алдындагы үгүт болуп саналбайт.

74. Саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, башка жактар, шайлоо алдындагы өнөктүктөргө катышууда билип туруп жалган маалыматтарга негизделген жана талапкерлердин тизмесинен киргизилген талапкерлердин, саясий партиялардын абийирине, ар-намысына же ишкер беделине зыян келтирген жарыялоолорго жол берүүгө укуксуз. Мындай жарыялоолорго жол берген жалпыга маалымдоо каражаттары,интернет-басылмалар талапкердин, саясий партиянын талабы боюнча акысыз төгүндөө жарыялоого мүмкүнчүлүк берүүгө же чындыкка ылайык келбеген же аны бурмалаган макалага же билдирүүлөргө түшүндүрмө жарыялоого милдеттүү.

Төгүндөө же түшүндүрмө берүү атайын рубрикада же болбосо жооп берилип жаткан маалымат басылган тилкеде, ошондой арип менен мезгилдүү басылманын кийинки санында, интернет-басылмаларда – төгүндөө же түшүндүрүү келип түшкөн күнү, ал эми телекөрсөтүү же радио боюнча чыгып сүйлөөгө төгүндөө же түшүндүрмө - төгүндөө же түшүндүрмө келип түшкөн күндөн кийинки чыгарылышта берилет.

Төгүндөөнү же башка түшүндүрүүнү жарыялоо үчүн талапкерге, саясий партияга баштапкы маалымат жаряланган сутканын убактысында эфирдик убакыт берилүүгө тийиш, жана анын көлөмү баштапкы маалыматты жарыялоо үчүн берилген эфирдик убакыттын көлөмүнөн кем болбоого, бирок эки минуттан кем эмес болууга тийиш.

75. Саясий партияга шайлоо алдында үгүттөө мөөнөтү бүткөнгө чейин алардын кадыр-баркына зыян келтирген маалыматты жарыяланган жалпыга маалымдоо каражаттарында өзүнүн беделин коргоо иретинде ушул Жобонун 72-пунктунда белгиленген төгүндөө же башка түшүндүрмөлөрдү жарыялоого мүмкүнчүлүк бербегени, ошол жалпыга маалымдоо каражатын Кыргыз Республикасынын майзамдарына ылайык жоопкерчилигине тартуу жана Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитациялоодон ажыратуу үчүн негиз болуп саналышы мүмкүн.

76. Саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет басылмалар тарабынан ушул бөлүмдүн талаптарын бузулган учурда, шайлоо комиссиялары, шайлоочулар, саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу жана күнөөлүү адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартуу жөнүндө укук коргоо органдарына, сотко сунуштама менен кайрылууга укуктуу.

## 8-глава. Шайлоо алдындагы үгүттүн эрежелерин бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчилик

77. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибин сактоону көзөмөлдөйт жана кетирилген мүчүлүштөрдү четтетүү боюнча чараларды кабыл алат. Ушул Жободо көрсөтүлгөн талаптарды саясий партия бузган учурда тийиштүү шайлоо комиссиясы бузуулар жөнүндө ага жазуу жүзүндө эскертүү берүүгө укуктуу. Ушул Жободо белгиленген шайлоо алдындыга үгүт жүргүзүү эрежелерин саясий партия бир нече жолу (эки же андан көп) бузган учурда, тийиштүү шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык аны жоопкерчиликке тартууга укуктуу.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусу (актысы) менен тастыкталган, ушул Жобонун 72-пунктунда көрсөтүлгөн шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежеси бузулган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерлердин тизмесин жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алууга укуктуу.

Ушул Жобонун талаптарын бузуу менен жалган басылма, аудиокөрүү жана башка үгүт материалдарын таркаткан учурда, ошондой эле ушул Жободо белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү тартиби телерадиоберүү уюмдары, мезгилдүү басма сөз редакциялары, интернет-басылмалар тарабынан бузулган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы укукка сыйбаган үгүт иштерине бөгөт коюу, мыйзамсыз үгүт материалдарын алып коюу жана телерадиоберүү уюмдарын, мезгилдүү басма сөз редакцияларын, түйүндүк басылма редакциясын, алардын кызмат адамдарын, ошондой эле башка адамдарды мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартуу боюнча укук коргоо органдарына, сотко, маалыматтык саясат, анын ичинде элекетрондук жана массалык, маалыматтык технологиялар жана байланыш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга сунуштама берүүгө милдеттүү.

78. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежесин сактоо боюнча көзөмөлдү камсыз кылуу максатында Борбордук шайлоо комиссиясы Жумушчу тобун түзөт.

79. Көзөмөлдөө-текшерүү тобу Борбордук шайлоо комиссиясынын жазуу жүзүндөгү тапшырмасы боюнча саясий партиялардын шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнү каржылоонун белгиленген тартибинин сакталышын көзөмөлдөйт.

80. Укук коргоо жана башка органдар укукка сыйбаган үгүт иштерине бөгөт коюуга, шайлоо ардындагы жалган жана мыйзамсыз басылма, аудиокөрүү жана башка үгүт материалдарын даярдоону болтурбоого жана аларды алып коюуга, андай материалдарды даярдагандарды жана ага акы төлөгөн булактарды издеп табуу боюнча чараларды көрүүгө, ошондой эле белгилүү болгон фактылар жана кабыл алынган чаралар жөнүндө токтоосуз түрдө тийиштүү шайлоо комиссияларына маалымдоого милдеттүү.

**№ 1форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнч ашайлоо алдындагы кампания мезгилинде талапкерлердин тизмесин көрсөтүшкөн катталган саясий партияларга**

__________________________________________________________
(телерадиоберүү уюмунун аталышы)

Берилген акысыз эфирдик убакыттын көлөмү тууралуу
**ЖЫЙЫНДЫ МААЛЫМАТТАР**
«___»___________20__-жылдагы абал боюнча

| № к/н | Саясий партиянын аталышы | Шайлоо алдындагы үгүттүн формасы[1] | Эфирге чыгуунун датасы жана убактысы | Иш жүзүндө берилген эфирдик убакыттын көлөмү, мин., сек. | Түзүлгөн келишимдин датасы жана номери |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | Жыйынтыгы[2] | | | | |
| | Баары | | | | |

**Телерадио көрсөтүү уюмунун жетекчиси**

________________________ ____________
(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

**Телерадио көрсөтүү уюмунун башкы бухгалтери**

________________________ ____________
(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

**МО**

[1] Шайлоо алдындагы үгүттүн формасы: айтышуулар, дискуссия, «тегерек стол», интервью, чыгып сүйлөө, телеочерк,видеофильм,мыйзам менен тыюу салынбаган башка формалар

[2] Катталган ар бир саясий партия боюнча толтурулат.

**№ 2 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо алдындагы кампания**

**мезгилинде талапкерлердин тизмесин көрсөтүшкөн катталган саясий партияларга**

________________________________________________

(телерадиоберүү уюмунун аталышы)

берилген, акы төлөнгөн эфирди кубакыттын көлөмү жана баасы тууралуу

**ЖЫЙЫНДЫ МААЛЫМАТТАР**

«___»___________20__ -жылдагы абал боюнча

| № к/н | Саясий партиянын аталышы | Шайлоо алдындагы үгүттүн формасы[1] | Эфирге чыгуунун датасы жана убактысы | Иш жүзүндө берилген эфирдик убакыттын көлөмү, мин., сек. | Иш жүзүндө берилген эфирдик убакыттын баасы | Төлөнгөндүгүн тастыктаган документ (төлөө тапшырыгын датасы, номери) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| Жыйынтыгы[1] | | | | | | |
| Баары | | | | | | |

**Телерадио көрсөтүү уюмунун жетекчиси**

________________________ ____________

(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

**Телерадио көрсөтүү уюмунун башкы бухгалтери**

________________________ ____________

(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

**МО**

[3] Шайлоо алдындагы үгүттүн формасы: айтышуулар, дискуссия, «тегерек стол», интервью, чыгып сүйлөө, телеочерк,видеофильм,мыйзам менен тыюу салынбаган башка формалар

**№ 3 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо алдындагы кампания Мегилинде талапкерлердин тизмесин көрсөтүшкөн катталган саясий партияларга**

______________________________________________

(мезгилдүү басма сөздүн аталышы)

берилген, акысызбасма аянтынынкөлөмүтүуралуу
**ЖЫЙЫНДЫ МААЛЫМАТТАР**

«___»__________20__ -жылдагы абал боюнча

| № к/н | Саясий партиянын аталышы | Шайлоо алдындагы үгүт материалын жарыялоо датасы жана мезгилдүү басма сөздүн номери | Шайлоо алдындагы үгүт материалынын аталышы | Иш жүзүндө берилген басма аянтынын көлөмү, кв. см | Тиражы, нускасы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | Жыйынтыгы[1] | | | | |
| | Баары | | | | |

Мезгилдүү басма сөздүн жетекчиси

________________________ ____________

(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

Мезгилдүү басма сөздүн башкы бухгалтери

________________________ ____________

(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

МО

[4] Катталган ар бирсаясий партия боюнча толтурулат.

**№ 4 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо алдындагы кампания мезгилинде талапкерлердин тизмесин көрсөтүшкөн катталган саясий партияларга**

______________________________________________

(мезгилдүү басма сөздүнаталышы)

берилген, акы төлөнгөн басма аянтынын көлөмү жана басы тууралуу

**ЖЫЙЫНДЫ МААЛЫМАТТАР**

«___»__________20__ -жылдагы абал боюнча

| № п/п | Саясий партиянын аталышы | Шайлоо алдындагы үгүт материалын жарыялоо датасы жана мезгилдүү басма сөздүн номери | Иш жүзүндө берилген басма аянтынын көлөмү, кв. см | Иш жүзүндө берилген басма аянтынын баасы | Тиражы, нускасы | Төлөнгөндүгүн тастыктаган документ (төлөө тапшырыгынын датасы, номери) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 8 |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | Итого [1] | | | | | |
| | Всего | | | | | |

Мезгилдүү басма сөздүнжетекчиси

_______________________ _______________

(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

Мезгилдүү басма сөздүн башкы бухгалтери

_______________________ _______________

(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

М.О.

[5] Катталган ар бир саясий партия боюнча толтурулат.

**№ 5 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо алдындагы кампания Мегилинде талапкерлердин тизмесин көрсөтүшкөн катталган саясий партияларга**

_______________________________________________

(интернет-басылманын аталышы)

берилген, интернент-басылмага шайлоо алдындагы үгүт материалдарын жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн көлөмдөрү жана басы боюнча

**ЖЫЙЫНДЫ МААЛЫМАТТАР**

«___»__________20__ -жылдагы абал боюнча

| № к/н | Саясий партиянын аталышы | Үгүт материалынын түрү | Үгүт материалынын аталышы | Үгүт материалдары жайгаштырылган дата (мезгили) | Жайгаштыруу баасы | Үгүт материалын жайгаштыруунун түйүндүк дареги | Төлөнгөндүгүн тастыктаган документ (төлөө тапшырыгынын датасы, номери) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | Жыйынтыгы[1] | | | | | | |
| | Баары | | | | | | |

Интернет-басылманын жетекчиси

_______________________ _______________

(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

Интернет-басылманын башкы бухгалтер

_______________________ _______________

(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

МО

6 Катталган ар бирсаясий партия боюнча толтурулат

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2015-жылдын 28-июлундагы
№ 92 токтому менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча катталган саясий партиялардын ортосунда чүчүкулак өткөрүүнүн тартиби жөнүндө**

**НУСКАМА**

1. Ушул Нускама Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча катталган саясий партиялардын ортосунда чүчүкулак өткөрүүнүн тартибин жөнгө салат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо саясий партиялардын ортосундагы чүчүкулакты Борбордук шайлоо комиссиясы өткөрөт.

2. Шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча катталган саясий партиялардын ортосундагы чүчүкулак каттоо мөөнөттөрү аяктагандан кийин жана шайлоо бюллетенинин текстин бекиткенге чейин жүргүзүлөт.

3. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) чүчүкулак өткөрүүнүн датасын жана убактысын аныктайт.

4. Борбордук шайлоо комиссиясы чүчүкулак өткөрүүнүн датасы, убактысы жана орду жөнүндө катталган саясий партияларга маалымдайт.

5. Катталган саясий партияларды шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулакка төмөнкүлөр катышат:

-алардын ыйгарым укуктары тиешелүү документтер менен ырасталган катталган саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү (Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан берилген саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн каттоо күбөлүгү жана инсандыгын ырастоочу документ);

-Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү;

-жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо жайды, барабанды, лотторду, башка зарыл атрибуттарды, ошондой эле чүчүкулактын протоколун даярдоо Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратына жүктөлөт.

7. Чүчүкулак төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

-лототрон орнотулат, анда номерлери менен шарик түрүндөгү лоттор жайгаштырылат. Лоттордун саны катталган саясий партиялардын санына дал келүүгө тийиш. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү залда катышып отургандардын ичинен бир адамды чакырат, ал алдын ала бардык катышуучуларга көрсөтүп, номерлери менен шариктерди лототронго салат;

-андан кийин талапкерлердин тизмелерин каттоо тартибинде саясий партиялардын өкүлдөрү чакырылат жана барабан тегеретилет. Саясий партиянын өкүлү лотту алып чыгат жана алып чыккан лотту бардык катышуучуларга көрсөтүп, номерин жарыялайт.

8. Саясий партиянын өкүлү келбеген учурда жок болгондун ордуна залда катышып отургандардын ичинен көз карандысыз адамды (жалпыга маалымдоо каражаттарынын, коомдук бирикмелердин өкүлүн жана башка) чүчүкулак процессине катышуу үчүн чакырууга болот.

9. Чүчүкулактын натыйжалары бардык катышуучуларга жарыяланат.

10. Өткөрүлгөн чүчүкулактын натыйжалары боюнча протокол толтурулат. Протоколдун тиешелүү графаларына чүчүкулакка катышкан саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты жазылат жана анын колу коюлат.

Протокол Борбордук шайлоо комиссиясынын чүчүкулакка катышкан бардык мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

(Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2017-жылдын 7-июлундагы
№ 212 токтому менен бекитилген

**Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) шайлоо комиссиялары карап чыгышынын тартиби жөнүндө**

**ЖОБО**

*(КР Борборшайлоокомунун 2020-жылдын 22-январындагы № 12 токтомунун редакциясына ылайык)*

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоону жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде келип түшкөн шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) шайлоо комиссиялары карап чыгуусу боюнча шайлоо комиссияларынын максаттарын, милдеттерин, ыйгарым укуктарын жана ишинин жана даттануулардын реестрин жүргүзүүнүн тартибин аныктайт.

1.2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – конституциялык Мыйзам), «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – референдум жөнүндө конституциялык Мыйзам, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзам, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын ченемдерине негизденет.

1.3. Бул Жобо төмөнкүлөргө жайылтылбайт:

- мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү, шайлоо комиссияларынын ишин жакшыртуу боюнча жарандардын сунуштамаларын камтыган кайрылууларга;
- конституциялык Мыйзамдын 15-беренесине ылайык шайлоочулардын тизмелери менен тааныштыруу тартибинде берилүүчү шайлоочулардын арыздарына;
- төмөнкүлөр үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык административдик жана жазык жоопкерчилиги каралган аткаруу бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракетине (аракетсиздигине) шайлоо процессинин субъекттеринин арыздарына (даттанууларына).

1.4. Жободо колдонулуучу терминдер:

**шайлоо комиссиялары** – Борбордук шайлоо комиссиясы, аймактык шайлоо комиссиясы, участкалык шайлоо комиссиясы;

Борбордук шайлоо комиссиясы – Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы;

- **жумушчу топ** – аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин арыздарын жана даттанууларын карап чыгуу боюнча жумушчу топ;
- **кызмат адамы** – бийликтин өкүлүнүн функцияларын туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укук боюнча жүзөгө ашыруучу же болбосо мамлекеттик органда же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында, мамлекеттик же муниципалдык мекемелерде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө жана башка аскердик түзүлүштөрүндө уюштуруу-тескөө, административдик-чарбалык, контролдук-текшерүү функцияларын аткаруучу адам, ошондой эле мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын түздөн-түз аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдарында белгиленген мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдар;
- **арыз** – өзүнүн шайлоо укуктарын же башка адамдардын шайлоо укуктарын ишке ашырууга көмөктөшү ү жөнүндө шайлоо процессинин субъектинин өтүнүчүн камтыган жазуу жүзүндөгү, электрондук формадагы кайрылуу же болбосо мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды бузуу, ошондой эле шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана (же) алардын кызмат адамдарынын ишиндеги бузуулар (кемчиликтер) жөнүндө билдирүү;
- **даттануу** – мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана (же) алардын кызмат адамдарынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги), ошондой эле шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) аракеттери (аракетсиздиги) менен өзүнүн бузулган шайлоо укуктарын же мыйзамдуу кызыкчылыктарын же болбосо башка адамдардын бузулган шайлоо укуктарын же мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жөнүндө шайлоо процессинин субъектинин өтүнүчүн камтыган кайрылуу;
- **жамааттык кайрылуу** – эки жана андан ашык жарандын кайрылуусу, жарандардын атынан уюмдун кайрылуусу;
- **электрондук кайрылуу** – Борбордук шайлоо комиссиясынын электрондук почтасынын расмий дарегине келип түшкөн (анын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайты аркылуу берилген), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Жободо белгиленген тартипте каралуучу арыз ээсинин (арызды (даттанууну) берген адамдын) кайрылуусу;
- **шайлоо процессинин субъекттери** (катышуучулары) – шайлоочулар, талапкерлер жана алардын өкүлдөрү, саясий партиялар жана алардын өкүлдөрү, коммерциялык эмес уюмдар жана алардын байкоочулары, «макул» топ жана алардын өкүлдөрү, «каршы» топ жана алардын өкүлдөрү, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;
- **талапкерлердин, саясий партиялардын, «макул» топтордун, «каршы» топтордун өкүлдөрү** – шайлоо комиссияларындагы өкүлдөр, ыйгарым укуктуу өкүлдөр, ишенимдүү адамдар, талапкерлердин, саясий партиялардын байкоочулары.

1.5. Арыздарды (даттанууларды) кароо боюнча шайлоо комиссияларынын иши мыйзамдуулук, маалымдуулук, ачыктык, көзкарандысыздык, коллегиялуулук, адилеттүүлүк, шайлоо процессинин бардык субъекттеринин (катышуучуларынын) теңдештигинин принциптеринде жүзөгө ашырылат.

1.6. Арыздарды (даттанууларды) шайлоо процессинин субъекттери (катышуучулары) берет.

Мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыздар (даттануулар) менен шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрыла алат. Арыздар (даттануулар) жүйөлөштүрүлгөн болууга жана алар негизделген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш.

1.7. Арыздарда (даттанууларда) төмөнкүлөр камтылууга тийиш:
- арыз (даттануу) жөнөтүлүп жаткан шайлоо комиссиясынын аталышы;
- арыз (даттануу) берген адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты (кийинкиси бар болсо);
- ал боюнча жооп жөнөтүлүүгө тийиш болгон арызды (даттанууну) берген адамдын почта дареги, байланышуу маалыматтары;

- болжолдонгон бузуунун маңызы, ага карата арыз (даттануу) берилип жаткан аракет (аракетсиздик);
- арыз (даттануу) берген адамдын талаптары;
- арыз (даттануу) берген адамдын жеке колу жана арызга (даттанууга) кол коюлган дата.

Шайлоо процессинин субъектинин (катышуучусунун) арызы (даттануусу) арыз (даттануу) берген адамдын жүйөлөрүн ырастаган далилдерди тиркөө менен негизделген болууга тийиш.

Шайлоо процессинин субъекттери (катышуучулары) арыздын (даттануунун) формасынын үлгүлөрүн – ушул Жобонун № 1 тиркемесин жетекчиликке алууга тийиш.

1.8. Шайлоо комиссиясына келип түшкөн, анын ичинде электрондук почта аркылуу жана Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайты аркылуу келип түшкөн бардык арыздар (даттануулар) тиешелүү шайлоо комиссиялары тарабынан кириш кат-кабар журналында келип түшкөн күнү милдеттүү түрдө катталууга тийиш.

1.9. Шайлоо укуктарын бузуу жөнүндө арыздарды (даттанууларды) шайлоо процессинин субъекттери (катышуучулары) өздөрүнүн шайлоо укуктары бузулгандыгы жөнүндө өздөрүнө белгилүү болуп калган, чечимдер кабыл алынган, аракеттер (аракетсиздик) жасалган учурдан тартып, бирок 3 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү шайлоо комиссиясына берет.

Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө, анын ичинде тиешелүү протоколдорду бекитүү жөнүндө шайлоо комиссияларынын чечимдерине арыздар (даттануулар) добуш берүүнүн жыйынтыктары белгиленген жана шайлоонун натыйжалары аныкталган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.

Арыз (даттануу) менен кайрылууга мөөнөттү эсептөө жана аны кароо ушул Жобого ылайык чечим кабыл алынган, аракеттер (аракетсиздик) жасалган, арыз (даттануу) келип түшкөн күндөн кийинки күнү башталат.

Шайлоо укуктарын бузуу жөнүндө, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө шайлоо комиссияларынын чечимдерине (протоколуна) арыздар (даттануулар) ушул Жобонун 2-3-бөлүмдөрүнө ылайык берилет жана каралат.

Ыйгарым укугу жок адам тарабынан же болбосо ушул пунктта көрсөтүлгөн арыз (даттануу) берүү мөөнөтүн бузуу менен берилген арызды (даттанууну) шайлоо комиссиялары карабайт жана арызды (даттанууну) берген адамга кароодон баш тартуунун себептерин көрсөтүп, Жумушчу топтун жетекчиси кол коюп, коштогон кат менен үч календардык күндөн кечиктирбестен кайра кайтарылат.

Конституциялык Мыйзамда белгиленген арыз (даттануу) берүү мөөнөттөрү кайрадан калыбына келтирилбейт.

Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөттөрү калыбына келтирилүүгө жатпайт. Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөтү чечим кабыл алынгандан, аракет (аракетсиздик) жасалгандан кийинки күнү башталат. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт.

1.10. Шайлоо процессинин субъекттеринин арыздарын (даттанууларын) кароонун жыйынтыктары боюнча шайлоо комиссияларынын чечимдери мыйзамдуу жана негиздүү болууга тийиш.

Чечим киришүү, сыпаттоо, жүйөлөштүрүү жана резолюциялык бөлүктөрдөн турат.

Шайлоо комиссиялары чечимдин формасынын үлгүсүн – ушул Жобонун № 2 тиркемесин жетекчиликке ала алат.

Чечимдин киришүү бөлүгүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт: чечим чыгарылган убакыт жана орду; чечим чыгарган шайлоо комиссиясынын аталышы; арыз (даттануу) берген адам; чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан орган; жүйө жана билдирилген талап.

Чечимдин сыпаттоо бөлүгү арыз (даттануу) берген адамдын талабын көрсөтүүнү, чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамдын, органдын каршы пикирин камтууга тийиш.

Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) иш боюнча белгиленген фактылар, шайлоо комиссиясынын тыянактары негизделген далилдер жана алар боюнча тигил же бул далилдер кабыл алынган же четке кагылган далилдер;

2) шайлоо комиссиясы жетекчиликке алган мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар;

3) иштин белгиленген жагдайларын юридикалык баалоо;

4) арыздын (даттануунун) негиздүүлүгү жагынан шайлоо комиссиясынын тыянактары.

Шайлоо комиссиясынын чечиминин резолюциялык бөлүгү арызды (даттанууну) канааттандыруу жөнүндө же арызды (даттанууну) канааттандыруудан толугу менен же анын бир бөлүгү жагынан баш тартуу жөнүндө шайлоо комиссиясынын тыянагын, чечимдин маңызын, чечимге даттануу мөөнөтүн жана тартибин көрсөтүүнү камтууга тийиш.

1.11. Шайлоо процессинин субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча чечимдер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдеринде таризделет.

Шайлоо процессинин субъекттеринин арыздарына (даттанууларына) жооптор арыз (даттануу) жөнөтүлгөн формада канааттандырылат.

## 2. Участкалык шайлоо комиссиялары арыздарды (даттанууларды) карап чыгуусу

2.1. Добуш берүү күнүнөн мурунку күнү (добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү), добуш берүү күнү добуш берүү учурундагы бузууларга, ошондой эле шайлоочулардын добуштарын эсептөө учурундагы бузууларга арыздарды (даттанууларды) шайлоо процессинин субъекттери (катышуучулары) өздөрүнүн укуктары бузулгандыгы, чечим кабыл алынгандыгы жөнүндө өздөрүнө белгилүү болуп калган учурдан тартып участкалык шайлоо комиссиясына токтоосуз берет.

Участкалык шайлоо комиссиясы (мындан ары – УШК) добуш берүү күнүнөн мурунку күнү (добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү), добуш берүү күнү добуш берүү учурундагы бузууларга, ошондой эле шайлоочулардын добуштарын эсептөө учурундагы бузууларга арыздарды (даттанууларды) карайт.

Катталгандан кийин арыздар (даттануулар) УШКнын төрагасына берилет.

2.2. Келип түшкөн арыздар (даттануулар) боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын чечимдери ачык добуш берүү менен участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

2.3. «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин 12-13-бөлүктөрүндө, «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 32-беренесинин 12-13-бөлүктөрүндө, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин 17-18-бөлүктөрүндө каралган бардык арыздар (даттануулар) алар келип түшкөндөн кийин дароо каралууга тийиш. Башка арыздарды (даттанууларды) участкалык шайлоо комиссиясы жыйынтыктоочу отурумда добуштарды эсептөөнү жүргүзгөндөн кийин карайт.

Участкалык шайлоо комиссиясы ар бир арызды (даттанууну) кароого жана алардын ар бири боюнча чечим кабыл алууга милдеттүү.

Участкалык шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим арыз (даттануу) менен кайралган адамга, ошондой эле чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамга, органга тез арада берилет.

2.3-1. «Участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы келип түшкөн арыздын (даттануунун) көчүрмөсүн дароо Борбордук шайлоо комиссиясынын тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясындагы системдик администраторуна жөнөтөт, өз кезегинде системдик администратор 24 сааттын ичинде арыздын (даттануунун) сканерленген көчүрмөсүн электрондук почта аркылуу Борбордук шайлоо комиссиясынын жооптуу кызматкерине

Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жайгашкан арыздардын жана даттануулардын Реестрине киргизүү үчүн жөнөтөт.».

2.3-2. Арызды (даттанууну) кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечим Борбордук шайлоо комиссиясына 2.3-1-пункта белгиленген тартипте жөнөтүлөт.

2.4. Добуш берүүнүн жыйынтыктары чыгарылгандан кийин, бардык каралган арыздар (даттануулар) участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан Шайлоочулардын укуктарын бузуу фактылары жөнүндө реестрде чагылдырылууга тийиш, ал башка шайлоо документтери менен бирге жогору турган шайлоо комиссиясына берилет.

Участкалык шайлоо комиссиясынын чечими, аракети (аракетсиздиги) субъектиге (катышуучуга) анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болуп калган учурдан тартып тез арада, бирок 3 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына даттанылышы мүмкүн.

## 3. Аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы арыздарды (даттанууларды) карап чыгуусу

3.1. Аймактык шайлоо комиссиясы төмөнкүлөргө арыздарды (даттанууларды) карайт:

- участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын мүчөлөрүнүн чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине);
- добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын чечимдерине(протоколуна);
- шайлоо процессинин субъекттеринин (катышуучуларынын) чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине).

3.2. Борбордук шайлоо комиссиясы төмөнкүлөргө арыздарды (даттанууларды) карайт:

- аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын мүчөлөрүнүн чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине);
- добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерине (протоколуна);
- шайлоо процессинин субъекттеринин (катышуучуларынын) чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине).

3.3. Арыздарды (даттанууларды) кароо мөөнөттөрү:

Арыздарды (даттанууларды) аймактык шайлоо комиссиясы/ Борбордук шайлоо комиссиясы төмөнкүдөй карайт:

- арыздар (даттануулар) келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө;
- эгерде шайлоону жана референдумду даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат;
- добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн мурунку күнү келип түшкөн арыздар (даттануулар) токтоосуз каралууга тийиш.

3.4. Аймактык шайлоо комиссиясы/ Борбордук шайлоо комиссиясы каттагандан кийин арыздар (даттануулар) тез арада Жумушчу топтун кароосуна берилет.

Жумушчу топ арыздарды (даттанууларды) алдын ала кароону жүзөгө ашырат жана аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын чечиминин долбоорун аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын отурумуна алып чыгат.

Жумушчу топтун чечими сунуштама мүнөзүндө болот, ар бир арызды (даттанууну) аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы маңызы боюнча карайт.

3.5. Жумушчу топтун ишинин тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы бекитүүчү жобо менен жөнгө салынат.

3.6. Арыздарды (даттанууларды) аймактык шайлоо комиссиясы/ Борбордук шайлоо комиссиясы отурумда карайт.

Арызды (даттанууну) кароо күнү, убактысы жана орду жөнүндө төмөнкүлөр милдеттүү тартипте (электрондук почта боюнча, жазуу жүзүндө, телефон байланышы менен) кабарландырылат:

- арыз (даттануу) берген адам жана (же) анын өкүлдөрү;
- чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адам, орган;
- башка таламдаш тараптар жана (же) алардын өкүлдөрү.

Борбордук шайлоо комиссиясынын тиешелүү бөлүмү (аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы) арызды (даттанууну) кароо боюнча отурумга чакырылган ар бир адамга кабарлоо жөнүндө акт түзөт.

3.7. Арызды (даттанууну) кароо учурунда аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы колдо болгон бардык далилдерди изилдөөгө жана аларга баа берүүгө, арызды (даттанууну) берген адамды жана (же) анын өкүлдөрүн, ошондой эле чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамды, органды, ошондой эле зарылчылык болгон учурда башка таламдаш тараптарды же алардын өкүлдөрүн угууга тийиш.

Аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы арызды (даттанууну) карап жаткан учурда арызды (даттанууну) берген адам жана (же) анын өкүлдөрү, ошондой эле чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамдар, органдар далилдерин ырастаган документтерди тиркөө менен өз позициясын билдирүүгө укуктуу.

3.8. Арызды (даттанууну) кароонун натыйжалары боюнча аймактык шайлоо комиссиясы/ Борбордук шайлоо комиссиясы өз ыйгарым укуктарынын алкагында төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл ала алат:

- төмөн турган шайлоо комиссиясынын чечимин күчүндө калтыруу;
- төмөн турган шайлоо комиссиясынын чечимин толугу менен же болбосо анын бир бөлүгүн жокко чыгаруу жана арыздын (даттануунун) маңызы боюнча чечим кабыл алуу;
- аракеттерге (аракетсиздикке) даттануу жөнүндө арызды (даттанууну) канааттандыруудан баш тартуу;
- шайлоо процессинин субъектинин (катышуучусунун) аракеттерин (аракетсиздигин) мыйзамга ылайык эмес деп таануу жөнүндө жана аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамды, органды айрым аракеттерди жасоого милдеттендирүү жөнүндө.

3.9. Аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим боюнча өзгөчө пикири бар же болбосо кабыл алынган чечимге макул болбогон аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө билдирүүгө укуктуу, ал отурумдун протоколунда чагылдырылууга жана ага тиркелүүгө тийиш.

Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн өзгөчө пикири «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесинин 7-бөлүгүндө белгиленген тартипте каралат.

3.10. Аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим тез арада арыз ээсине, ошондой эле чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамга, органга жөнөтүлөт.

Шайлоо комиссияларынын чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) даттанылган учурда чечимдин көчүрмөсү тез арада тиешелүү төмөн турган шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

Арызды (даттанууну) кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимге карата арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимине даттануу чечим чыгарылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко берилет. Аракетсиздикке даттанылган учурда, арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын аракетсиздигине даттанганда аракет көрүү керек болгон күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко берилет.

3.11. Аймактык шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим тез арада Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

Аймактык шайлоо комиссиясы караган бардык арыздар (даттануулар) Шайлоочулардын укуктарын бузуу фактылары жөнүндө реестрде (кагаз нускада, ошондой эле Борбордук шайлоо

комиссиясынын расмий сайтында) чагылдырылууга тийиш, мында Реестрдин кагаз нускасы ар күндөгү негизде Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

Аймактык шайлоо комиссиясынын талапкерлерди каттоо, каттоону жокко чыгаруу жөнүндөгү, талапкерлердин тизмеси, ошондой эле арызды (даттанууну) кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечим каралган даттануулардын тиркемеси менен дароо Борбордук шайлоо комиссиясынын тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясындагы системдик администраторуна жиберилет. Системдик администратор 24 сааттын ичинде чечимдин сканерленген көчүрмөсүн, каралган даттануулардын тиркемеси менен электрондук почта аркылуу Борбордук шайлоо комиссиясынын жооптуу кызматкерине Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жайгашкан арыздардын жана даттануулардын Реестрине киргизүү үчүн жөнөтөт.

3.12. Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим тез арада Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жарыяланат.

## 4. Арыздардын жана даттануулардын электрондук реестри

4.1. Шайлоо комиссияларына келип түшкөн арыздар (даттануулар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалыматтар милдеттүү тартипте Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына Арыздардын жана даттануулардын реестри (мындан ары – электрондук Реестр) бөлүмүнө жайгаштырылат.

4.2. Электрондук Реестр шайлоо комиссияларынын ишинин ачыктыгын, маалымдуулугун камсыз кылуу, шайлоо комиссиялары караган арыздар (даттануулар) жөнүндө шайлоо процессинин субъекттерине (катышуучуларына), ошондой эле бардык таламдаш жактарга маалымдоо максатында Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн.

4.3. Аймактык шайлоо комиссиясында/Борбордук шайлоо комиссиясында катталган бардык арыздар (даттануулар) катталган учурдан тартып беш календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында Арыздар (даттануулар) реестринде чагылдырылат. Участкалык шайлоо комиссияларынын Арыздар (даттануулар) реестри жыйынтыктар чыгарылгандан кийин беш календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында чагылдырылат.

4.4. Электрондук Реестрде төмөнкүдөй маалыматтар камтылат:

- арызды (даттанууну) караган шайлоо комиссиясынын аталышы,
- арыз (даттануу) берген адамдын жана (же) анын өкүлүнүн инициалдары;
- арыз (даттануу) келип түшкөн дата;
- арыздын (даттануунун) кыскача мазмуну;
- арызды (даттанууну) карап чыгуунун натыйжалары боюнча шайлоо комиссиясынын чечими, мында электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну жайгаштырылат, ошондой эле шайлоо комиссиясынын көрсөтүлгөн чечиминин тексти тиркелет;
- эгерде Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими сотко даттанылган болсо, биринчи инстанциядагы соттун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими. Мында мында электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну жайгаштырылат, ошондой эле соттун көрсөтүлгөн чечиминин тексти тиркелет.

## 5. Корутунду жоболор

5.1. Келип түшкөн арыздар (даттануулар) боюнча аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алган бардык чечимдер сактоо үчүн милдеттүү тартипте Борбордук шайлоо комиссиясынын тиешелүү бөлүмүнө берилет.

5.2. Арыздарды (даттанууларды) кароо менен байланышкан материалдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сакталууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2020-жылдын 11-февралындагы
№ 36 токтому менен бекитилген

**Депутаттыкка талапкерлерди тизмеден чыгаруу, шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин кезектүүлүгүн өзгөртүү, депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда бошотуу жана депутаттын бош мандатын ээлөө тартиби жөнүндө**

**ЖОБО**

**Жалпы Жоболор**

**1. Депутаттыкка талапкерлерди тизмеден чыгаруу тартиби**

**2.Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин кезектүүлүгүн өзгөртүү тартиби**

**3. Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда бошотуу тартиби**

**4.Депутаттын бош мандатын ээлөө тартиби**

Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана рефрендум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыгылган.

**Жободо төмөнкүлөр аныкталат:**

- депутаттыкка талапкерлерди тизмеден чыгаруу тартиби;
- шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин кезектүүлүгүн өзгөртүү тартиби;
- депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда бошотуу тартиби;
- депутаттын бош мандатын ээлөө тартиби.

Талапкерде/депутатта жеке өзү арыз берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда анын ыйгарым укуктуу адамы тиешелүү шайлоо комиссиясына талапкердин/депутаттын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн арызын берет.

**1. Депутаттыкка талапкерлерди тизмеден чыгаруу тартиби**

1. Саясий партия тарабынан талапкерлердин тизмесинде көрсөтүлгөн, тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан катталган талапкер добуш берүүдөн кийин депутаттык мандаттар бөлүштүрүлгөнгө чейин талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз менен тиешелүү шайлоо комиссиясына кайрылууга укуктуу.

2. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө **1-форма** боюнча жазуу жүзүндө арыз берет, ал нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө жана талапкер тарабынан жеке жазуу формасында берилүүгө тийиш.

3. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө **1/1-форма** боюнча (шаардык кеңешер үчүн), **1/2-форма** боюнча (айылдык кеңештер үчүн) жеке жазуу формасында жазуу жүзүндө арыз берет.

4. Талапкерде талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө (№1-форма, №1/1-форма, №1/2-форма) жеке өзү арыз берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда саясий партиянын шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу адамы талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө талапкердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн арызын тиешелүү шайлоо комиссиясына берет.

## 2. Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин кезектүүлүгүн өзгөртүү тартиби

5. Талапкерлердин тизмесинде турган талапкер добуш берүүдөн кийин депутаттык мандаттар бөлүштүрүлгөнгө чейин **2-форма** боюнча (кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө талапкердин макулдугун **2/1-форма** тиркөө менен) арыз берет, ошондой эле жогору турган органдын макулдугу жана саясий партиянын аймактык органынын сунуштамасы боюнча талапкерлердин тизмесиндеги анын кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө арыз менен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына кайрылат.

6. Талапкерде талапкерлердин тизмесиндеги анын кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө жеке өзү арыз берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда саясий партиянын ыйгарым укуктуу адамы талапкерлердин тизмесинен анын кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө талапкерлердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн арызын жана макулдугун тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берет.

## 3. Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда бошотуу тартиби

7. Жогорку Кеңештин депутаты депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө **3-форма** боюнча арыз берет, ал жазуу формасында жеке өзү тарабынан берилүүгө тийиш.

8. Талапкерде жеке өзү арыз берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда ыйгарым укуктуу адам ыйгарым укуктарды мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө депутаттын нотариалдык күбөлндүрүлгөн арызын Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

## 4.Депутаттын бош мандатын ээлөө тартиби

9. Бош мандат түзүлгөндө талапкерлердин катталган тизмесинде турган кийинки талапкер төмөндө саналган документтерди жаңылайт жана тиешелүү шайлоо комиссиясына берет:

9.1. Талапкер жөнүндө маалыматтар менен (биографиялык жана башка маалыматтар) толтурулган атайын форманы;

9.2. Иштеген жеринен маалымкатты;

9.3. Паспорттун көчүрмөсүн;

9.4. Соттуулугунун бар/жоктугу жөнүндө маалымкатты.

10. Бош мандат түзүлгөндө саясий партиянын жетектөөчү органы 3 күндүн ичинде кийинки талапкердин (талапкерлердин) каршылык көрсөтүүсү жок болгондо тизмедеги башка талапкерди (талапкерлерди) **4-форма** боюнча көрсөтүүгө укуктуу.

11. Талапкерде жеке өзү аймактык шайлоо комиссиясына арыз берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда арыз нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө жатат.

**№1 форма**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңештин депутатыгына талапкер

___________________________________________
(фамилиясы,аты-жөнү)

___________________________________________
(негизги иштеген жери)

___________________________________________
(жашаган жеринин дареги)

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатыгына саясий партиядан талапкерлердин тизмесинин курамында көрсөтүлгөн**

___________________________________________
(сайсий партиянын аталышы)
___________________________________________

**Талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө**

**АРЫЗ**

Мен,______________________________________________________________
(талапкердин (фамилиясы,аты-жөнү)
«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 65-беренесине ылайык, мени Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына саясий партиядан катталган талапкерлердин тизмесинен чыгарууну өтүнөмүн

______________________________________________________________
(саясий партиянын аталышы)

______________________ ______________________
(кол тамгасы) (датасы)

**КР БШКсына арызды өткөрүп берүүгө**

______________________________________________ ыйгарым укук беремин
(фамилиясы,аты-жөнү)

______________________ ______________________
(кол тамгасы) (датасы)

*КР БШКга жеке өзү арыз берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда толтурулат
*Арыз нотариус тарабынан күбөлөндүрүүгө жатат

**№3 форма**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин депутаты

______________________________________
(фамилиясы,аты-жөнү)

______________________________________
(фракциянын аталышы)

**Ыйгарым укугун мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө**
**Арыз**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 73-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциалык Мыйзамынын 65-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, менин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктарымды мөөнөтүнөн мурда токтотууну өтүнөмүн.

__________________________ __________________________
(кол тамгасы) (датасы)

**КР БШКсына арызды өткөрүп берүүгө**

________________________________________________ ыйгарым укук беремин
(фамилиясы,аты-жөнү)

__________________________ __________________________
(кол тамгасы) (датасы)

*КР БШКга жеке өзү арыз берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда толтурулат, нотариус тарабынан күбөлөндүрүүгө жатат

21.07.2020-ж. кол коюлду.
Офсеттик басма. Офсеттик кагаз 80 г.
Кагаздын өлчөмү 60х84, 1/16
Көлөмү 13 басма табак.
Нускасы 500 даана.
"Глобал Принт" ЖЧК басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.
Текстти даярдоодо жооптулар - Кожокеева М.Д., Жупуева А.С.